137 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда
УДК: 372.881.111.1:37.01(575.2) (043.3)

Чойбекова Нурила Темиркановна

Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштер жана алардын кыргыз тилиндеги эквиваленттери (тарыхый маселелер жана учурдагы абалы)

10.02.20 –тектештирме-тарыхый,
типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш

Илимий жетекчи: филология илимдеринин кандидаты,
доцент. Абдраева Айгүл Төлөковна

Бишкек – 2022

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ..... 4
I БАП. МОДАЛДУУЛУКТУН ЖАЛПЫ ТИЛ ИЛИМИНДЕ, ТҮРКОЛОГИЯДА ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ
1.1. Модалдуулуктун жалпы тил илиминде изилдениши..... 11
1.2. Модалдуулуктун түркологияда изилдениши..... 17
1.3. Модалдуулуктун кыргыз тил илиминде изилдениш абалы.....24
Биринчи бап боюнча жыйынтыктар.....33
II БАП. АНГЛИС, НЕМИС ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРДИ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИН ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА ЫК-МЕТОДДОРУ
2.1. Иштин методологиясы, обьектиси, предмети, ык-методдору.....36
2.2. Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштер жана алардын кыргыз тилиндеги модалдык маани берүүчү этиштердин лексика-грамматикалык классификациясы.....54
2.3. Англис, немис модалдык этиштердин жана кыргыз тилиндеги модалдык сөздөрдүн келип чыгуу жана калыптануу тарыхынан.....69
Экинчи бап боюнча жыйынтыктар.....92
III БАП. АНГЛИС, НЕМИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДУУЛУКТУН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
3.1. Модалдуулукту англис, немис. жана кыргыз тилдериндеги чагылдыруучу каражаттардын жалпы мүнөздөмөсү 197
3.2**.** Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштер жана алардын кыргыз тилиндеги функциялык эквиваленттеринин грамматикалык табияты 114
3.3. Англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштерди изилдөөнүн синхрондук аспектиси.....125
Үчүнчү бап боюнча жыйынтыктар.....151
ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ.....160
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ.....166

КИРИШҮҮ

Теманын актуалдуулугу. Илимий адабияттарда англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштерди изилдөөнүн негизги эки аспектиси белгиленип жүрөт. Атап айтканда, модалдык этиштерди теориялык жана практикалык аспектилерден кароого болот. Изилдөөнүн практикалык өңүтү мектеп окуучуларына жана студенттерге нормативдик грамматиканын алкагындагы модалдык этиштердин грамматикалык табиятын окутуунун прагматикалык жана лингвометодикалык максаты аркылуу шартталган. Бул өңүттө тилде модалдык этиштердин бар экендиги тилдик факт катары көрсөтүлүп, аларды колдонуунун грамматикалык эрежелери түшүндүрүлүп, өздөштүрүү максаты коюлат. Мисалы, англис тилинде этиштердин модалдык этиштер деп аталган тобу бар, аларды “жетишсиз” этиштер деп да аташат, анткени алар жактуу формалардын айрымдарына гана ээ болуп, жаксыз формаларга (инфинитивге, чакчылга жана герундийге) такыр ээ болбойт, ошондуктан алар эч кандай татаал этиштик формаларга ээ эмес: *can, may, must, ought, need”* [Грузинская, Черкасская, 1956: 121]. Ал эми немис тилинде модалдык төмөндөгүдөй этиштер бар – *wollen, müssen, sollen, können, dürfen, mögen, lassen.* Мындай этиштер өз алдынча инфинитив формасындагы этиштер менен айкашуу аркылуу татаал баяндоочту түзүшөт. Алар ээнин (айтуучу тараптын) инфинитив менен туюнтулган кыймыл-аракетке карата мамилесин билдиришет: *ich will turnen, du sollst + gut lernen”* [Беркман, Натанзон, 1957: 120]. Келтирилген бул пикирлер модалдык этиштердин функционалдык-грамматикалык өзгөчөлүктөрүн сыпаттайт.

Теориялык өңүттө бир катар илимий маселелер иликтенет. Биринчиден, мында модалдык этиштер грамматикалык категория катары аныкталат, аларга дефиниция (аныктама) берилет, анткени модалдык этиштер башка этиштерден кескин айырмаланышат; экинчиден, модалдык этиштерди топтоштурулат, ошону менен эле бирге теориялык өңүттө топтордун чегин ажыратуу максаты коюлат. Үчүнчүдөн, модалдык этиштер аркылуу сүйлөөчүнүн позициясы,

дүйнө таанымы, көз карашы, бир сөз менен айтканда, айтылып жаткан вербалдык маалыматка карата мамилеси теориялык өңүттө иликтенет.

Ушул жагдайларды эске алуу менен, изилдөө ишибиздин актуалдуулугун төмөндөгүдөй факторлор аркылуу аныктоого болот. Биринчиден, модалдуулук категориясы - сүйлөм, айтылган пикирдин өзөгүн түзгөн эң негизги предикативдик белгилердин бири катары эсептелет. Башкача айтканда, ал сүйлөөчүнүн айтылып жаткан пикирге карата мамилесин туюнтат. Сүйлөмдүн предикативдик негизги белгилеринин бири катары эсептелген модалдуулук категориясы буга чейин англис, немис жана кыргыз тилдеринин мисалында каралган эмес.

Экинчиден, модалдык этиштер берилип жаткан маалыматта камтылган кыймыл-аракетке карата айтуучунун жеке мамилесин түздөн-түз чагылдыргандыгы, бул мамиленин ар түрдүү болушу (сүйлөөчү үчүн кыймыл-аракеттин мүмкүндүгү, мүмкүн эместиги, кааланганды гы, кааланбагандыгы, ыктымалдуулугу, ыктымалсыздыгы, зарылдыгы, зарыл эместиги, облигатордуулугу, факультативдүүлүгү, реалдуулугу, реалдуу эместиги ж.б.) жогоруда аталган тилдердин материалында биринчи ирет каралып жатат.

Биздин изилдөөбүздүн **актуалдуулугун** шарттаган үчүнчү фактор катары англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштер категориясынын татаалдашкан грамматикалык бөтөнчөлүктөрүнүн алгач ирет изилдөөгө алынышын эсептөөгө болот. Англис тилинин этиштер системасында модалдык этиштердин башка этиштик класстардын баарынан айырмалана тургандыгы алардын жетишсиздиги же кемтиктиги, алардын грамматикалык формалардын бүтүндөй бир катарына (инфинитивге, *-ing* менен аяктаган формага) ээ эместиги жана татаал этиштик формаларды түзүшө албагандыгы аркылуу түшүндүрүлөт [Угарова, 2015:5]. Демек, тандалып алынган теманын актуалдуулугун төмөндөгүдөй бир нече факторлор аныктайт:

1) модалдуулук категориясынын сүйлөм пикирдин өзөгүн түзүү мүмкүнчүлүгү, ойду туюндурууда сүйлөөчүнүн буга болгон мамилесин айкын

билгизе алышы, айтуучунун маалыматка карата алакасын, катышын чагылдырышы;

2) модалдуулуктун англис, немис жана кыргыз тилдериндеги формалдык-семантикалык биримдигин жана айырмалуулугун, булардын кенен жана татаалдашкан номинанттарынын салыштырылып толук изилденбегендиги;

3) үч тилдин модалдуулук каражаттарынын кыргыз тилин алып жүрүүчүлөрдүн менталдуулугунун призмасынан карала электиги;

4) изилдөө зарылдыгы аркылуу шартталган мындай дидактолингвистикалык маселелердин катары так аныктала электиги өңдүү маселелерди бөлүп көрсөтүүгө болот.

Бул изилдөөнүн **актуалдуулугун** аныктаган төртүнчү фактордо англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштерди изилдөөнүн диахрондук жана синхрондук аспектилеринен каралчу маселелер агглютинативдүү кыргыз тилинин материалдарына салыштырылып, анда обочолонгон модалдык топтор дээрлик жок экендиги туурасында тыянак чыгарылат. Бирок аналитикалык англис жана немис тилдеринде модалдык этиштердин жардамы менен чагылдырылган маанилер аглютинативдүү кыргыз тилинде адекваттуу трансформациялана тургандыгын белгилөөгө болот.

Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Илимий иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Манас таануу жана лингвистика институтунун тематикалык планына кирет. Изилдөө изденүүчүнүн демилгелүү иши катары эсептелет.

Изилдөөнүн максаты. Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштерди диахрониялык жана синхрониялык аспектиде кыргыз менталдуулугунун негизинде системалуу салыштырып изилдөө ишибиздин негизги максаты катары эсептелет.

Бул негизги максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй бир катар **милдеттер** коюлду:

1) герман жана кыргыз тилдериндеги тилдик модалдуулуктун жалпы функционалдык-грамматикалык системасындагы модалдык этиштердин классын аныктоонун жана классификациялоонун критерийлерин бөлүп көрсөтүү жана модалдык этиштердин бул классынын чектерин белгилөө;

2) англис, немис жана кыргыз тилдериндеги аныкталган жана классификацияланган модалдык этиштердин келип чыгышын жана калыптануусун диахрониялык өңүттө иликтөө;

3) англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин функционалдык-грамматикалык классын синхрондук өңүттөн изилдөөнүн лингвистикалык-методологиялык негиздерин аныктоо;

4) англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин функционалдык-грамматикалык классынын мазмундук, семантикалык көлөмүн жана буларды түзүп турган семантикалык компоненттерин аныктоо;

5) аталган тилдердеги модалдык этиштердин функционалдык-грамматикалык классына кирген тилдик бирдиктердин синхрондук мазмунун жана колдонулушун талдоого алуу;

6) кыргыз тилинде модалдуулукту туюндуруучу лексика-грамматикалык каражат-бирдиктер менен англис жана немис тилдеринин модалдык этиштеринин ортосундагы семантика-функционалдык жактан дал келүүлөр менен шайкештиктерди аныктоо;

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, биринчи кезекте, кыргыз тил илиминин алкагында модалдуулук категориясынын алгач ирет салыштырма изилдөөнүн объектиси катары алынып жатышы аркылуу түшүндүрүлөт. Тагыраак айтканда, бир жагынан, англис же немис чет тилдеринин, экинчи жагынан, мамлекеттик кыргыз тилинин иште тектештирме планда изилдөөгө алынышы изилдөөнүн илимий жаңылыгын аныктаган негизги аргумент катары каралышы шарт.

Иштин колдонулуу чөйрөсү. Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды англис, немис, кыргыз тилдеринин нормативдүү грамматикалары, лексикология, когнитивдүү лингвистика, салыштырма

типология, контрастивдүү лингвистика курстары боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдалануу болот. Мындан тышкары изилдөө ишинен алынган жыйынтыктарды аталган багыттар боюнча окуу китептерин, пособиелерди, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде сунуштоого болот. Мындан тышкары иштен алынган тыянак-натыйжалар төмөндөгүдөй багыттарда да колдонулушу ыктымал.

Биринчиден, анын жоболору, тыянактары жана тилдик материалдары чет тилдери факультеттеринин студенттери жана магистранттары үчүн англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштерди иликтөө боюнча окуу колдонмосун жазуу үчүн методологиялык негиз болуп бере алат.

Экинчиден, негизги жоболор, тыянактар, тилдик факты-материалдар англис жана немис тилдерин үйрөнүп жаткан чет тилдер факультеттеринин студенттери жана магистранттары үчүн ушундай эле аталыштагы тандоо курстарынын, атайын курстун жалпы теориялык базасы болуп кызмат кыла алат.

Үчүнчүдөн, эмгектин көпчүлүк тыянактары жана материалдары чет тилдер факультеттеринин студенттери жана магистранттары үчүн тилдин модалдык категориялары боюнча же англис жана немис тилдеринин тарыхый өнүгүшүн модалдык этиштердин материалында иликтөө боюнча дипломдук иштерди жана магистрлик диссертацияларды жазуу учурунда өз пайдасын тийгизет.

Коргоого коюлуучу жоболор:

1. Модалдык этиштер англис, немис тилдеринин калыптануу процессинде өз алдынча пайда болгон “стихиялуу” жаралууну жемиши эмес. Тескерисинче, айтылып жаткан маалыматка, кептин предметине карата сүйлөөчүнүн мамилесин ачык жана айкын чагылдырууга умтулган максаттуу аракетинин продуктысы болуп саналат. Башкача айтканда, модалдык этиштер тилдик системанын объективдүү категориясы катары бардык тилдер үчүн универсалдуу тилдик кубулуш катары каралышы шарт.

2. Сүйлөөчү тарабынан артефакттык негизделүүнүн натыйжасында герман модалдык этиштери ырааттуу түрдө, эң аз дегенде үч кылым ичинде калыптанган, анткени англис жана немис модалдык этиштеринин өнүгүшүнө татаал тилдик грамматикалык категориялар жана семантикалык кубулуштар тарабынан дайыма консервативдик каршылыктар болгон. Бул учурда сүйлөөчү чагылдырган негизги артефакттык түшүнүктүк-маанилик кубулуштар болуп “жөндөмдүү” (жөндөмдүүлүк), “милдеттүү” (милдеттүүлүк) жана “каалайт” (каалоо) модалдык элементтер саналган.

3. Англис, немис жана кыргыз модалдык этиштер системасынын азыркы синхрондук абалы бул модалдык системалардын көпчүлүк учурларда дал келбөөсүн жана бири-биринен айырмаланышын көрсөтүп турат. Мындай дал келбөөлөр жана шайкеш эместиктер, биринчи кезекте, модалдык этиштердин тилдик каражаттар аркылуу туюндурулушунда, б.а., алардын структуралык-грамматикалык турпатында ачык байкалат. Англис жана немис тилдеринде диахрониялык айырмачылыктарга ээ болгон модалдык этиштер алар камтылган жалпы тилдик системалар менен бирге диаметралдык карама-каршы багыттарда: англис тилинде грамматикалык структуранын аналитикалуулугу багытында, ал эми немис тилинде грамматикалык структуранын флективдүүлүгү багытында өнүккөн.

4. Башка түрк тилдериндей эле (маселен, татар тили) кыргыз тилинде айрым модалдык сөздөр (*ырас, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, имиш, дейм*) кээ бир учурларда модалдык маанилерди туюндурса, айрым учурларда өздөрүнүн негизги маанилеринде колдонулат. Мындай жагдай кыргыз тил илиминде сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү принциптерине байланыштуу бир катар маселелер бар экендигин айгинилейт.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. Автордун бул ишти аткарууда, биринчиден, орус, кыргыз, англис, немис тилдериндеги тиешелүү илимий адабияттарга герман модалдык этиштеринин буга чейин тиешелүү илимий деңгээлде ачып берилбеген маселелерди аныктоо максатында теориялык-

обзордук илимий анализ жүргүзүүсү, экинчиден, англис тилдүү жана немис тилдүү авторлордун көркөм чыгармаларындагы модалдык этиштердин тилдик материалдарын жыйнап, иреттеп, чечмелеп берүүсү жана үчүнчүдөн, талданып жаткан англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштер системаларын классификациялап, жалпылап жана салыштырып, сыпаттап, кыргызчалап которуусу автордун жеке салымы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы жана жарыяланышы. Эмгектин апробациясы төмөнкүдөй жүргүзүлдү: автор И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окутуучулук-профессордук курамынын илимий-практикалык конференцияларында (2014-2018-жж.), Ж.Баласагын атындагы КУУнун окутуучулук-профессордук курамынын илимий-практикалык конференцияларында (2015-2018-жж.), К.Карасаев атындагы БГУда өткөн немис тили мугалимдеринин жылдык съездинде (апрель, 2017-ж.) жана Б.Н.Ельцин атындагы КОСУда өткөн англис тили мугалимдеринин Альхкед президиумунун отурумунда (июль, 2017-ж.) изилдөөнүн негизги жоболору боюнча баяндама жасаган.Изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын чагылдырган 12 макала жарыяланып, анын ичинде РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү басылмаларда 8 макала жарык көрдү.

Диссертациялык темага тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:

1. Чойбекова, Н.Т. Англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин тарыхый маселелери жана азыркы абалы [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2018. – № 4. – С. 143-146. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36605272

2. Чойбекова, Н.Т. Англис жана немец тилдеринин «мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына жана «жөндөмдүү» таяныч маанисине ээ болгон функционалдык-семантикалык тобунун модалдык этиштери [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Известия вузов Кыргызстана. – 2018. – №4. – С. 138-142 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36605271

3. Чойбекова, Н.Т. Англис жана немец тилдериндеги модалдык этиштерди класстарга бөлүштүрүүнүн аткаруу критерийлери [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №7. – С 218-222. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36575303

4. Чойбекова, Н.Т. Англис жана немец тилдеринин «каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине ээ болгон функционалдык-семантикалык тобунун модалдык этиштери [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. - №7. – С. 209-213. https://elibrary.ru/item.asp?id=36575301

5. Чойбекова, Н.Т. Герман тилдеринде модалдык этиштердин өнүгүү мезгилдери [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №12. – С. 295-298. https://elibrary.ru/item.asp?id=45653854

6. Чойбекова, Н. Т. Англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин кыргыз тилинде берилиши [Текст] / Н. Т. Чойбекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2020. – № 12. – Р. 289-294. https://elibrary.ru/item.asp?id=45653853

7. Чойбекова, Н.Т. Модальные глаголы английского языка [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Вестник КГУ им. Арабаева -2015–№2.-С. 209-212. http://jarchy.arabaev.kg/

8. Чойбекова, Н.Т. Кыргыз тилиндеги модалдуулук категориясы жана аны берүүнүн каражаттары [Текст] / Н. Т. Чойбекова // Кыргыз Билим Берүү Академиясынын Кабарлары – 2019. – № 2.(48) – С. 181-185. ISSN 1026-9045 http//izvestia.kao.kg/

9. Чойбекова, Н.Т. Англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин келип чыгуу жана калыптануу тарыхынын маселелери [Текст] / Н.Т.Чойбекова // Вестник БГУ 2018. - №4. – С. 78-80. https://elibrary.ru/item.asp?id=44612589

10. Чойбекова, Н. Т. Англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин азыркы абалын лингвистикалык изилдөөнүн лингвистикалык-методологиялык негиздери [Текст] / Н. Т. Чойбекова // Вестник Бишкекского

гуманитарного университета. – 2018. – № 4(46). – P. 84-86. https://elibrary.ru/item.asp?id=44612591

11. Чойбекова, Н. Т. Модалдуулуктун жалпы тил илиминде изилдениши [Текст] / Н. Т. Чойбекова // Alatoo Academic Studies. – 2021. – № 2. – P. 272-279. https://elibrary.ru/item.asp?id=46239246

12. Чойбекова, Н. Т. Модалдуулуктун лингвистикалык түркологияда изилдениши [Текст] / Н. Т. Чойбекова // Alatoo Academic Studies. – 2021. – № 2. – P. 280-287. https://elibrary.ru/item.asp?id=46239247

Иштин түзүлүшү. Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 178 бетти түзөт.

I БАП.
МОДАЛДУУЛУКТУ ТУЮНДУРУУЧУ КАРАЖАТТАРДЫН СЕМАНТИКА-ФУНКЦИОНАЛДЫК ТАБИЯТЫНЫН ЖАЛПЫ ТИЛ ИЛИМИНДЕ, ЛИНГВИСТИКАЛЫК ТҮРКОЛОГИЯДА ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

1.1. Модалдуулуктун жалпы тил илиминде изилдениши

Модалдуулук категориясы жалпы тил илими жаатындагы татаал, карама-каршы көз караш-пикирлерди жараткан маселе катары сыпатталып келет. Ошондой болсо дагы жалпы тил илиминде модалдуулуктун изилденишине байланыштуу басымдуу көпчүлүк окумушутуулар үчүн орток пикирлер, илимий-теориялык жол-жоболор, көз караштар бар экендиги талашсыз. Мындай жалпы көз караш-пикирлер, тыянак-корутундулар универсалдуу мүнөзгө ээ экендигине карабастан, ар бир конкреттүү тилде модалдуулуктун туюндурулушунун спецификалык каражаттары бар экендигин эске алуу керек.

Жогоруда сөз болгондой, жалпы тил илими жаатында модалдуулуктун изилденишинин узак мезгилди камтыган өзүнүн тарыхы бар. Модалдуулук категориясы кайсы өңүттөн каралып жаткандыгына байланыштуу ага карата бири экинчисин танган, карама-каршы, парадоксалдуу көз караштар жаралгандыгы тил илиминин тарыхынан белгилүү. Анткени модалдуулук категориясы толук калыптанып, XX кылымдын 50-жылдарынан тартып, атайын изилдөөлөрдүн объектисине айлана электе эле, сүйлөмдүн теориясынын алкагында, бир жагынан, синтаксистик, экинчи жагынан, логика-грамматикалык категория катары каралып келген. Тагыраагы, сөз болуп жаткан категория сүйлөм мүчөлөрүнүн логикалык жана грамматикалык мүнөздөмөлөрүнүн, ошондой эле ой жүгүртүү, салыштыруу, тыянак чыгаруу

өңдүү логикалык категориялардын алкагында да каралган. Бирок логикалык анализдин принциптери менен методдору тилдик формалардын классификацияланышына толук негиз боло албастыгынан улам, тил илиминде тилди изилдөөнүн психологиялык, формалдуу, грамматикалык жана структуралык принциптери калыптана баштаган.

Тагыраак айтканда, XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып тил илиминде В. фон Гумболдт тилдин социалдык, психологиялык табиятына карата айтылган философиялык концепцияларынын таасири астында тил илиминде психологиялык багыт өнүгө баштаган. Окумуштуулар Х. Штейнталь, А. Потебня аталган багыттын жана башка көрүнүктүү өкүлдөрү тилди жеке адамдын, ошондой эле жалпы элдин психологиялык абалы менен ишмердигинин феномени катары түшүндүрүшкөн. Башкача айтканда, тил илиминде тилдеги логикалык концепцияга психологиялык концепцияны каршы коюу жана психологиялык түшүнүктөр менен терминдерди тилге карата колдонуу тенденциясы пайда болгон.

XX кылымдын биринчи жарымынан тарта лингвистикалык психологизм агымынын ордун тилдеги социологиялык, формалдуу грамматикалык жана структурализм багыттары ээлеп, младограмматисттердин индивидуалисттик психологизм концепциясы сынга алына баштайт. Тил илиминдеги сөз болуп жаткан социологиялык багыттын негиздөөчүсү, XX кылымдын улуу тилчи - окумуштуусу Ф. де Соссюрдун илимий концепциясында тилдин маңызы менен табияты тереңирээк түшүндүрүлүп, көптөгөн өзөктүү теориялык проблемалардын башы ачылган. Маселен, тилдеги системдүүлүк, тилдин белгилик табияты, тилдин өнүгүүсүнүн жана кызмат аткаруусунун ички мыйзамдарын чагылдырган тил менен кептин, диахрония менен синхрониянын, парадигматика менен синтагматиканын өз ара карым-катышы өңдүү концептуалдуу, масштабдуу маселелер ар тараптуу изилдене баштаган.

Ушул маселелердин тутумунда модалдуулук категориясы сүйлөмдүн негизги белгилеринин бири катары синтаксистик, логика-психологиялык категория катары каралып келгендиги талашсыз. Ошондой болсо дагы,

жогоруда сөз болгондой, модалдуулук өз алдынча категория катары XX кылымдын 50-жылдарынан тарта ар тараптуу атайын изилдөөлөрдүн объектисине айланган. Модалдуулуктун табиятынын татаалдыгы бирин экинчиси танган, карама-каршы көз караштардын келип чыгуусуна негиз болгон.

Маселен, Ш. Баллинин (1955) көз карашында модалдуулук, биринчи кезекте, модалдык этиштер аркылуу туюндурулган синтаксистик категория катары эсептелет. Окумуштуу модалдуулукту кеңири мааниде түшүндүрүү менен, аны сүйлөмдүн “жаны” катары мүнөздөп, модалдык маанилердин катарына модалдык этиштер, ыңгайлар, интонация, модалдык жесттер, мимика, сырдык сөздөр ж.б. каражаттар аркылуу туюндурулган ойлом, сезим, эрк өңдүү категориялардын ар кандай оттенокторун киргизген.

Кийин Ш. Баллинин көз карашына таянуу менен, бир катар орус окумуштуулары өз изилдөөлөрүндө модалдык маанинин негизин түзүп турган белги катары айтымдын коммуникативдик формасын бөлүп көрсөтүшкөн. Маселен, Т.Б. Алисова (1969) коммуникативдик жана субъективдүү-баалоочулук (субъективно-оценочная) модалдуулук деп бөлүп караса, Э. Бенвенист модалдуулуктун формалары сүйлөөчүнүн негизги позицияларын туюндуруучу буйрук, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр аркылуу реализацияланары туурасында пикирин сунуштаган. Мындан тышкары орус тил илиминде модалдуулук категориясы жана аны туюндуруучу каражаттар А.А. Шахматов, А.М. Пешковский, В.В. Виноградов, В.З. Панфилов, Г.А. Золотова, Т.М. Ломтева, О.Л .Кочеткова өңдүү окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган. Ошондой болсо дагы модалдуулук категориясын ар тараптуу, кенен изилдөөгө алган окумуштуулардын сап башында академик В.В. Виноградов тургандыгы белгилүү.

В. В. Виноградов модалдык маанилерди туюнтуунун морфологиялык, синтаксистик, лексикалык, интонациялык (үндүк) каражаттарын аныктап, аларды төмөнкүдөй негиздеген: «Азыркы орус тилинде модалдуулук категориясы ар түрдүү каражаттар менен берилет, бул учурда бул категорияны

туюнтуу ыкмаларынын айырмачылыктары анын синтаксистик-семантикалык функцияларындагы, функциялык-синтаксистик табиятындагы ички айырмачылыктарга жарым-жартылай байланыштуу» (Виноградов, 1975, 58). Ал эми И.Р. Гальперин модалдуулукту “аракеттеги тилге” б.а., кептин, коммуникативдик процесстин маңызын аныктаган категория катары мүнөздөйт.

Модалдуулук боюнча жүргүзүлгөн айрым изилдөөлөрдө сөз болуп жаткан категория тар мааниде чечмеленип жүрөт. Маселен, В.З. Панфилов (1977) модалдуулукту сүйлөмдө камтылган мазмундун чындыкка болгон катышы катары аныктаган [В.З. Панфилов, 1977]. Айрым окумуштуулар, маселен, Г.А. Золотова модалдуулукту айтымдагы чындыкка болгон реалдуу жана ирреалдуу мамиленин карама-каршылыгы катары түшүндүрөт [Г.А. Золотова, 1962]. Окумуштуулардын көпчүлүгү модалдуулукту айтымдын мазмунунун чындыкка болгон катышы, б.а., айтымдын субъектисинин аракетке, айтым аркылуу экспликацияланган мазмунга болгон мамилеси катары аныкташа тургандыгы бир ооздон белгиленип жүрөт. Мындай орток пикир А.В. Бондарко (1990), М. Грелла (1973), Г.А. Золотова (1962), В.З. Панфилов (1977) өңдүү окумуштуулардын эмгектеринде орун алган. Ал эми соңку изилдөөлөрдө деле модалдуулук сүйлөмдүн жаралышынын логика-грамматикалык деңгээлинде жайынча баяндоодон тартып эмоционалдуу-экспрессивдүү модалдык маанилерине чейин туюндуруу менен, сүйлөмдү сүйлөм кылып турган негизги категория катары мүнөздөлөт да, объективдүү жана субъективдүү модалдуулук деп экиге бөлүнүп каралат. Ошону менен эле бирге модалдуулук грамматикалык жаткан уюшулган сүйлөмгө гана мүнөздүү болбостон, ал логикалык ойломдун жаралуусун коштогон объективдүү категория катары да сыпатталат.

В.З. Панфиловдун пикиринде, объективдүү модалдуулук адамдын таанып билүү актысы багытталган тигил же бул кырдаалдагы зарыл объективдүү байланыштарды туюндурган бардык айтымга мүнөздүү белги катары түшүндүрүлгөн. Ал эми субъективдүү модалдуулук айтуучу тараптан тигил же

бул кырдаал-жагдайга, баяндоонун объектисине карата берилген бааны чагылдырат.

Башкача айтканда, субъективдүү модалдуулук айтылып жаткан ойдун чындыкка болгон шайкештигин туюндурат. Баса белгилей кетчү жагдай, модалдуулук категориясы эмоционалдуу-экспрессивдүү реакциялардын туюндурулуш формалары менен чектешкен, аралашкан жагдайлар көп кездешет. Бул жагдайда В. В. Виноградов тигил же бул объектиге карата адамдын реакцияларын туюундуруунун эмоционалдык формалары менен айтымдын чындыкка болгон катышына карата берилген модалдык баанын өз ара тыгыз карым-катышка ээ экендигин, ошондой болсо дагы булардын ортосундагы принципиалдуу айырмачылыктарды көрсөтүү зарылдыгын белгилеген.

Маселен, Н.Ю. Шведова (1960) айтылып жаткан ойго карата туюндурулган эмоционалдык мамилени модалдуулук катары эсептейт. Ал эми Н.С. Валгина (2003) айтылып жаткан ойго карата эмоционалдык-экспрессивдик мамилени модалдык мамиледен бөлүп кароо керектигин белгилейт. Ушул жагдайдан улам, окумуштуулар тарабынан модалдуулук түшүнүгүн чегин так ажыратуу аракети көрүлүп келген. Маселен, Г.А. Золотова (1962) модалдуулук түшүнүгүн айтылып жаткан ойдун чындыкка шайкеш келиши же келбешине байланыштуу ага карата мамилени үчкө болүп карайт: биринчиси – айтуучунун позициясынан алганда, айтымдын мазмунунун чындыкка болгон мамиле-катышы; экинчиси – айтымдын мазмунуна болгон мамиле; үчүнчүсү – субъект менен предикативдик белгинин ортосундагы мамиле. Демек, модалдуулук, бир жагынан, логика-философиялык, психологиялык, экинчи жагынан, грамматикалык түшүнүк катары окумуштуулар арасында талаш жараткан функционалдык-семантикалык түшүнүк катары жашап келет. Андыктан модалдуулук категориясынын окумуштуулардын ортосунда талаш жараткан өзөктүү маселелердин катарына төмөндөгүлөрдү киргизүүгө болот.

Карама-каршы, талаш пикирлерди жараткан биринчи маселе – бул модалдуулукту сүйлөмдүн негизги грамматикалык белгиси катары кароо же

карабоого байланыштуу проблема. Б.а., окумуштуулардын бир тобу модалдуулукту сүйлөмдүн негизги, туруктуу белгиси катары караса, экинчи топ модалдуулук категориясын сүйлөмдүн негизги белгилеринин бири катары эсептебейт.

Изилдөөчүлөр арасында полемика жараткан экинчи маселе катары модалдуулук категориясынын айтымдын мазмунунун объективдүү чындыкка карата болгон катыштык маанисине ээ же ээ эместигине байланыштуу. Маселен, айрым окумуштуулар айтымдын мазмунунун объективдүү чындыкка, модалдуулукка катышы бар дешсе, кээ бир окумуштуулар предикативдүүлүккө, ал эми үчүнчү топтогу окумуштуулар модалдуулукка да, предикативдүүлүккө да катышы бар деген пикирди тутунушат. Үчүнчү топтогу окумуштуулар модалдуулукту предикативдүүлүккө багындыруу менен, анын туюндурулушунун каражаты катары мүнөздөшөт.

Жалпы тил илими жаатында бир жактуу каралбаган үчүнчү маселе, модалдуулукту синтаксистик категория катары же аны логика-грамматикалык категория катары кароо боюнча келип чыккан. Тагыраак айтканда, айрым окумуштуулар модалдуулукту синтаксистик категория катары карашса, айрымдары логика-грамматикалык категория катары эсептешет.

Эки жактуу каралган өзөктүү төртүнчү маселе тилдик модалдуулук менен логикалык модалдуулукка байланыштуу келип чыккан. Анткени айрым изилдөөчүлөр аталган категорияларды эки башка, айрымдары бир эле түшүнүк катары карашат.

Жыйынтыктап айтканда, жалпы тил илими жаатындагы илимий адабияттарга сереп салуу менен, модалдуулук түшүнүгүнө карата ар тараптуу, көп кырдуу, бири-биринен кескин айырмаланган көз караш-пикирлер, концепциялар айтылып келгендигин көрүүгө болот. Айрым окумуштуулар модалдуулук категориясын тигил же бул объектиге карата жеке-субъективдүү баалоо менен байланышпаган гносеологиялык түшүнүк катары мүнөздөшсө, айрымдары модалдуулук категориясында субъективдүү баалоо мааниси туюндурулаарын айтышат.

Жалпы тил илиминде мындай эки ача, кайчы пикирлер менен катар эле окумуштуулар арасында орток, жалпы пикирлер да жок эмес. Маселен, бардык окумуштуулар модалдуулук айтымдагы реалдуулук менен ирреалдуулуктун туюндурулушун өзүнө камтыган татаал, функционалдык-семантикалык категория катары карашат. Бир сөз менен айтканда, модалдуулук категориясы тил илиминде ар тараптуу изилдөөнү талап кылган психолингвистикалык, логика-грамматикалык объект катары түрдүү көз караштарды жаратып келген. Ал эми модалдуулуктун ар башка тилдердин материалында каралышы да соңку мезгилдерде изилдөөчүлөрдүн арасында кызыгууну пайда кылып, бул багытта жаңы изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Анткени ар бир тил өз алдынча, кайталангыс, индивидуалдуу болгондуктан, ар бир тилдин модалдуулукту туюндуруучу өзүнүн лексикалык жана грамматикалык каражаттары бар. Андыктан ар башка тилдердеги мындай тил каражаттарын салыштыруу багытында изилдөөлөрдү жүргүзүү салыштырылып жаткан тилдердин табиятын, ошону менен эле бирге модалдуулук категориясын тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө болору талашсыз.

1.2 Модалдуулуктун лингвистикалык түркологияда изилдениши

Модалдуулук ар бир тилде объективдүү жашап келаткан татаал, көп кырдуу түшүнүк катары жалпы тил илиминде өзүнүн изилденүү тарыхына ээ экендиги туурасында мындан мурунку параграфта сөз болду. Жалпы тил илиминдегидей эле лингвистикалык түркология жаатында модалдуулук категориясы атайын, ар тараптуу изилдөөлөрдүн объектисине XX кылымдын биринчи жарымынан тартып айлана баштаган. Сөз болуп жаткан жаатта атайын изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын сап башында А.Н.Кононов, Н.А. Баскаков, Н.А. Дмитриев, А.А. Юлдашев, Н.К. Агадзе, З.А. Будагова, Д.Г. Тумашева, М.З. Закиев, М.Ф. Зайнулин, Ф.М. Хисамова, Ф.Ю. Юсупов, Ч.М. Харисова, Р.Г .Минниахметов, И.Ф. Хайрулина өндүү изилдөөчүлөр турат.

Мындан тышкары көптөгөн түркологдор модалдуулук маселесине түз же кыйыр түрдө изилдөө жүргүзүшкөнү менен, жалпы түркологияда модалдуулук категориясынын өзөктүү маселелери боюнча бирдиктүү пикирлер жок. Маселен, модалдуулукка түздөн-түз байланышкан толук изилденип бүтө элек фундаменталдуу маселелердин катарына тил жана ойлоо, ойлом жана сүйлөм, объективдүү жана сүбъективдүү модалдуулук, модалдуулук жана предикативдүүлүк ж.б. проблемаларды киргизүүгө болот. Линвистикалык түркология жаатында изилдөөлөрдүн негизги багыттарынын бири катары тигил же бул конкреттүү тилде модалдуулукту туюндуруучу тилдик каражат-бирдиктерди изилдөө багытын бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткени модалдуулук тилдик иерархиянын бардык деңгээлдери, атап айтканда, фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттар аркылуу туюндурула тургандыгы белгилүү.

Казак тил илиминде «сүйлөмдүн модалдуулугу – кептин мазмунунун чындыкка карата мамилесин көрсөтүүсү» деп түшүнүү кабыл алынган. Сүйлөмдүн модалдуулугу сүйлөм тууралуу билимге байланыштуу негизги маселелердин бири болуп эсептелет, – деп белгилейт Е. Н. Жанпеисов (Жанпеисов, 1958).

Түрк тилдеринде модалдуулукту туюнткан каражаттар тууралуу лингвистикалык адабияттарды изилдеп окууда ар кандай көз караштар бар экендигин көрүүгө болот жана түрк тилдеринде модалдуулукту туюнтуунун лексикалык, морфологиялык, синтаксистик ыкмаларын аныктайт. Лексикалык ыкмага ал киринди сөздөр, каратма сөздөр, сырдык сөздөр, морфологиялык ыкмага этиштин ыңгай, чак формалары, этиштин «*дыр*», «*миш*» менен аяктаган модалдык формалары жана модалдык бөлүкчөлөр, ал эми синтаксистик ыкмага сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби жана интонация таандык.

Татар тилинде модалдуулук категориясына В.Н. Хангильдин, Д.Г. Тумашева, М.Ю. Ибрагимова, М.З. Закиев, Ф.А. Ганиев, Ф.Ю. Юсупов, Л.Т. Махмутова, Х.Р. Курбатов өңдүү окумуштуулардын эмгектери арналган.

Жогоруда сөз болгондой, модалдуулук функционалдык-семантикалык категория катары башка тилдердей эле татар тилинде дагы тилдин лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик элементтери аркылуу туюнтулуучу көп аспектилүү, көп деңгээлдүү категория катары эсептелет. Татар тилиндеги модалдуулук категориясынын маселелерине арналган эмгектерде аталган тилде модалдык этиштер толук изилдене электиги туурасында окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленет. Анткени татар тилинде айрым толук мааниилүү, өз алдынча колдонулуучу этиштер модалдык этиштердин кызматын аткаруу менен, модалдык маанилерди туюндуруу касиетине да ээ болушат. Мындай бөтөнчөлүк кыргыз тилине да мүнөздүү экендигин белгилей кетүүгө болот. Атап айтканда, *ырас, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, имиш, дейм* деген модалдык сөздөр айрым тилдик кырдаалдарда модалдык сөздөр катары колдонулса, ал эми айрым учурларда өздөрүнүн негизги маанисинде колдонулат.

Татар тилинде модалдуулукту туюндуруучу лексика-грамматикалык каражаттар катары модалдык сөздөр менен модалдык бөлүкчөлөр эсептелет. Алар сүйлөмдүн тутумунда гана модалдуулукту туюндуруу менен чектелбестен, айтымдык деңгээлге көтөрүлүү менен, андагы модалдуулуктун макроталаасынын конституенти катары да кызмат аткарышат.

Окумуштуу Р.Г. Минниахметов өзүнүн “Модальные слова в татарском языке” аттуу эмгегинде татар тилиндеги модал сөздөрдүн функционалдык-грамматикалык категориялары, структуралык, лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү жана кызматчы сөздөр менен айкашып модалдуулукту туюндуруучу каражат катары кызмат аткарышы өңдүү маселелерди изилдөөгө алган. Окумуштуунун пикиринде, модалдуулук категориясынын табиятын толук, түбүнө жете түшүнүү үчүн аны кенен маанисинде кароо зарыл. Анткени кеп агымында сүйлөп жаткан субъект референтке (баяндоонун объектиси) гана мамилесин туюндурбастан, референт менен семантиканын, семантика менен синтаксиканын, кептин семантикасы менен адресаттын ортосундагы мамилелерге карата мамилесин да туюндурат.

Мындан тышкары окумуштуу модал сөздөрдүн келип чыгуусун тилдин эволюциялык өнүгүүсүндөгү семантикалык жана функционалдык трансформациялар менен түздөн-түз байланыштырып караган. Тагыраак айтканда, автор ар кайсы сөз түркүмүнө кирүүчү сөздөр грамматикализацияга, функционалдык жана семантикалык трансформацияларга дуушарлануу менен модалдык сөздөрдүн жана сөз айкаштардын тобун түзүп калышкандыгын айтуу менен, татар тилинен төмөндөгүдөй тилдик фактыларды мисал катары келтирет: По степени обособления, уровня изоляции их можно разделить на две группы: к первой относятся слова, которые утратили свое вещественное значение и связь с теми частями, от которых произошли (*янәсе - дескать, ичмасам - хоть, имеш - якобы* и т.д.). Ко второй группе относятся те модальные слова, которые соотносительны с теми или другими частями речи: 1) с именами существительными (ихтимал «может быть, авось, пожалуй», ахры «видимо»); 2) с прилагательными (хичшиксез «несомненно», дөрес «правда»); 3) с наречиями (чыннан "серьезно", чынлап "серьезно"); 4) с глагольными формами (әйтерсең «мол, де, якобы, будто, как будто», бер сүз белән әйткәндә, кыскача әйткәндә «словом, короче говоря», шулай итеп «таким образом») и т.д. Они выделены нами в особый лексико-грамматический разряд слов, с присущими им морфологическими, семантическими и синтаксическими признаками. Основным значением модальных слов является выражение различных модальных отношений (оценка говорящим сообщаемого, его реальности, вероятности, истинности сообщаемого и т.д.). Функция модальных слов связана непосредственно с усилением содержания высказывания [Минниахметов, 1999].

Көпчүлүк окумуштуулардын пикиринде, модалдуулукту уюштуруучу негизги каражаттардын бири катары татар тилиндеги ыңгай категориясы эсептелет. Ошондой болсо дагы татар тилинде модалдуулук жана ыңгай категорияларынын өз ара карым-катышы, дегеле модалдык этиштерге байланыштуу өзөктүү маселелер толук изилдене электиги изилдөөчүлөр тарабынан белгиленип жүрөт. Мындай жагдай кыргыз тил илимине да

мүнөздүү экендигин айтууга болот. Анткени ыңгай категориясынын модалдуулукту туюндуруучу семантика-функционалдык табияты окумуштуу Ж.Ж. Жусаев тарабынан изилдөөгө алынганы менен, функционалдык-модалдык этиштерди систематизациялоо, модалдуулукту туюндуруучу аналитикалык этиштик айкаштар, алардын грамматикалык табияты өндүү өзөктүү маселелер толук изилдене элек маселелердин катарында калууда.

Окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү модалдуулуктун түрдүү оттеноктору өзгөчө көркөм чыгармаларда жана оозеки кепте таасын байкалаарын баса белгилеп жүрүшөт.

Модалдуулук категориясы бир катар башка түрк тилдеринин материалдарында да ар тараптуу иликтенген. Маселен, модалдуулук якут тилинин материалында Н.Е. Петров [Петров, 1988] тарабынан, башкыр тилинин материалында М.В. Зайнулин [Зайнулин, 2000] тарабынан изилденген.

Алтай тилиндеги айрым аналитикалык модалдык конструкциялар М.И. Черемисина, А.Т. Тыбыковалар тарабынан иликтенген [Черемисина, Тыбыкова, 1988]. Ал эми окумуштуу А.А. Озонова тарабынан алтай тилинин материалында алгач ирет аналитикалык модалдык конструкциялар бөлүнүп, алардын жардамчы компоненттери катары “умтулуу”, “аракет кылуу”, “шашуу” өңдүү этиштер талдоого алынган.

Кыргыз тилиндегидей эле Сибирдеги түрк тилдеринде, анын ичинде алтай тилинде модал сөздөр айтымдын ар кандай модалдык маанилерин туюндуруу кызматын аткарышат. Жогоруда сөз болгондой эле, кыргыз тилинде модал сөздөр айрым учурда модалдык маанини туюндурса, айрым учурларда өздөрүнүн негизги маанисинде колдонулат. Мындай өзгөчөлүк алтай тилине да мүнөздүү. Тагыраак айтканда, модал сөздөр сүйлөмдө негизги этишке жалганып, тутумдаш баяндоочтун бир компоненти катары кызмат аткарышат. Маселен, “Ол келип айабас” (Как бы он не пришел) деген сүйлөмдө “айабас” деген ниет ыңгайдагы этиш сөз модалдуулукту туюндуруучу каражат катары кызмат аткарды.

Түрк тилдериндеги ыңгай категориясынын модалдуулукту туюндуруучу негизги каражаттардын бири катары терең изилдениши керектиги жана алтай тилинде модал сөздөрдөн тышкары модалдуулукту модалдык предикаттар туюндуруша тургандыгы окумуштуу А.Т.Тыбыкова тарабынан төмөндөгүчө белгиленет: “Эго обстоятельство представляется нам весьма значимым именно потому, что оно обязывает тюркологов глубже задуматься о природе морфологической категории наклонения применительно к тюркским языкам, где модальные значения выражаются глагольными формами, причем не только аналитическими, но и синтетическими, простыми. В алтайском языке, кроме вводно-модальных слов, имеются модальные предикаты, разные типы модальных аналитических конструкций. Особенность категории модальности в тюркских языках, в том числе алтайском, заключается в том, что разнообразие модальных значений и оттенков встречается в языке художественных произведений. Но в большей степени характерно для устной разговорной речи, и притом с самым разнообразным синтаксическим значением. Исходя из этого, следует отметить, что, поскольку сказуемое является конструктивным членом предложения, оно получает самое различное содержание, передающее детали субъективного выражения во всех возможных смысловых разновидностях речи.

Структурные типы модальных конструкций представлены следующим образом:

I. Синтетические формы модальности выражены глаголом в сочетании с разными аффиксами:

1) Ту=гадый. Данная форма понимается как возможность и невозможность действия: *Оны теп тегин сеслартап айдып албагадый - ‘Самыми простыми словами разъяснить невозможно’.*

2) Ту=бай. Данная форма передает значение уверенности говорящего в истинности, достоверности своего сообщения: *Орден берди бе?- А бербей - ‘Орден дали? - Конечно же, дали’.*

3) Ту=базын. Модальность опасения представляет собой одну из конкретизаций потенциальной модальности: *Бу агаш сына бербезин -'Как бы это дерево не сломалось'.*

II. Модальные аналитические конструкции. Алтайский язык богат разнообразными аналитическими конструкциями, функционирующими как модальные предикаты, в этой позиции возможны разные формы. Типологически разнообразны и сами модальные предикаты, среди которых, кроме слов, представлены и различные устойчивые словосочетания (конструкции). Весь этот исключительно богатый материал невозможно охватить в данной статье [Тыбыкова, 1998].

Жыйынтыктап айтканда, модалдуулук категориясынын концептуалдуу, негизги теориялык маселелеринин түркология жаатында изилденишинин актуалдуулугу, ар бир конкреттүү тилдеги модалдуулукту туюндуруучу каражаттардын спецификасын изилдөөгө байланыштуу да аныкталат. Анткени ар бир конкреттүү тилдин материалында модалдуулуктун изилденишинен алынган тыянак-натыйжалар модалдуулук категориясынын жалпы теориялык маселеринин табиятын терең аңдап түшүнүүгө өбөлгө түзөөрү шексиз.

1. 3. Модалдуулуктун кыргыз тил илиминде изилдениш абалы

Модалдуулук категориясы жана модалдык сөздөр кыргыз тилинде жетишерлик изилденген эмес. Модалдуулук категориясын жана аны туюнтуу каражаттарын түркологияда Н. Е. Петров, И. А. Батманов, Б. М. Юнусалиев, Н. К. Дмитриев, К. Тыныстанов, Н. Шаршеев, Д. Жусаев, 3. К. Дербишева, Н. Е. Жанпеисов, А. Турсунов, К. Мусаев А. Н. Нурмаханова ж.б. окумуштуулар изилдешкендигин белгилей кетүү керек. Лингвист-түркологдордун эмгектеринен биз модалдык сөздөр жана модалдуулук категориясынын так аныктамасын таба албайбыз, ошондой болсо да түркологдордун модалдык маанини билдирген айрым сөздөрдү бөлүп

көрсөтүшкөндүгү белгилөөгө арзырлык эмгек болуп эсептелерин жокко чыгарууга болбойт. Баарынан мурда, түркологиядагы модалдуулук түшүнүгүнө кеңири токтолуу зарыл.

Түркологияда модалдуулук категориясы 20-кылымдын 50-жылдарынан баштап илимий изилдөөнүн предмети болуп калган, анда модалдуулук “...кептин (сөздүн) мазмунунун чындыкка карата мамилесин” (Виноградов, 1947, 55) туюнткан тил категориясы деп чечмеленет. Түркологияда модалдуулук категориясы жана модалдык сөздөр тууралуу билимдин (окуунун) негизин россиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектери түзөт.

Кыргыз тилинде модалдуулук категориясынын маани-маңызына жана анын предикативдүүлүккө карата мамилесине тиешелүү эң негизги суроолор боюнча бирдей пикир жок. Тилдик модалдуулуктун эң кеңири тараган аныктамасы төмөнкүдөй: бул категория маалыматтын (айтылган ойдун) чындыкка карата мамилесин туюндурат. Түркология илиминдеги изилдөөлөрдө камтылган модалдуулук категориясынын айрым аныктамаларын келтирели.

«Модалдык сөздөрдү лексика-грамматикалык жактан классификациялоодо биз "Модалдуулук ...сүйлөп жаткан адамдын көз карашы, ою кандай ыкма, ченем, образ, жол менен берилгендигин билдирет" деген аныктамага негизделебиз», – деп жазат Н. Шаршеев (Шаршеев, 1965,10). Ал эми М. Карагулова – "Модалдуулук тилдин лексика-грамматикалык курамы менен тыгыз байланышта болуп, адамдын сүйлөө сезими менен байланышып, сүйлөп жаткан адамдын ички туюмдарын, сүйлөөнүн мүнөзүн жана аңгемелешүүдөгү ар түрдүү жагдайларды билдирет" деген оюн жазган. (Карагулова, 2019). "Англис жана кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөрдүн функционалдык-грамматикалык мүнөздөмөсү" аттуу илимий эмгегинде М. Карагулова англис жана кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөрдүн функционалдык-семантикалык классификациясын үч негизги топко бөлүп карайт:

1) семантикалык ырастоочу модалдык этиштер;

2) семантикалык божомолдоочу модалдык этиштер;

3) субъективдүү баалоочу модалдык этиштер.

Ал эми жогорудагы аталган ар бир топ модалдык сөздөрдүн функционалдык-грамматикалык талаасын пайда кылып, ар бири өз-өзүнчө функционалдык-семантикалык кичи талааны жаратышат:

1) ырастоочу сөздөрдүн кичиталаасы;

2) болжолдоочу сөздөрдүн кичиталаасы ;

3) субъективдүү баалоочу сөздөрдүн кичиталаасы.

Ошондой эле 14 лексикалык бирдик англис тилинде ырастоочу маанини билдирет:

Actually, ertainly, indeed, in fact, of course, surely, assuredly, in truth, naturally, no doubt, really, obviously, undoubtedly. Ал эми бул кичи талаага кыргыз тилинде 12 лексикалык бирдик кирет: *албетте, сөзсүз, талашсыз, шексиз, арийне, дурус, кадимки, ооба, туура, ырас, айтмакчы.*

Англис тилинде субъективдүү баалоо маанисин берген кичи талаага 6 лексикалык бирдик кирет: *apparently, possibly, probably, supposedly, may be, perhaps* лексикалык бирдиктер болжолдоо маанини берген кичи тааланы түзүшсө, кыргыз тилиндеги бул кичи талаага 21 лексикалык бирдик кирет: *балким, божомолдоо, болжолу, го, дейт, имиш, калыбы, кейпи, көбүнчө, көрүнөт, кудай билет, кыязы, мүмкүн, окшойт, өздөнөт, өндөнөт, сыягы, чамасы, чыгар, шекилдүү, ыктымал.*

Ал эми кыргыз тилинде 20 лексикалык бирдик кирет: *айтор, баса, биринчиден (экинчиден, үчүнчүдөн), жакшы, жок дегенде, кана, керек, кудай берип, кудай уруп, кыскасы, макул, менимче, мына, ошентип, тескеринче, тигине, тийиш, чиркин, ылайым.* Жогоруда айтылгандай, кыргыз тилинде кичи талаа кенен маанини берген модалдык сөздөрдүн көптүгү менен айырмаланып тургандыгын баса белгилеген. Кыргыз тил илиминде модалдык сөздүн сүйлөмдүн киринди мүчөсү катары берилиши, модалдык сөздүн сүйлөмдө ээлеген ордуна, сүйлөмдүн башында, ортосунда, же аягына жайгашышына ылайык, сүйлөмдүн маанисин берет. Бирок сүйлөп жаткан адам модалдык сөздү айтып жатканда “… аңгемелешип жаткан адамдан бир иштин

аткарылышын талап кылбайт, бирок ошол эле учурда кандайдыр бир мааниде аткарылышына түрткү берет “ [Орусбаев А.О., Токтоналиев К.Т. 1991, 183 б; Сыдыков Ж.К., 1990, 146-147 б.]

Англис тили менен кыргыз тилин салыштырып жатып, англис жана кыргыз тилиндеги ырастоочу, болжолдоочу, жана субъективдүү баалоочу модалдык сөздөрдүн ФСКичТсы (функционалдык-семантикалык кичиталаа) бирдей экенине карабастан англис жана кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөрдүн ченемдери ФГТда (функционалдык – грамматикалык талаа) бир топ айырмаланып турарын, кыргыз тилинде модалдык сөздөрдүн ФГТсы 35 модалдык бирдик талаанын грамматикалык ядросу боло алат, ал эми 18 модалдык бирдик талаанын айланасында жайгашып, грамматикалык перифериясын түзөрүн М. Карагулова тарабынан аныкталган. Демек англис, кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөр лексикалык мааниси жагынан бири бирине дал келет деп айтууга толук негиз бар.

Ал эми биз карап жаткан маселе англис, немис тилдериндеги модалдык этиштердин кыргыз тилиндеги эквиваленттери, алардын лексика-грамматикалык мүнөздөмөсү жана теориялык өңүттө топтордун чегин ажыратуу максаты коюлат. Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштер кыргыз тилинин материалдарына салыштырылып, анда обочолонгон модалдык топтор дээрлик жок экендиги туурасында тыянак чыгарылат. Бирок англис жана немис тилдеринде модалдык этиштердин жардамы менен чагылдырылган маанилер аглютинативдүү кыргыз тилинде адекваттуу трансформациялана тургандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Кыргыз тил илиминде Н. Шаршеев, Т. Турсунов, Ж. Жусаев, ж. б. окумуштуулардын белгилөөсү боюнча, модалдык маанилер этиштердин ыңгай категориялары, модалдык бөлүкчөлөр, сөз айкаштары, интонация жана модалдык сөздөр аркылуу берилет.

К. Бакеев, У. Бактыбаев, С. Кудайбергенов, М. Мураталиев (1939) аттуу лингвист-түркологдордун кийинки замандагы эмгектеринде модалдык сөздөр

"кайырмалар", "жоопчулдар" деп аталат, ал эми кийинчерээк (1940-41-жж.) модалдык сөздөр этиштердин курамында каралат.

У. Асылбековдун редакциясы астындагы кыргыз тилинин морфологиясында (1940), К. Бакеевдин редакциясы астында 1948-жылы басылып чыккан "Кыргыз тилинин грамматикасында" модалдык сөздөр кызматчы сөздөрдүн курамында "тангычтар”, "болжолдогучтар" катары изилденген, андан кийин Д. Исаев, С. Турусбеков, Д. Майрыков, Б. М. Юнусалиев, С. Сартбаев жана башкалардын эмгектеринде сөздөрдүн бул тобу "тангычтар", "жоопчулар", «болжогучтар» деп аталган.

И. А. Батманов 1955-жылдары эле мындай деп жазган: «Кыргыз тилинин мектептерге арналган грамматикасында тактоочтордон сырткары, бири-бири менен формасы жагынан да, мааниси жагынан да байланышпаган, бир нече түрдүү топторду камтыган кызматчы сөздөр да белгиленген. Буларга *-го "ведь"* бөлүкчөсү, чейин жандоочу, албетте "конечно" деген сыяктуу сөздөр ж. б. кирген».

Жогоруда айтылгандын негизинде белгилей кетүүчү нерсе, И. А. Батманов модалдык сөздөр тууралуу төмөнкүлөрдү айткан: «Модалдык сөздөр кыргыз тилинде өзгөчө сөз түркүмү катары белгилениши керек. Модалдык сөздөрдү белгилөө аларды сөз түркүмдөрү менен бөлүкчөлөр системасында кароо маселесин жеңилдетет» [Батманов, 1955,73].

И. А. Батмановдун эмгектеринен кийин, модалдык сөздөр сөздөрдүн өзүнчө тобуна таандык болушу керек деген жобо 1956-ж. Н. Шаршеевдин жана 1964-ж. А. Турсуновдун изилдөөлөрүндө өнүктүрүлөт.

Н. Шаршеев кыргыз тилиндеги модалдык сөздөрдүн орус тилиндегидей толук изилденбегендигин белгилейт. Кыргыз тили боюнча окуу китептеринде *албетте, арийне, айтор, балким, мүмкүн, сыяктанат, өңдөнөт, көрүнөт, биринчиден, экинчиден, кыязы, сыягы, болжолу* ж. б. модалдык сөздөр кызматчы сөздөрдүн, байламталардын, тактоочтордун курамында каралат.

Академик Б. О. Орузбаева модалдык сөздөр менен модалдык бөлүкчөлөрдү сүйлөмдүн курамындагы негизги сөзгө ар кандай кошумча

экспрессиялык-эмоциялык жана башка маанилерди берүүчү жардамчы (өзүнчө семантикага ээ эмес) лексемалар катары карайт: *арийне – однако, албетте – конечно, сөзсүз – безусловно* (Орузбаева, 1994).

Бул топтогу сөздөрдүн ар тараптан изилденгендигине карабастан, модалдык сөздөрдүн табиятынын татаалдыгы менен карама-каршылыктуулугу окумуштуулардын арасында ар түрдүү пикирлерди жаратат. Ошентип лингвист-түркологдор модалдык сөздөрдүн өзүнчө категорияны түзөр-түзбөстүгү, же кызматчы сөздөрдүн бир тобуна кирер-кирбестиги, же лексикалык бирдиктердин тобун түзөр-түзбөстүгү тууралуу да бир пикирде эмес.

Жогоруда айтылгандардан улам, биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: орус жана кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөр – функциялык-семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон сөздөрдүн өзүнчө тобу, анткени аларды өзүнчө (өз алдынча) же кызматчы сөз түркүмдөрүнүн курамына таандык деп кароого болбойт, себеби аларга тигил же бул сөз түркүмдөрүнө таандык болгон грамматикалык, лексика-семантикалык белгилер мүнөздүү эмес.

Бирок модалдык сөздөрдүн морфологиялык табиятынын тегерегиндеги талаш-тартыштар орус тилинде да, кыргыз тилинде да ушул күнгө чейин уланып келет. Бул маселе изилдөө ишибиздин кийинки бабында каралат.

Кыргыз тил илими боюнча изилдөөлөрдөн, атап айтканда, Н. Шаршеевдин, Т. Турсуновдун жана башкалардын эмгектеринен кыргыз тилиндеги модалдык сөздөрдүн сын атоочтор менен да байланыштуу экендигин байкоого болот. Бирок орус тилиндеги адъективдүү (сын атоочтук) модалдык сөздөргө салыштырмалуу кыргыз тилинде мындай сөздөрдүн тобу чектелген. Андай сөздөрдүн тобуна төмөнкү сөздөр таандык: *ырас, дурус, туура, жакшы. Ырас (ир.) – правда, действительно, как надо, хорошо, ловко* [К. Юдахин. Киргизско-русский словарь].

Ырас айтасыңбы? – Ты правду говоришь? Эң эле ырас болот – Это здорово получится. Ырас болбодубу! же Ырас болгон турбайбы! – А ведь здорово получилось! А ведь ловко вышло. Өргүүбүздүн тушма-туш келгени

ырас болгон экен – Очень хорошо, что наш отпуск пришелся точно в одно время. Ырас келдиң – Кстати пришел. Ырас болуптур! – Так (тебе, ему ж. б.) надо!

Бул контексттерде *ырас* сөзү тактооч болуп эсептелет.

Сүйлөмдөрдө *ырас* аныктоочтун милдетин аткарып, сын атооч катары колдонулат.

Ырас жигит экен – Действительно (хороший) парень.

Ырас сөзү толуктоочтун милдетин аткарган учурлар да кездешет.

Кептин ырасын айтканда – По правде говоря.

Сүйлөп жаткан адамдын айтылган ойго карата мамилесин көрсөтүү менен, *ырас* сөзү кийинки сүйлөмдө модалдык сөз катары колдонулат.

Ырас, ийгиликтүү болуп чыккан – Правда, получилось результативно.

Ырас сөзүнүн зат атооч катары колдонулган учурлары төмөнкүдөй контексттерде көп кездешет:

Ырас болор эле – Было бы очень хорошо (если бы).

Дурус, жакшы сөздөрүнүн өз функцияларын аткаруу процессинде аталган сөздөрдүн көп кызматтуулугу (полифункциональные слова) кубулушу байкалат.

Мисалы: *Врач Абаздын саламаттыгы дурус, жүрөгү таза деген корутунду чыгарды. Же: Дурус, иним, сенин бул айткандарыңдын жөнү бар.*

Биринчи сүйлөмдө *дурус* сөзү сүйлөөчү тарабынан бейтаптын абалын, ден соолугун баса белгилөө максатында айтылып, жакшы маанисинде колдонулду. Экинчи сүйлөмдө *дурус* сөзү интонация түрүндө бөлүнүп, сүйлөмдүн бардык бөлүгүнө таандык болуп айтылды, сүйлөөчүнүн айтылган сөзгө карата мамилесин баса белгилеп, киринди сөздүн милдетин аткарды.

Фактылык материал көрсөтүп тургандай, кыргыз тилинде сөздөр көп маанини бергендиктен жана учурга жараша колдонулгандыктан, тилде функционалдык омонимдерди пайда кылат. Ушундай эле көрүнүш *жакшы* сөзүнүн функциясында да байкалат.

Мисалы: *Жакшы, бара тур. Же: Жакшы, кийин сүйлөшөлү. Кош, жакшы калыңыз!*

Жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдө модалдык маани туюнтулган. *Жакшы буюмдар сатылууда. Жакшы адамдын белгиси эл камы үчүн жүгүрөт*. (Токтогул).

Берилген контексттерде *жакшы* сөзүнүн жардамы менен адамдын, кандайдыр бир буюмдун сапаттык мүнөздөмөсү баяндалат.

ЫIрас, дурус, жакшы сөздөрүнүн мынчалык көп түрдүү мааниле рде колдонулгандыгы омонимия кубулушунун кыргыз тилинде да көп кездешерин күбөлөндүрөт, тил ар дайым өнүгүп тургандыктан, бир сөз түркүм башка сөз түркүмгө өтүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан орус жана кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөрдү изилдөөдө алардын кепте функция (милдет) аткарган учурундагы лексика-грамматикалык белгилери менен өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарыл.

Маанилери контекстте гана ачыла турган модалдык сөздөрдү кыргыз тилинде да сөздөрдүн функциялык-семантикалык тобу катары кароо керек.

Белгилей кетүүчү нерсе, *албетте, арийне, балким, чындыгында* деген сөздөр модалдык сөздөр катары гана каралат. Ал эми *ырас, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, имиш, дейм* деген модалдык сөздөр кээ бир учурларда модалдык сөздөр катары колдонулса, айрым учурларда өздөрүнүн негизги маанисинде колдонулат.

Ж. Жусаев белгилегендей, азыркы кыргыз тилинде этиштин өткөн чагынын *-ган* менен бүткөн формасынын күмөндүүлүк, божомолдоо маанисинде кеңири кездешкен учурларынын бири болуп, *-ган* + божомолдоону билдирген *-дыр* мүчөсүнүн айкалышуусу эсептелет. *-ган* + *-дыр* формасы өткөн мезгилдин кайсы бир учурунда орун алган белгилүү бир фактыга негизделген божомол маанини билдирет.

Профессор З. К. Дербишева: *«-ган* менен бүткөн грамматикалык формалар *-дыр* мүчөсү менен татаалданышы мүмкүн, бул *-дыр* мүчөсү өткөн

мезгилде болгон иш-аракетке божомолдоонун модалдык маанисин кошумчалайт», – деп жазат (Дербишева, 2003, 27).

Сүйлөп жаткан адамдын божомолдоосу, күмөндөнүүсү, толук ишене албоосу белгисиз өткөн чактын -*ган* + *экен* формасы менен берилет жана *го* модалдык бөлүкчөсү менен татаалданышы мүмкүн.

Академик Б. О. Орузбаева белгилегендей, «белгисиз өткөн чактын -*ган* формасы *экен* жардамчы этиши менен айкалышып, кыргыз тилинде белгисиз өткөн чакты пайда кылат» [Орузбаева, 1955, 17].

Ж. Жусаев белгилегендей, «өткөн чактын -*ган* формасынын семантикалык табияты бул форма аркылуу бүткөн иш-аракетти билдирүү болуп эсептелет, ал иш-аракеттин натыйжасы кептин учур чагы менен байланыштуу». Жогоруда айтылгандардын негизинде ал төмөнкүдөй констатация кылат: «...өткөн чактын -*ган* формасы азыркы кыргыз тилинде бүткөн иш-аракетти, б.а., натыйжалары айтылып жаткан учурдагы абалга салыштырылган иш-аракетти көрсөтүп, реалдуулук менен чындыктын ар түрдүү маанисин камтыган объективдүү модалдуулукту туюндурат» [Жусаев, 2000, 137].

Профессор Дербишева З. К. *экен* сөзү катышкан төмөнкү бөлүктөрдү (блокторду) бөлүп көрсөтөт: 1. тигил же бул иш-аракеттин чын-төгүндүгүнүн субъективдүү констатациясынын семантикасын туюнткан экен бөлүкчөсү менен айкалышкан учур/келер чактын 3-жактагы формалары.

2. белгисиз өткөн чактын -*ган* менен бүткөн формалары да, мисалы, *айткан экен, барган экен, билген экен* чыныгы иш-аракеттин субъективдүү констатациясынын семантикасын, бирок өтүп кеткен окуялардыкын туюндурат. Мындай формалар жомоктордо же өткөн окуяларды баяндоодо колдонулат [Дербишева, 2003, 51-52].

Ж. Жусаев белгилегендей, «*экен* форманты -*ган* формасы менен айкалышканда, бул форманын маанисине орчундуу деле маани кошумчалабайт. Болгону, абалдын, иш-аракеттин жүрүү процессине тактоо киргизет, аны конкреттештирет» [Жусаев, 2000, 137].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилинде модалдуулукту туюндуруучу фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын коммуникативдик потенциалына, семантика-функционалдык табиятына түз жана кыйыр байланышкан теориялык маселелер ар тараптуу изилдөө зарылдыгы аркылуу шартталган актуалдуу маселелердин катарында калууда.

Биринчи бап боюнча кыскача жыйынтыктар

- Модалдуулук категориясы жалпы тил илими жаатындагы татаал, карама-каршы көз караш-пикирлерди жараткан маселе катары сыпатталып келет. Ошондой болсо дагы жалпы тил илиминде модалдуулуктун изилденишине байланыштуу басымдуу көпчүлүк окумушутуулар үчүн орток пикирлер, илимий-теориялык жол-жоболор, көз караштар бар экендигиндиги талашсыз. Мындай жалпы көз караш-пикирлер, тыянак-корутундулар универсалдуу мүнөзгө ээ экендигине карабастан, ар бир конкреттүү тилде модалдуулуктун туюндурулушунун спецификалык каражаттары бар экендигин эске алуу керек.
- Жалпы тил илими жаатында модалдуулуктун изилденишинин узак мезгилди камтыган өзүнүн тарыхы бар. Модалдуулук категориясы кайсы өңүттөн каралып жаткандыгына байланыштуу ага карата бири экинчисин танган, карама-каршы, парадоксалдуу көз караштар жаралгандыгы тил илиминин тарыхынан белгилүү. Анткени модалдуулук түшүнүгү категория катары толук калыптанып, XX кылымдын 50-жылдарынан тартып атайын изилдөөлөрдүн объектисине айлана электе эле, бир жагынан, синтаксистик, экинчи жагынан, логика-грамматикалык категория катары сүйлөмдүн теориясынын алкагында каралып келген.
- Ш. Баллинин көз карашына таянуу менен, бир катар орус окумуштуулары өз изилдөөлөрүндө модалдык маанинин негизин түзүп турган белги катары айтымдын коммуникативдик формасын бөлүп көрсөтүшкөн. Маселен, Т.Б.Алисова (1969) коммуникативдик жана субъективдүү-

баалоочулук (субъективно-оценочная) модалдуулук деп бөлүп караса, Э.Бенвенист модалдуулуктун формалары сүйлөөчүнүн негизги позицияларын туюндуруучу буйрук, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр аркылуу реализацияланары туурасында пикирин сунуштаган. Мындан тышкары орус тил илиминде модалдуулук категориясы жана аны туюндуруучу каражаттар А.А. Шахматов, А.М. Пешковский, В.В. Виноградов, В.З. Панфилов, Г.А. Золотова, Т.М. Ломтева, О.Л. Кочеткова өңдүү окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган. Ошондой болсо дагы модалдуулук категориясын ар тараптуу, кенен изилдөөгө алган окумуштуулардын сап башында академик В.В.Виноградов тургандыгы белгилүү.

- Модалдуулук ар бир тилде объективдүү жашап келаткан татаал, көп кырдуу түшүнүк катары жалпы тил илиминде өзүнүн изилденүү тарыхына ээ экендиги туурасында мындан мурунку параграфта сөз болду. Жалпы тил илиминдегидей эле лингвистикалык түркология жаатында да модалдуулук категориясы атайын, ар тараптуу изилдөөлөрдүн объектисине XX кылымдын биринчи жарымынан тартып айлана баштаган. Сөз болуп жаткан багытта атайын изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын сап башында А.Н. Кононов, Н.А. Баскаков, Н.А. Дмитриев, А.А. Юлдашев, Н.К. Агадзе, З.А. Будагова, Д.Г. Тумашева, М.З. Закиев, М.Ф. Зайнулин, Ф.М. Хисамова, Ф.Ю. Юсупов, Ч.М. Харисова, Р.Г. Минниахметов, И.Ф. Хайрулина өңдүү изилдөөчүлөр турат.

- Татар тилинде айрым толук маанилүү, өз алдынча колдонулуучу этиштер модалдык этиштердин кызматын аткаруу менен, модалдык маанилерди туюндуруу касиетине да ээ болушат. Мындай бөтөнчөлүк кыргыз тилине да мүнөздүү экендигин белгилей кетүүгө болот. Атап айтканда, *ырас, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, имиш, дейм* деген модалдык сөздөр айрым тилдик кырдаалдарда модалдык сөздөр катары колдонулса, ал эми айрым учурларда өздөрүнүн негизги маанисинде колдонулат.

- Модалдуулук категориясынын концептуалдуу, негизги теориялык маселелеринин түркология жаатында изилденишинин актуалдуулугу, ар бир

конкреттүү тилдеги модалдуулукту туюндуруучу каражаттардын спецификасын изилдөөгө байланыштуу да аныкталат. Анткени ар бир конкреттүү тилдердин материалдарында модалдуулуктун изилденишинен алынган тыянак-натыйжалар модалдуулук категориясынын жалпы теориялык маселелеринин табиятын терең аңдап түшүнүүгө өбөлгө түзөөрү шексиз.

- Кыргыз тил илиминде Ж. Жусаев, Т. Турсунов, Н. Шаршеев ж. б. окумуштуулардын белгилөөсү боюнча, модалдык маанилер этиштердин ыңгай категориялары, модалдык бөлүкчөлөр, сөз айкаштары, интонация жана модалдык сөздөр аркылуу берилет.
- Кыргыз тилдериндеги модалдык сөздөр – функциялык-семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон сөздөрдүн өзүнчө тобу, анткени аларды өзүнчө (өз алдынча) же кызматчы сөз түркүмдөрүнүн курамына таандык деп кароого болбойт. Анткени аларга тигил же бул сөз түркүмдөрүнө таандык болгон грамматикалык, лексика-семантикалык белгилер мүнөздүү эмес.
- Кыргыз тилинде модалдуулукту туюндуруучу фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын коммуникативдик потенциалына, семантика-функционалдык табиятына түз жана кыйыр байланышкан теориялык маселелер ар тараптуу изилдөө зарылдыгы аркылуу шартталган актуалдуу маселелердин катарында калууда.

II БАП

АНГЛИС, НЕМИС ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРДИН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МОДАЛ СӨЗДӨРДҮН ЛЕКСИКА-ГРАММАТИКАЛЫК АСПЕКТИДЕ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА ЫК- МЕТОДДОРУ

2.1. Иштин методологиясы, обьектиси, предмети, методдору.

Биздин изилдөө ишибиз теориялык жана практикалык маанаге ээ. Анда лингвогенетикалык жана лингвотипологиялык принциптерге негизделет. Генетикалык жактан тектеш эмес, грамматикалык жактан ар башка типтеги тилдердин (англис, немис, кыргыз) материалдарынын жалпы түзүмү, методологиялык пайдубалы жана прагматикалык мүмкүнчүлүктөрү талдоого алынып,салыштырма тил илимине белгилүү бир өлчөмдө салым кошкону менен байланыштуу.

Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштердин кыргыз тилиндеги аналогдорун, үч тилдин нормативдүү грамматикасы жааттарында модалдуулук маселеринин изилдениши, төмөнкүдөй багыттар, ыкмаларды колдонуу менен ишке ашырылат:

1. Илимий адабияттарга концептуалдык анализ жүргүзүү;

2. Тилдик фактыларга түшүндүрмө-салыштырма анализ жасоо;

3. Дал келтирүү логикалык ыкмалары, талдоо, синтездөө, аналогия;

4. Сыпаттама (тил фактыларын интерпретациялоо, жалпылоо, салыштыруу);

5. Гипотезалык моделдөө жана корутунду чыгаруу.

Герман модалдык этиштерин идентификациялоонун жогоруда аныкталган негизги принциптерине таянып, биздин эмгегибизде **изилдөө объектиси** катары англис тилинде 5 этиштик бирдиктен *can, may, must, need, ought*, ал эми немис тилинде ушуга окшош 7 лексикалык этиштик бирдиктерден *dürfen, können, lassen, müssen, möggen, sollen, wollen* турган модалдык этиштердин топтору тандалып алынды.

Изилдөөнүн предмети катары жогоруда аталган англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин негизги топтору жана сүйлөмдөрдүн коммуникативдик, модалдык типтери саналат. Ошондой эле изилдөөнүн **предмети** аталган объекттин алкагында англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин колдонулушун диахрониялык-синхрониялык, салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык өңүттөрдө талдоо менен чектелет.

Изилдөө ишибизде лингвистикалык талдоонун эки **негизги методу** колдонулду. Иштин теориялык бөлүгү лингвистикалык изилдөө методдоруна негизделет.

Биринчи – англис, немис жана кыргыз модалдык этиштеринин (сөздөрүнүн) диахрондук-тарыхый жаралышын, калыптанышын жана өнүгүшүн изилдөөдө колдонулган тарыхый-салыштырма методу. Бул метод “тилдердин өнүгүшүнүн тарыхый категориясынын ачык жана ишенимдүү манифестанттары (тастыктоочулары) болуп саналышат. Экинчиден, бул эмгек функционалдык грамматика теориясынын негизги бөлүгү болгон тилдин категориалдык-семантикалык бирдиктерине функционалдык-семантикалык мамиле кылууга шексиз салым кошот, анткени биз модалдык этиштердин тилдик материалдарын дал ушундай функционалдык-семантикалык мамиленин аспектисинде иликтейбиз. Акырында, үчүнчүдөн, бул изилдөө тил илиминин салыштырма-тарыхый багыты үчүн жаңы релеванттуу маалыматтарды берет.

Изилдөөнүн материалдары, объектиси менен предмети иштин методологиялык пайдубалын жана колдонула турган төмөнкүдөй ыкмаларды, жолдорду, **методдорду** тандоого, пайдалануу мүмкүнчүлүк ачты.

Сыпаттоо методунун жардамы менен модалдык этиштер классынын, англис, немис тилдериндеги объективдүү жана субъективдүү модалдуулуктун жана алардын кыргыз тилиндеги функциялык эквиваленттеринин туюндурулуш бөтөнчүлүктөрү белгиленет.

Сыпаттоо аналитикалык процедуралар аркылуу ишке ашат. Ошондуктан эмгекте **категориялык анализ, контексттик анализ, компоненттик анализ ыкмалары** пайдаланылды.

Сыпаттоо методунун чегинде фактыларга түшүндүрмө берүү, мазмундук талдоо жүргүзүү, тематикалык жактан бөлүштүрүү, структуралык жактан топтоштуруу, нормативдик-стилистикалык, ареалдык жактан мүнөздөмө берүү жумуштары ишке ашты.

Ошондой эле сыпаттоону толук жүргүзүш үчүн логикалык-психологиялык ыкмаларды пайдалануу оңтойлуу болду. Бул өңүттөн алганда

модалдуулуктун “деңгээли”, “архисема”, “сема”, сыяктуу кубулуштарды ачыктоо иштин мазмуну үчүн маанилүү кызмат аткарды.

Иштин орчундуу бөлүгү **салыштырма методдун** негизинде аткарылды. Бул метод үч түрдүү жол менен колдонулат.

Салыштырма–тарыхый метод тектеш герман англис, немис тилдериндеги жана тектеш эмес түрк тилдеринин анын ичинде кыргыз тил илиминде модалдык этиштердин семантика-функционалдык табиятына, дегеле, аталган тилдердин факт-материалдарынын мисалында модалдуулукту изилдөөнүн диахрондук жана синхрондук аспектилерине, методологиялык негиздерине байланышкан маселелерин талдоодо ушул методдун ыкмаларын иштеттик.

Салыштырма-типологиялык метод англис, немис тилдериндеги модалдык этиштерди диахрониялык жана синхрониялык аспектиде кыргыз менталдуулугунун негизинде системалуу түрдө салыштырып изилденди.

Жандаштырып салыштырма метод тектеш эмес тилдердин кыргыз жана англис, немис тилдеринин гана фактыларын сыпаттап, окшош жана айырма жактарын аныктоодо, модалдуулук сөздөрдү бир тилден экинчи тилге которуп талдоодо пайдаланылды. Бул метод практика үчүн, айрыкча чет тилдерди үйрөнүүчүлөр үчүн чоң өбөлгө болот. Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштердин кыргыз тилиндеги эквиваленттерин табуу, алардын бөтөнчүлүктөрүн аныктоо кыргыз жаштарын англисче, немисче үйрөтүүгө, алардын экинчи тилде таасирдүү, мазмундуу сүйлөөсүнө бир аз да болсо, түрткү болоору шексиз.

Бардык учур үчүн модалдык этиштер, тилдик бирдиктердин кеңири классы негиз катары пайдаланылып, жандаштырып талдоо “англис, немис тилдеринен – кыргыз тилине карай” жолу менен аткарылды. Мындай принцип боюнча жүргүзүлгөн иликтөөнүн натыйжалары салыштырма-типологиялык изилдөөлөргө кошумча материал боло алат.

Ошентип, бир нече тилдеги англис жана немис тилдериндеги этиштердин кыргыз тилиндеги функциялык жактан шайкеш келиши,

модалдуулук категориясын үч тилде изилдөө өзүнөн өзү эле сыпаттоо жана салыштыруу методдоруна кайрылууга мажбурлайт.

Биз **изилдөө объектиси** катары англис тилиндеги беш этишти (*can – жөндөмдүү болуу, may – мүмкүн, must – милдеттүү болуу, need – милдеттүү болуу, ought – милдеттүү болуу*) жана немис тилиндеги жети этишти (*dürfen – каалоо, können – жөндөмдүү болуу, lassen – жөндөмдүү болуу (мүмкүндүк берүү), mögen – каалоо, müssen – милдеттүү болуу, sollen – милдеттүү болуу, wollen - каалоо*) бөлүп алганбыз, алар жогоруда аталган модалдуулук критерийинин талабына жооп берет. Бул этиштердин баары айтуучунун тигил же бул модалдык мамилесин билдиришип, тилдик модалдуулукту көрсөтүшөт. “Ошол эле учурда жогоруда аталган англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштеринин баары, башка бардык этиштерден айырмаланып, кыймылды же абалды билдиришпейт, ага карата мамилени, башкача айтканда, кыймылды аткаруунун мүмкүндүгүн, колдон келерин, зарылдыгын, каалангандыгын чагылдырышат” [Угарова, 2015:4-5].

Мисалы, англис тилиндеги модалдык этиши *can* жана немис тилиндеги этиштер *können, lassen* айтуучунун экспликацияланып жаткан кыймылга карата анын аткарылышы мүмкүн экендигин билдирген мамилесин чагылдырышат:

1) “But my goodness, all his tricks are never alike and now can you know what’s next?” (Twine, 2012:8). -Туура айтылат: карыган адамды жаңы куулуктарга үйрөтө албайсың, бирок ал ар качан жаңы бир нерсе ойлоп табат, анын баарын кантип алдын ала билүүгө болот?

2) Was kannst du mit mir machen, was kannst du ... - schluchzte sie Brauchst du mich nicht? Willst du mich in Scham und Schmerz lassen? (Keyser, 1977:117). - “Сен мени эмне кыла аласың, эмне кыла аласың... – ал чындап бышактап жатты”. Мен сага мындан ары керек эмесминби? Сен мени кайгыга жана уятка калтырасыңбы?”.

3) Moor: Das Mädchen ist noch nicht sichtbar. Aber es gab eine Zeit - richtig? - Es gab eine Zeit der Arroganz, es gab eine Zeit, in der es möglich war, in unruhigen Gewässern zu fischen können! (Schiller, 1974:129). -Моор: Кыз али көрүнө элек.

Бирок убакыт болгон – болду беле? – текеберленүүгө мүмкүн болгон, ылай сууда балык кармоого мүмкүн болгон!”.

Ошондой эле, англис тилиндеги үч модалдык этиши *must, ought, need* жана эки немис этиши *mussen, sollen* айтуучунун айтылып жаткан кыймыл-аракеттин аткарылышынын милдеттүүлүгүн туюнтушат:

4) Lee dropped back again with a groan; he said, “I must not speak.” [Conan Doyle, 2014:86]. -Ли онтогон боюнча стулга кулап түштү да: “Мен унчукпашым керек” - деди.

5) “I ought to go there, -I said bitterly” [Horse, 2014:97]. -“Мен ал жакка барууга тийиш болчумун”, - дедим мен өкүнүч менен”.

6) “There was no need to harry [Abmataligev, 1991:81]. -Шашуунун кереги жок болчу.

7) Und wie ich nun werde zu Werk gehen müssen, diese süße, friedliche Eintracht der Seele mit ihrem Leibe zu stören? [Schiller1974:47]. -“Анан кантип мен бул ишке жөнөшүм керек, эгер мага жан дүйнөнүн таттуу бейпил кийимдери денеден тоскоол кылып жатса?”.

8) Mein Freund Georg erfindet neue Ideen, um diesen Fall los zu werden und möchte die Situation zu verbessern [Kaminer. 2003:71]. -”Менин досум Георг бул учурда биздин кутулуу мүмкүнчүлүгүбүздү арттыра турган жаңы идеяларды ойлоп таап жатты”.

Акырында, биз иликтеп жаткан топтун ичиндеги төрт герман этиши, бир англис тилиндеги *may* этиши жана немис тилиндеги *dürfen, mögen* жана *wollen* этиштери айтуучу тараптан айтылып жаткан аракеттин каалангандыгын манифестациялаган модалдык мамилесин туюнтат:

9) ”We might do it youself», observed John” [Gilford, 1944:164]. -“Биз муну өзүбүз кыла алмакпыз, - деп белгиледи Джон”.

10) Natürlich müssen Gefühle in Handlungen und Worten ausgedrückt werden, aber gleichzeitig müssen wir erkennen, dass es unmöglich ist, alle Gefühle in Worten auszudrücken [Aitmatov, Ikeds, 2013:245]. -“Албетте, сөз менен айтылган сезимдердин аракеттери токтобошу керек, бирок ошол эле учурда адамдын

ичинде катылып жаткан нерсенин бардыгын сөз менен жеткизүүгө мүмкүн эместигин моюнга алуу керек”.

11) ”Aber vorher möchte ich gern warmes Wasser trinken” [Colette, 1991:55]. -Бирок баарынан мурун мен жылуу суудан жыргап ичмекмин.

12) Zwei Tage wollte ich aus dieser Holle nicht heraus. Was blieb übrig von mir!...[Colette, 1991:79]. -Эки күн бою мен бул тозоктон кутулууну көксөдүм. Эми менден эмне калды?...

Мурда белгиленгендей, кыргыз тилинде англис жана немис тилдериндегидей модалдык этиштердин обочолонгон классы жок. Ошентсе да, биз карап жаткан англис тилиндеги 5 этиш *can, may, must, ought, need* жана ага окшош немис тилиндеги 7 этиш *können, lassen, müssen, sollen, dürfen, mögen, wollen* бардыгы жалпыланган үч модалдык маниге ээ 1) *can; können, lassen, 2) must, ought, need; müssen, sollen 3) may; durfen, möggen, wollen*. Бул жалпыланган үч маани азыркы кыргыз тилинде төмөнкү лексикалык-грамматикалык каражаттар менен берилиши мүмкүн:

1) *can; können, lassen – кыла алат – кыла алуу;*

2) must, ought, need; müssen, sollen – кылыш керек, кылганга муктаж, кылганга милдетүү;

3) may; dürfen, mögen, wollen – каалоо, эңсөө, тилөө.

Субъективдүү жана объективдүү модалдуулукту айырмалоо кыргыз тилине жана ошол тилдик структураларга таандык: *кыла алат, кылыш керек* жана *каалоо.* Бирок субъективдүү модалдуулукту объективдүү пландын модалдуулугунан импликациялоодо кээ бир айырмачылыктар байкалат.

Өзүнүн маалыматына кандайдыр бир өзгөчө мамилени чагылдырган субъективдүү модалдуулук (эмоциялык-экспрессивдик баалоо, макул болуу же болбоо, ишенүү же ишенбөөчүлүк) жогоруда көрсөтүлгөн кыргыз тилиндеги лексемаларды кандайдыр бир модалдык бөлүкчөлөр, модалдык сөздөр, экспрессивдик сырдык сөздөр, киринди сөз айкаштарын ж.б. менен бирге колдонууда ордун таап, алар сүйлөөчүнүн өзүнүн субъективдүү мамилесин билдирет.

Мисалы:

13) - *Ай, бул кыз го деп баары аттан түшүп, баштарын жерге салып, баатыр кызга таазим кылышыбыз керек го деп турушту* [Табалдиев, 2012:125]. Бул мисалда *кылыш керек* татаал этиши колдонулуп, бул этиш субъективдүү модалдуулукту билдирет, эки жолу берилген «го» модалдык бөлүкчөсү сүйлөөчү тарабынан проблемалык ырастуулукту экспликациялайт.

14) -*Ыбыш ал ишти сөзсүз эле кыла алат* [Жакыпов, 1998;27]. Бул мисалда *кыла алат* татаал этиши колдонулуп, «субъективдүү модалдуулук сүйлөөчү тарабынан кыймыл-аракеттин күмөнсүз аткарыла тугандыгын чагылдырып, бул модалдык маани “сөзсүз” модалдык сөзү аркылуу туюндурулду».

15) *«Оо сүйгөнүм, каалайм сени көрүүнү!»* [Хайям, 1994:211]. Мисалда *каалайм көрүүнү* этиши колдонулуп, субъективдүү модалдуулук “Оо” сырдык сөзүндө камтылды да, сүйлөөчүнүн эмоциялык каалоосун туюндурду.

Объективдүү модалдуулук кыргыз тилиндеги “кыла алат , кылыш керек” этиштеринде орун алат, ал сүйлөөчүнүн айтылып жаткан маалыматка мамилесин билдирип, аны менен бирге, объективдүү планда, сүйлөөчүнүн эркине карабастан, тагыраагы, маалымдалуучу информациянын реалдуу же реалдуу эместигин, муктаждык жана муктаж эместигин көрсөтөт. Объективдүү модалдуулукту чагылдыруунун грамматикалык каражаттары ыңгай категориясы, чак категориясы, интонациянын ар кандай типтери (баяндоо интонациясы, суроонун интонациясы) ж.б. болуп саналат. [Розенталь, Теленкова, 1983:131].

16) -*Ажыбек датка жана анын уулу Нурак датка, ал жерге ыкчам эле жетип бара алды* [Оморов, 1996:33]. Келтирилген бул сүйлөмдө «бара алды» татаал этиши таяныч семантикасы менен колдонулуп, объективдүү модалдуулукту чагылдырат, себеби бул этиш кыймыл-аракеттин ишенимдүү аткарылышынын толук мүмкүндүгүн экспликациялайт. Бул модалдык маани баяндагыч ыңгайда жана этиштин грамматикалык өткөн чагында берилди. Ошону менен бирге, бул сүйлөмдө модалдык бөлүкчө, модалдык сөздөр,

сырдык сөздөр ж.б. түрүндө субъективдүү модалдык жактан боёкчого ээ болгон тилдик бирдиктер камтылбайт.

17) -*Жок эттин дагы кереги жок, эч нерсе албайбыз өзүбүз менен* [Сапарбеков, 2017;123]. Бул мисалда «керек» этиши милдеткерлик семантикасын туюндурду. Мүмкүн эместик, маалыматтын ишке ашпай тургандыгын объективдүү модалдуулук гана чагылдырылып, мындай модалдык маани этиштин баяндагыч ыңгайынын, учур чагынын грамматикалык каражаттары аркылуу туюндурулат. Ошондой эле бул мисалда субъективдүү модалдык жактан боёкчого ээ болгон тилдик бирдиктер: модалдык бөлүкчөлөр, модалдык сөздөр, сырдык сөздөр катышпайт.

18) -*Жамансурдун тилегени эле Качак баатырды бир көрүп калсам болчу* [Дуйшөнбаев, 2015;59]. Бул мисалда объективдүү модалдуулук «каалоо» семантикасы аркылуу туюндурулду, себеби бул этиш өткөн чакта, шарттуу ыңгайда туруу менен, кыймыл-аракеттин ишке ашуусунун аныктыгын жана мүмкүн экендигин билдирет жана эч кандай субъективдүү кошумча модалдык тилдик бирдиктерге ээ эмес.

Ошентип англис жана немис тилдериндеги этиштердин кыргыз тилиндеги функциялык жактан шайкеш келиши “кыла алуу”, “ кылыш керек” деген жалпыланган таяныч семантиканы чагылдырып, субъективдүү пландагы модалдуулукту өзгөчө боёкчодогу тилдик бирдиктер менен бирге да, субъективдүү модалдык жактан боёкчого ээ болбогон тилдик бирдиктердин модалдуулугун да туюндура алат. Ошондой болсо дагы англис жана немис тилиндериндеги модалдык этиштердин кыргыз тилиндеги функциялык шайкештиктери азыркы кыргыз тилиндеги модалдык этиштердин өзү боло албайт. Татаал этиш болбогондуктан, алар модалдык этиштердин өзүн түзө албайт. Башка тилдердегидей эле, кыргыз тилиндеги этиштер негизги ыңгай (баяндагыч, буйрук, шарттуу, каалоо-тилек жана ниет), чак (айкын келер чак, арсар келер чак, татаал учур чак, айкын өткөн чак, капыскы өткөн чак, адат өткөн чак), жак (1,2,3-жак), сан (жекелик жана көптүк сан) жана мамиле (негизги, аркылуу, кош, туюк, өздүк мамиле) категорияларына ээ.

Ошентип кыргыз тили теориялык да, практикалык да жактан этиштердин өзгөчө модалдык классына бөлүнбөй турган тенденцияга ээ жана бул тенденция бардык түрк тилдерине мүнөздүү.

Англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин кеңири классын аныктоо үчүн бир гана критерийдин – модалдуулук грамматикалык категориясынын – болушу жетиштүү болуп саналат, ал тигил же бул этиштик бирдиктерди модалдык бирдик катары аныктоого мүмкүндүк берет. Бул учурда “модалдуулук” “айтуучунун объективдүү чындыкка карата мамилесин чагылдыруучу грамматикалык-семантикалык категория” катары түшүнүлөт [Розенталь, Теленкова, 1985:131].

Бирок модалдуулуктун тилдик категориясы мүнөздүү англис жана немис тилдериндеги этиштердин тобу биз атаган 12 этиштик бирдиктер менен чектелбейт, аларга азыркы англис жана немис тилдериндеги айрым бир башка этиштик лексемалар: *to be to* (керек, мажбур, айласыздан), *shall* (келечекке багытталган ниеттенүү, убада, сунуш модалдык маанилери), *dare* (жемелөө жана ачуулануу), *will* (келечекке багытталган чечкиндүүлүк, ниеттенүү, баш тартуу маанилери) да киргизилиши мүмкүн. Аталган этиштик бирдиктерден тышкары, модалдык маанини билдирген этиштердин тобуна азыркы англис тилиндеги модалдык маани алып жүргөн *will, should, would* жардамчы этиштери, ошондой эле обочолонгон модалдык этиш катары каралган *could* чакчыл формасы кириши мүмкүн. Мындан тышкары, англис этиштик системасында модалдык этиштерди алмаштыруучулар катары кызмат кылган этиштик лексемалар өзүнчө бөлүнүп турат. Мисалы, “may” этишинин алмаштыруучусу – “to be allowed (to)” этиши уруксат берүү маанисин өткөн чакта жана келер чакта туюнтуу үчүн колдонулат: *“He will be allowed to stay here - Ага бул жерде калууга уруксат берилет”* [Баракова, 1977:242].

Модалдуулуктун кеңири тилдик категориясы тилде башынан эле жашап келет, бирок анын нагыз тилдик спецификалуу чагылдырылышы үч негизги компоненттин өз ара карым-катышы аркылуу реализацияланат: биринчиден, тилдик модалдуулук айтуучу (адам, индивид) тарабынан иштелип чыгат жана

жарыяланат, экинчиден, тилдик модалдуулук айтымдын мазмунунда (кепте актуалдашкан сүйлөмдүн семантикасында, маңызында) чагылдырылат, үчүнчүдөн, тилдик модалдуулук дайыма объективдүү чындыктын кайсы бир объектисине (кептин предметине, анын маңызына, анын аракетине, же абалына) байланыштуу жаралат жана айтылат.

Тилдик модалдуулук татаал лингвистикалык-экстралингвистикалык кубулуш болуп саналат. Тилде ал, негизинен, сүйлөм-айтымга, б.а. белгилүү бир кептик кырдаалда ишке ашкан жана кептин тигил же бул предметти туюнткан сүйлөмгө таандык түшүнүк катары каралат. Модалдуулуктун грамматикалык категориясынын нагыз тилдик жашоосу анын ойломдун эң маанилүү касиеттеринин бирин туюндурганы менен шартталат. “Модалдуулук – ой жүгүртүүнүн формаларынын бири болгон ойломдун кардиналдуу касиети катары ой жүгүртүү процесси менен карым-катыш түзүү категориясы” [Худяков, 2010:57].

Ошентип модалдуулуктун тилдик (грамматикалык) категориясы тилдин модалдык этиштер тобуна гана таандык грамматикалык кубулуш же грамматикалык категория эмес. Албетте, тилдик модалдуулук этиштердин көлөмдүү системасынан модалдык этиштерди обочолонгон лексика-семантикалык топ катары классификациялоонун негизги критерийи болуп саналат. Бирок түшүнүктүк-маанилик деңгээлде, ой жүгүртүүнүн маанилүү формаларынын бири болгон ойломдо калыптанган, ошондой эле бүткүл сүйлөм-айтымга тиешелүү болгон тилдик модалдуулук тилде ойлом түшүнүктүк категориясынын негизги функционалдык шайкештиги жана негизги манифести катары кызмат кылат.

Тилдик модалдуулуктун нагыз тилдик системада ишке ашуусунун негизги формасы болуп сүйлөм-айтым эсептелет, анткени грамматикалык-семантикалык категория катары модалдуулук “... айтуучунун айтылып жаткан нерсеге карата мамилесин, анын кабарланып жаткан нерсенин объективдүү чындыкка карата мамилесине берген баасын” чагылдырат. [Розенталь, Теленкова, 1985:131].

Тилдик модалдуулук гомогендүү (бир тектүү) кубулуш эмес, тескерисинче, гетерогендүү табияттагы лингвистикалык-экстралингвистикалык кубулуш болуп саналат, анткени ал эки компонент менен аныкталат: биринчиден, айтуучу адамдын айтымдын мазмунуна карата мамилеси, экинчиден, айтымдын мазмунунун объективдүү чындыкка карата мамилеси. Ушул себептен улам тилдик модалдуулук дайым эки бөлүктүү лингвистикалык-экстралингвистикалык түзүлүш катары аныкталат: “Модалдуулук, анг. Modality. Айтуучунун айтымдын мазмунуна карата мамилесин жана айтымдын мазмунунун чындыкка карата мамилесин (кабарланып жаткан нерсенин реалдуу ишке ашууга карата мамилесин) туюндурган түшүнүктүк категория” [Ахманова, 1966:237].

Эки фактор тилдик модалдуулуктун эки түзүүчү бөлүгүн (эки түздөн-түз түзүүчүлөрдү) бири-бири менен бириктирип турат. Биринчиден, бул коррелятивдик катыш, айтуучу адам жана айтымдын мазмуну менен «...бул – мазмунду, предметти чындыкка» байланыштыруучу грамматикалык предикативдүүлүктүн ортосундагы катышта ишке ашуучу жана айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктын ортосундагы катышта ишке ашуучу субъективдүү тартиптеги ойлом менен чындыктын ортосундагы байланыш [Ахманова, 1966:346]. Экинчиден, бул – аналогиялуу коррелятивдик катыш, айтуучу адам тарабынан өз айтымын жаратуу учурундагы кабардын объективдүү чындыктагы айрым бир фактыга карата чындыктын (жалгандын) ортосундагы байланыш.

Бирок жогоруда айтылгандардын баарынан улам тилдик модалдуулук түшүнүктүк-маанилик деңгээлдеги кубулуш деген ой келип чыкпайт. Тескерисинче, тилдик модалдуулук тилдин өзүнө жакын турат, тилдин системасында гана өзүнүн түздөн-түз чагылышын табат. «Модалдуулук тилдик универсалий болуп саналат, ал табигый тилдин негизги категорияларынын тизмесине таандык» [Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:303].

Тилдик модалдуулук айтымдын мазмунуна жана объективдүү чындыктын фактысына карата – туюнтулган жана сүрөттөлгөн кырдаалдын реалдуулугу же

реалдуу эместиги, мүмкүндүгү же мүмкүн эместиги, зарылдыгы же ыктымалдуулугу, каалангандыгы же кааланбагандыгы планында айтуучу адамдын тигил же бул мамилесин чагылдырган түшүнүктүк-маанилик кубулуш катары каралышы мүмкүн, - бирок ал тилде дайыма «...грамматикалык жана лексикалык каражаттар (ыңгайлардын формалары, модалдык сөздөр жана бөлүкчөлөр, интонация) менен чагылдырылат» [Розенталь, Теленкова, 1985:131].

Модалдуулуктун тилдик категориясы эрксиз жана хаостук (башаламан) түрдө эмес, максатка багытталган жана системалуу түрдө ишке ашат. Анткени тилчи окумуштуулар аныктагандай, тилдик системанын негизин функционалдык-семантикалык аймактар, сфералар, талаалар түзөт. «Функционалдык грамматика» деп аталган лингвистикалык илимдеги жаңы багыт өзүнүн алдына бири-биринен кескин айырмаланган тилдик деңгээлдерге таандык болгон тилдик бирдиктерди бирдиктүү системада иликтөөнү максат кылып, бул максаттын көпчүлүк бөлүгүн аткара алды. Бирок мындай иликтөө бир принципти сактаган учурда гана мүмкүн болот: ар түрдүү деңгээлдердеги жана ар кандай түрдөгү тилдик бирдиктерди систематизациялоо үчүн жана бир бирдиктүү функционалдык-грамматикалык аймакка киргизүү үчүн алар семантикалык функцияларынын жалпылыгы боюнча бириктирилүүгө тийиш [Гулыга, Шендельс, 1969:8-9; Бондарко, 1971:19-20; Теория функциональной грамматики, 1990:59-60; Holiday, 1974:46-47; Boretzky, 1977:72-73].

Бирок лингвистикада, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бир түрдүү, ошол эле учурда эки бөлүктүү лингвистикалык-экстралингвистикалык кубулуш катары каралуучу тилдик модалдуулукту түзүүчү эки компоненттин органикалык байланышы, ажырагыс биримдиги катары түшүндүрүүгө да болот:

1. Айтуучунун айтымдын мазмунуна карата мамилесинен келип чыккан субъективдүү пландагы модалдуулук;

2. Айтымдын мазмунунун объективдүү чындыкка карата мамилесинен келип чыккан объективдүү пландагы модалдуулук.

Субъективдүү модалдуулук өзгөчө модалдык сөздөр менен жүйөөлөнөт: «Модалдуулуктун атайын көрсөткүчтөрү болуп модалдык сөздөр, сөз айкаштары жана модалдык бөлүкчөлөр саналат. Мисалы, *албетте, мүмкүн, көрүнүп тургандай, болууга тийиш, ыктымалдуулукка ылайык, арсар, мүмкүн эмес*» [Бондарко, 1971:47]. Субъективдүү модалдуулукка айтуучунун жеке пикирин шексиз, бирок эмпатикалык элестүү формада чагылдырган сырдык сөздөр тиешелүү болушу мүмкүн [Benesova,1972:196-197]. Субъективдүү модалдуулукту жалпы кабыл алынган, узустук маркировкаланган сөздөрдүн орун тартибинен ар түрдүү четтөөлөр да чагылдырышы мүмкүн, айрыкча мындай четтөө сөздөрдүн так орун тартибинин катаал мыйзамдары иштеген сүйлөмдүн синтаксистик-семантикалык структурасында ачык көрүнөт [Качалова, Израилович, 1995:385-386].

Объективдүү модалдуулук планына колдонулушу айтуучунун субъективдүү эркине эмес, тилдин иштөөсүнүн объективдүү факторлоруна жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнө көз каранды болгон этиштин ыңгайларынын формаларын киргизүүгө болот. «Объективдүү модалдуулук ар бир айтымдын милдеттүү белгиси, предикативдүү бирдикти – сүйлөмдү калыптандырган категориялардын бири. Объективдүү модалдуулук айтылып жаткан нерсенин чындыкка карата реалдуулук (ишке ашууга мүмкүндүгү) жана ирреалдуулук (ишке ашууга мүмкүн эместиги) планындагы мамилесин чагылдырат. Бул функциядагы модалдуулукту туюнтуунун башкы каражаты болуп этиштин ыңгай категориясы саналат» [Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:303]. Мындан тышкары, «объективдүү модалдуулукту туюнтуунун грамматикалык каражаттары болуп чак категориясы, интонациянын ар кыл типтери саналат» [Розенталь, Теленкова, 1985:131].

Мисалы, биз иликтеп жаткан тилдик модалдуулуктун функционалдык-грамматикалык талаасы ар кыл тилдик каражаттардан түзүлөт – анда тилдин этиштик системасына кирген модалдык этиштер гана эмес, модалдык боёлгон лексемалар классына кирген модалдык сөздөр да, грамматикалык бөлүкчөлөр классына кирген модалдык бөлүкчөлөр да, атүгүл фонетика-фонологиялык

бирдиктер разрядына кирген артикуляциялануучу интонация да болушу мүмкүн.

Модалдуулуктун аталган эки планы: субъективдүү модалдуулук жана объективдүү модалдуулук – тилдик модалдуулуктун көлөмдүү функционалдык-грамматикалык талаасын бири-бирине байланыштуу эки функционалдык талаага бөлүүгө мүмкүндүк берет: субъективдүү модалдуулуктун жана объективдүү модалдуулуктун талаасы. «Ушул сыяктуу эле ар бир модалдуулук талаасынын алкагында белгилүү бир типтүү модалдык кырдаалдар – мүмкүндүк кырдаалы, зарылдык, оптативдүүлүк, императивдүүлүк кырдаалдары ж.б. талдоого алынышы мүмкүн» [Теория функциональной грамматики, 1990:62].

Субъективдүү модалдуулуктун жана объективдүү модалдуулуктун аталган функционалдык-семантикалык талааларын бөлүштүрүү субъективдүү модалдуулуктун түшүнүктүк катышы (айтымдын мазмунуна камтылган айтуучунун жеке пикири) жана объективдүү модалдуулук катышы (айтымдын мазмуну) бул талаалардын негизине алынган жалпы грамматикалык категориялар катары реализацияланганда гана аяктайт.

Субъективдүү модалдуулуктун жана объективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талааларын ажыратууга бир тектүү модалдык пландарды чагылдыруу үчүн колдонулуучу тилдик каражаттар кызмат аткарат. Мисалы, модалдык сөздөр дайыма айтуучунун жеке пикирин чагылдырат да, ушундан улам, субъективдүү негизге ээ болушат. Англис тилиндеги модалдык сөздөрү *of course* (албетте), *no doubt* (шексиз), *in fact* (иш жүзүндө) сүйлөм курамында дайыма айтуучунун өзү кабарлап жаткан маалыматка карата ишенимин чагылдырат, ошондуктан модалдуулуктун субъективдүү негизин туюнтат. Немис тилиндеги модалдык сөздөрү *wahrscheinlich* (балким), *hoffentlich* (ишенем) айтуучунун кабарланып жаткан маалыматка карата толук ишенимин чагылдырбайт, бирок айтылып жаткан окуянын чындыгынын ыктымалдуулугу жогору экенин туюнтат [Arssenjeva, Gassilewitsch, Sambrushizkaja ж.б., 1960:197]. Ушул сыяктуу эле субъективдүү модалдуулукту

тилде (англис жана немис тилдеринде) модалдык сөздөрдөн тышкары, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сөз айкаштары чагылдырат.

Англис жана немис тилдеринин модалдык этиштери тилдик модалдуулук системасында объективдүү модалдуулук подсистемасына, б.а. объективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасына киргизилүүгө тийиш, анткени модалдык этиштер дайыма башка маанилик этиштер менен бирге татаал этиштик конструкцияларда катышат, ал эми бул татаал модалдык конструкциялар да өз кезегинде ар түрдүү модалдык маанилерди туюндуруу кызматын аткарышат.

Ал эми кыргыз тилиндеги модалдык сөздөрдүн лексика-грамматикалык классификациясы тууралуу сөз козгоонун алдында кыргыз тил илиминде деле модалдуулук айтуучунун айтылып жаткан ойго карата “көз карашын, мамилесин” билдире тургандыгын белгилөө керек. Атап айтканда, кыргыз тилинде модалдык ырастоо, жалпылоо, болжолдоо, бекемдөө, канаааттануу, тактоо, күмөн саноо, ишендирүү өңдүү бир катар маанилерди туюндурат. Мындай сөздөр катары кыргыз тилинин нормативдик грамматикасына байланыштуу эмгектерде: *албетте, арийне, айталы, алсак, айтмакчы, айтор, адатта, балким, биринчиден, баса, болжолу, болжолумда, кыязы, көрүнөт, менимче, мейли, маселен, мисалы, негизинен, сыягы, ооба, окшойт, сөзсүз, имиш, тийиш, чыгар, чынында, тескерисинче, ырас, ыктымал, шекилдүү, экен* ж.б. бир сөздөр аталып жүрөт.

Кыргыз тилинде англис жана немис тилдеринен айырмаланып, модалдык этиштер түшүнүгү жок болгондугуна карабастан, алардын көпчүлүгү өздөрүнүн баштапкы таза этиштик маанисинен модалдык сөзгө өткөндүгү белгилүү. Мындай көрүнүш, т.а., өз алдынча толук маанилүү сөздөрдүн башка категорияга, маселен, модалдык маанинин туюндурган сөздөрдүн же кызматчы сөздөрдүн категориясына өтүүсү дээрлик баардык тилдерге мүнөздүү объективдүү процесс катары эсептелет. Маселен, сөз болуп жаткан маселе боюнча окумуштуу А.С.Бердяков төмөндөгүдөй пикирди айткан: “ Процесс

перехода в грамматических категориях совершается не сразу. В языке мы встречаем отдельные случаи, свидетельствующие о разных этапах его происхождения. Может быть так, что слово окончательно перешло в новую категорию, и тогда мы никакой переходности не видим, так как слово уже растеряло все свои особенности, прикреплявшие его к прежней грамматической категории. Например, существительное “запятая” нами уже совсем не осознается как прилагательное, между тем когда-то входило в эту категорию.

Справедливость этих слов подверждает множество примеров из киргизского языка. Например, *окшойт* (похоже), *көрүнөт* (видно), *биринчиден* (во-первых), *экинчиден* (во-вторых) и др.

1.*Таалайбек көбүнчө атасына окшойт (глагол) – Таалайбек больше походит на отца. Ал бүгүн келет окшойт (модальное слово) – Он, видимо, сегодня придет.*

2. Насипбек биринчиден экинчиге көчтү (имя числительное) –Насипбек из первого перешел на второй. Биринчиден, ак алманы манат алмага айландыруу, экинчиден, алманын өзүн чоңойтуу (модальное слово) –Во-первых, белое яблоко превратить в румяное, во-вторых, сделать его крупным (К.Джантошев. “Пламенная молодежь).

Переход одной части в другую зависит от новой формы абстрации, от новой синтаксической функции, которую начинает выпонять та или иная часть речи.

По морфологической классификации к служебным словам киргизского языка относятся жандооч (послелоги), байламта (союзы), модалдык сөздөр (модальные слова), бөлүкчө (частицы). Модальные слова – особое грамматическое явление киргизского языка, отличное от других категорий [Шаршеев, 1969].

Келтирилген үзүндүдөн көрүнүп тургандай, кыргыз тилинин нормативдик грамматикасына байланыштуу изилдөөлөргө модалдык сөздөр кызматчы сөздөрдүн курамында каралып келген. Кийинки изилдөөлөрдө модалдык сөздөр өз алдынча сөз түркүмү катары классификациялана баштаган.

Ал эми Н.Шаршеев тарабынан модалдык сөздөрдүн алардын грамматикалык белгилерине карай төмөндөгүдөй классификациясы сунушталган:

а) образованные с помощью притигательных аффиксов III лица:

кыска+сы-кыскасы

кебете+сы-кебетеси

чама+сы-чамасы

сыяк+ы-сыягы

болжол-у-болжолу

б) образованные с помощью личных окончаний:

айт+а+лы-айталы

алса+к-алсак

де+й+м-дейм

в) образованные с помощью падежных аффиксов:

адат+да-адатта

чын+лык+ын+да-чындыгында

бирин+ынчы+дан-биринчиден

г) образованные с помощью глагольных форм:

айт+мак+чы-айтмакчы

көр+са-көрсө

көр+ын+ат-көрүнөт

д) образованные с помощью аффиксов именных частей речи:

тескери+си+н+че-тескерисинче

көп+ы+н+ча-көбүнчө

шек+сыз-шексиз

мен+ым+ча-менимче [Шаршеев, 1969].

Демек, жыйынтыктап айтканда, англис жана немис тилдеринен айырмаланып, кыргыз тилинде модалдык этиштердин атайын бир классы болбогону менен, модалдык сөздөр уңгу сөздөр түрүндө жана туунду сөздөр түрүндө да колдонулат. Туунду сөздөр катары алар сөз жасоочу жана сөз

өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган модалдык сөздөр морфологиялык жактан мүчөлөнбөй тургандыгын да белгилөөгө болот.

2.2. Англис, немис жана кыргыз тилдериндеги модалдык этиштердин методологиялык негиздери.

Иштин биринчи главасында тилдик модалдуулук грамматикалык категориясынын маңызы жөнүндө маселени карап чыкканбыз жана теориялык-практикалык мамиленин негизинде аны айтуучунун өз айтымында сөз кылынган кептин предмети жөнүндө пикирин чагылдырган маанилик катыш деп аныктаганбыз. Тилдик модалдуулук кубулушу үч бөлүктү бириктирет: биринчиден, өзүнүн айтымында кандайдыр-бир маалыматты кабарлаган айтуучу адамдын өзү; экинчиден, айтуучу адам белгилүү бир маалыматты кабарлаган айтымдын мазмуну; үчүнчүдөн, айтымда табияты же аракети сөз кылынган объективдүү чындыктагы кайсы бир кептин предмети.

Ошондой эле биз тилдик модалдуулук кубулушу тилдин бүткүл системасына мүнөздүү экенин тактаганбыз, модалдуулук функционалдык-грамматикалык категория катары тилде өтө ар түрдүү жана ар мүнөздөгү тилдик подсистемалар жана деңгээлдер аркылуу ишке ашат. Тилдик модалдуулук лексикалык каражаттар менен (модалдык сөздөр, модалдык этиштер, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, ар түркүн киринди сөздөр аркылуу), синтаксистик каражаттар менен (этиштик ыңгай парадигмасы, этиштик чак формаларынын парадигмасы, ар түркүн киринди сөз айкаштары жана курулмалары аркылуу), ошондой эле фонетикалык каражаттар менен да (сүйлөмдүн ар кыл коммуникативдик типтеринин интонациялык курулмалары, түз жана терс интонациялык структуралар, ошондой эле сөздөрдүн аралаш-инверсияланган тартиби аркылуу) чагылдырыла алат.

Тилдик модалдуулук кубулушу тилдин функционалдык-грамматикалык табиятын иликтөө үчүн эң мыкты полигон (сынак талаасы) боло алат. Тилдин

функционалдык-грамматикалык табияты тил кубулушунун милдеттүү касиети болуп саналат – ал тилдик системанын бардык деңгээлдерин: фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук жана лексикалык деңгээлдерин тепчип өтөт. Тилдик модалдуулук тилдик системаны иликтөөдөгү функционалдык-грамматикалык мамиленин негизги принцибине тике жана түздөн-түз туура келет: «Функционалдык грамматика ар түрдүү тилдик деңгээлдерге таандык болгон, бирок өздөрүнүн системалык функцияларынын жалпылыгынын негизинде бириктирилген каражаттарды бирдиктүү системада карайт; тилдик материалды сыпаттоодо функциялардан каражаттарга карай багыт функционалдык грамматиканын негизги, аныктоочу курулушу катары пайдаланылат» (Бондарко, 1990:565).

Ошентип, функционалдык грамматиканын позициясынан караганда, тилдик модалдуулук тилдин кеңири функционалдык-грамматикалык аймагы болуп саналат, бирок ал ошол эле учурда өзүнө окшош функционалдык-грамматикалык аймактардын катарындагы бир аймак болуп эсептелет, ал аймактар функционалдык грамматика теориясында функционалдык-грамматикалык талаалар (ФГТ) деп аныкталат: темпоралдуулук ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – сүйлөм-айтымда ишке ашкан кайсы бир убакыт бирдиги түшүнүгү), актуалдуулук ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – аракетти убакыт ичинде анын мүнөздөмөсүнө жараша бөлүштүрүү түшүнүгү), таксис ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – бир темпоралдык мезгилдин алкагындагы аракеттердин ортосундагы мезгилдик катыштар түшүнүгү), психолингвистикалык абалдар ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – айрым сөздө да, бүтүн айтымда ишке ашуучу эмотивдик бирдик), этиштик катыштар ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – айтымдын предметин камтыган бүтүн тарызделген этиштик лексика).

Демек, тилдик модалдуулук ФГТсы тилдин жалпы системасындагы семантика-грамматикалык катыштардын, каражаттардын жана бирдиктердин көлөмдүү аймагы болуп саналат, ал айтымдын мазмунунун жана анын

предикативдик негизинин айтуучу тарабынан аныкталган чындыкка болгон катышы катары мүнөздөлөт. Айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктын ортосундагы мындай катыштын негизги үстөмдүк кылуучу белгиси болуп «доминантты реалдуулуктун/ирреалдуулуктун белгилерине тигил же бул катыш катары чечмелөө» болуп саналат (теория функциональной грамматики, 1990; 59).

Тилдик модалдуулуктун ФГТсы модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясынын бирдиктүү көлөмдүү системасына (тилдик системага карата подсистемага) бириктирилет, ал система, биринчи ирээтте, айтуучунун айтылганга карата мамилесинин чагылышы, ошол эле учурда кабардын кептин предметине карата мамилесин баалоо болуп саналат.

Адатта тилдик модалдуулук теориясында «...модалдык катыштарды лингвистикалык анализде сүрөттөөнүн үч негизги деңгээли ажыратылат. Биринчи (эң жогорку) деңгээл – жалпы модалдык» (цит. Сол.: 60). Тилдин бүткүл системасын жана структурасын тепчип өткөн модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясы аталган эң жогорку, биринчи жалпы модалдык деңгээлде ишке ашат. Мында бул модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясы бүткүл тилдик модалдуулук ФГТсынын бириктирүүчү түшүнүктүк өзөгү катары кызмат кылат. Ушундай бириктирүүчү түшүнүктүк-грамматикалык өзөк катары модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясы «граммема» түшүнүгү менен дал келтирилиши мүмкүн. Мындай дал келтирүүдө биз бул граммема (аны «модалдык граммема» деп атасак болот) модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясынын ачык чагылдырылышы катары модалдуулуктун иерархиялык структурасынын эң башында, анын эң жогорку биринчи деңгээлинде турарына таянабыз. «Граммема – грамматикалык категориянын компоненти, ал өз мааниси боюнча тектик түшүнүк катары каралган грамматикалык категориянын маанисине карата түрлүү түшүнүктү билдирет» (Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:117).

Тилдик модалдуулук теориясында модалдык маанилерди манифестациялоонун экинчи жана үчүнчү деңгээлдерин да ажыратышат: «Экинчи деңгээл – модалдык маанилердин айрым типтерин (катарларын) бөлүп алуу, салыштыруу. Катарлардагы мамилелер табигый классификациянын принциби менен айкалышы мүмкүн... Үчүнчү деңгээл – айрым модалдык маанилердин (мүмкүндүк, зарылдык, каалангандык ж.б. маанилердин типтеринин, түрлөрүнүн жана варианттарынын) көп баскычтуу варианттуулугу (субкатегоризациясы)» (Теория функциональной грамматики, 1990:60). Биздин изилдөөчүлүк тилдик материал модалдуулук кубулуштарын стратификациялык жол менен андан ары, функционалдык грамматиканын призмасы аркылуу кароо менен тилдик модалдуулук теориясында аныкталган экинчи жана үчүнчү деңгээлдерге бөлүштүрүүгө толук жол берет.

Тилдик модалдуулуктун биринчи, эң жогорку деңгээлин биз функционалдык грамматиканын аспектисинде тилде башка ушундай эле темпоралдуулук, аспектуалдуулук, таксис ж.б. түшүнүктүк талаалар менен катар жашаган тилдик модалдуулуктун көлөмдүү функционалдык-грамматикалык талаасы катары аныктадык. Биринчи деңгээлди, тилдик модалдуулуктун ФГТсын аныктоонун негизинде модалдык граммема, өзөгүнүн грамматикалык багыттуулугу бар болгон бирдик жатат (караңыз: Бондаренко, 1990:117).

Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээли модалдуулукту андан ары классификациялоодо, объективдүү жана субъективдүү модалдуулук подсистемаларын бөлүп алууда ортого чыгат. Эгер модалдуулук кубулушун айтуучу адамдын айтымдын мазмунуна карата, ал эми айтымдын мазмуну аркылуу объективдүү чындыктагы кептин предметине карата бир тараптуу мамилеси катары карасак, анда мындай бир тараптуу мамиледе модалдуулуктун эки түрү бөлүнөрүн көрүүгө болот: субъективдүү модалдуулук жана объективдүү модалдуулук. Субъективдүү модалдуулук айтуучу адам менен анын айтымынын мазмунунун ортосунда жаралат, анткени айтуучу көпчүлүк учурда өзүнүн айтымынын маалыматтык бөлүгүнө кабарланып

жаткан окуя жөнүндө өзүнүн жеке мамилесин кошумчалайт, ал эми жеке мамиле, жеке пикир, атүгүл айтуучу толук ишенимдүү фактыларды кабарлоого аракет кылып жаткан учурда да, дайыма субъективдүү. Лингвистикада субъективдүү модалдуулукка төмөнкүдөй аныктама берилет: «Субъективдүү модалдуулук. Айтуучунун кабарга карата мамилесин (ишенүү же ишенбөө, макулдук же макул эместик, экспрессивдик баа) чагылдыруу» (Розенталь, Теленкова, 1985:131). Субъективдүү модалдуулукту чагылдырган тилдик каражаттарга модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сөз айкаштары, ошондой эле сөздөрдүн орун тартиби кирерин дагы бир жолу белгилей кетели.

Объективдүү модалдуулук айтуучу тарабынан айтылган айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктагы кептин предметинин ортосунда жаралат, анткени айтымдын тигил же бул мазмуну белгилүү бир кептин предметине байланышып, туура келүүгө тийиш, ал эч кандай жагдайда туура келбей турган башка предметке байланышпоого тийиш: «Объективдүү модалдуулук, кабарланып жаткан нерсенин чындыкка карата мамилесин (реалдуулук же реалдуу эместик, мүмкүндүк же мүмкүн эместик, зарылдык же ыктымалдуулук ж.б.) чагылдыруу» (Розенталь, Теленкова, 1985: 131).

Субъективдүү модалдуулуктун объективдүү модалдуулуктан айырмачылыгы эки моменттен байкалат. Биринчиден, субъективдүү модалдуулук камтылган айтымда дайыма айтуучунун субъективдүү ойлому катышат, анда айтуучунун мамилеси «чындык – жарым чындык – жалган» амплитудасында өзгөрүп турат, ошол эле учурда бул субъективдүү ойлом объективдүү модалдуулукта болбойт. Экинчиден, субъективдүү ойлом милдеттүү эмес мүнөзгө ээ болот, анткени айтуучу кабарга карата өзүнүн субъективдүү пикирин кошумчалабашы да мүмкүн, ошондуктан субъективдүү факультативдүү, б.а. милдеттүү эмес жана ыктымалдуу тилдик-түшүнүктүк бирдик болуп саналат. Объективдүү модалдуулук – милдеттүү тилдик-түшүнүктүк категория. «Объективдүү модалдуулук – ар бир айтымдын милдеттүү белгиси, предикативдүү бирдикти – сүйлөмдү калыптандыруучу

категориялардын бири. Объективдүү модалдуулук кабардын чындыкка карата мамилесин реалдуулук (ишке ашуу мүмкүндүгү) жана ирреалдуулук (ишке ашуу мүмкүн эместиги) планында чагылдырат» (Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:303).

Объективдүү модалдуулукту калыптандыруучу тилдик каражаттарга этиштик ыңгай категориясы, этиштик чак категориясы, интонациялык структуралардын узуалдык типтери, ошондой эле биз өз ишибизде иликтеп жаткан модалдык этиштер кирерин дагы бир жолу белгилей кетели.

Тилдик модалдуулук теориясында «табигый классификациянын принциби менен байланышкан катарлардагы карым-катыш» (Теория функциональной грамматики, 1990:60) катары аныкталган тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээли, жогоркудан улам, модалдуулуктун эки түрүн: субъективдүү модалдуулукту жана объективдүү модалдуулукту камтыйт. Мында тилдик модалдуулуктун эки талаасын бөлүп алуу зарыл болот – субъективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасы (ФСТ) жана объективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасы. Аталган функционалдык-семантикалык талааларды калыптандыруучу негизги грамматикалык категория болуп тилдик модалдуулуктун түрлөрү: айтуучунун кабарга карата мамилесин чагылдырган субъективдүү модалдуулук жана кабардын сөз болуп жаткан кептин предметине карата мамилесин чагылдырган объективдүү модалдуулук саналат.

Жогоруда биз тилдик модалдуулуктун биринчи деңгээлин модалдуулук кубулушунун иерархиялык тепкичиндеги эң жогорку деңгээли катары сүрөттөгөнбүз, анткени ал кеңири пландагы жалпы модалдык маани менен аныкталат, ал эми «модалдык граммема» түшүнүгү бул деңгээл үчүн эң ылайыктуу жалпылоочу бирдик болуп саналат. Ал эми тилдик модалдуулуктун экинчи, төмөнүрөөк деңгээлинде граммема түшүнүгү өзүнүн маанилүүлүгүн жоготот, анткени мында жалпы модалдык маанини, б.а. жалпы модалдык маанини эки бөлүккө ажыратуучу модалдуулуктун деңгээли алдыңкы планга чыгат. Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлинде модалдык граммема

«модалдык семантемага», б.а. модалдуулуктун субъективдүү жана объективдүү жактарын чогуу эсепке алуучу бирдикке трансформацияланат. Бул учурда «семантема» катары субъективдүү модалдуулукту жана объективдүү модалдуулукту чагылдыруунун ар түрдүү мүнөздөгү тилдик каражаттарын бирдиктүү функционалдык-семантикалык талаага бириктирген түшүнүктүк-маанилик өзөктү түшүнөбүз. Бул деңгээлде биз субъективдүү же объективдүү модалдык семантиканын грамматикалык категориясы аркылуу түзүлгөн функционалдык талааны, тагыраак айтканда функционалдык-семантикалык талааны көрөбүз.

Семантема нукура структуралык-грамматикалык бирдик болбостон, айтымдын семантикасына жакындаган бирдик болуп саналат, анткени ал өтө ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн маанилерин бирдиктүү бүтүн кырдаалдык шартталган айтымга бириктирген маанилик компоненттин чагылышы болуп саналат (караңыз: Ахманова, 1996:400; 1972:376).

Мисалы, «учуу жөндөмү» семантемасы «Бийик асманда батып бараткан күндүн нурларында алыстан кичинекей чекит болуп көрүнгөн кандайдыр-бир чоң куш, балким, шумкар, каалгый учуп жүрдү» айтымын бириктирип турат. Бул семантема «каалгый учуп жүрдү – кандайдыр-бир куш – шумкар» аталыштарын тике байланыштырат жана бул аталыштарды башка аталыштар менен кыйыр түрдө байланыштырат: «бийик», «асманда», «батып бараткан күндүн нурларында», «алыстан көрүнгөн», «кичинекей чекит болуп». Ошол эле учурда мындай семантема ар түрдүү модалдуулукка ээ болушу мүмкүн: субъективдүү – эгерде айтуучунун субъективдүү ойлому катышса, же объективдүү – эгерде айтуучунун субъективдүү пикири катышпай, айтымдын предикативдүүлүгүн чагылдыруу учурунда, б.а. «(сөз айкашынан айырмаланып) сүйлөмдө ишке ашып жаткан мазмундун, ойдун предметинин чындыкка байланыштырууда» (Ахманова, 1996:346)

Ошентип, тилдик модалдуулукту сүрөттөөнүн экинчи деңгээлинде эки функционалдык-семантикалык талааны бөлүү зарыл: бириктирүүчү грамматикалык категориясы субъективдүү модалдык семантема болгон

субъективдүү модалдуулук функционалдык-семантикалык талаасы жана бириктирүүчү грамматикалык категориясы объективдүү модалдык семантема болгон объективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасы.

Тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээли экинчи деңгээлге салыштырмалуу конкреттештирилген мүнөздө болот. Эгер тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлинде аппозитивдүү модалдык корреляция: субъективдүү модалдык семантема – объективдүү модалдык семантема орун алып, ушул грамматикалык аныктоочу семантемага жараша экинчи деңгээлде эки функционалдык-семантикалык талаа: субъективдүү модалдуулуктун ФСТсы жана объективдүү модалдуулуктун ФСТсы түзүлсө, тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээлинде функционалдык-семантикалык талаалар тилдик модалдуулуктун жогорураак деңгээлиндеги ФСТнын функционалдык каражаты болгон модалдуулукту чагылдыруучу тилдик каражаттарга байланыштуу жаралат. Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлиндеги субъективдүү модалдуулуктун ФСТсын, биз мурда белгилегендей, төмөнкү тилдик каражаттар түзөт: модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сүйлөмдөр, сөздөрдүн орун тартиби. Объективдүү модалдуулуктун экинчи деңгээлдеги ФСТсын этиштик ыңгай, этиштин чактары, интонациянын ар түрдүү коммуникативдик типтери жана модалдык этиштер категориясы түзөт.

Жогоруда аталган субъективдүү же объективдүү модалдуулуктун ФСТсын аныктоочу тилдик каражаттардын ар бири модалдуулдуктун үчүнчү денгээли үчүн таяныч, негиз боло алат – бул учурда биз модалдык сөздүн ФСТсы, модалдык сөздүн ФСТсы же этиштик ыңгайдын ФСТсы, этиштин чактарынын ФСТ ж.б. жөнүндө сөз кыла алабыз.

Бизди модалдык этиштин ФСТсы кызыктырат, бул маселе негизги факторлорду эске алуу менен кызыктырат. Биринчи фактор модалдык этиштердин ФСТсы «семантикалык» талаа түзөрүндө турат, анткени талааны түзүүнүн негизинде семантика теориясында «сема» деп аталган семантикалык мүчөнүн түшүнүктүк-маанилик категориясы жатат. Экинчи фактор модалдык

этиштердин ФСТсы, ал тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээлине таандык болсо да, бүтүндүктүү системаны, талаанын бир бөлүгүн эмес, системалуу уюшулган талааны түзөрүндө турат, анткени ал өзүнүн өз алдынча синтаксистик категориясына, модалдык семага ээ, модалдык сема бүткүл талаанын түзүүчү болгон эң негизги семантикалык категорияга айланат.

Ошентип, модалдык этиштин (модалдык этиштердин) ФСТсы тилдик модалдуулукту сүрөттөөнүн үчүнчү деңгээлинде түзүлөт жана ал объективдүү модалдуулуктун көлөмдүүрөөк ФСТсына кирген конкреттештирилген талаалардын бири болуп саналат.

Модалдык этиштердин ФСТсынын негизги аныктоочу семантикалык категориясы болуп «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык-грамматикалык категориясы саналат, ал модалдык-грамматикалык категория кеңири мазмундук пландагы түшүнүктүк-маанилик компонент, архисема (түрдүк маанидеги жалпы сема) болуп эсептелет (караңыз: Гак, 1972:371). Бул түрдүк семантикалык компонент «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу», модалдык архисема болуп саналып, ошол эле учурда бардык модалдык этиштерди жана аларга жакын тилдик каражаттарды модалдык этиштердин функционалдык-семантикалык талаасынын бүтүндүктүү системасына бириктирген функционалдык-семантикалык түшүнүктүк категория да болуп саналат.

Бул «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык архисемасы өзүнөн кеңирирээк көлөмдөгү башка архисемаларга байланыштыруучу таяныч болуп саналат. Модалдык архисеманын мазмунунун мындай кеңири көлөмү «айтуучунун позициясы ачык же көмүскө түрдө модалдуулуктун ар бир чечмеленишинде камтылат, анткени чындыкка карата мамиле дегенде биз айтуучунун түшүнүгүндөгү чындыкты түшүнөбүз» (Теория функциональной грамматики, 1990:64).

Модалдык этиштер өздөрү байланышкан маани берүүчү этиштер менен чогуу татаал түшүнүктүк-маанилик структураны, тагыраак айтканда семантикалык структураны түзүшөт. Экстралингвистикалык маалыматтарды

эсепке алганда модалдык этиштер өздөрү байланышкан маани берүүчү этиштер менен чогуу экстралингвистикалык шарттардын таасири астында түзүлөт жана интралингвистикалык, нукура тилдик жактан «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык-грамматикалык категориясынын таасири астында алар семантикалык структураны түзүшөт, бул структуранын иерархиялык жактан эң жогорку баскычында «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасы турат, ал ошол эле учурда ушундай эле аталыштагы модалдык-грамматикалык категория болуп саналат.

Ошентип, модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасынын башында модалдык архисема турат.

Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин иерархиялык структурасында модалдык архисемадан төмөнүрөөк дифференциялоочу сема жайгашат, ал маанисинин көлөмү жагынан архисемага салыштырмалуу кичирээк болот. Архисема сөз болуп жаткан кептин предметинин тектик белгисин чагылдырса, дифференциялоочу сема түрлүк белгисин чагылдырат. Биз талдаган тилдик материалыбызда модалдык этиштин жана ал байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында үч дифференциялоочу семаны аныктайбыз: «жөндөмдүү болуу (жөндөмдүү)», «милдеттүү болуу (милдеттүү)», «каалоо (каалайт)». «Милдеттүү болуу (милдеттүү)» дифференциялоочу семасы үч англис модалдык этишинен *must, ought, need* жана эки немис модалдык этишинен көрүнөт: *müssen, gollen*. «Каалоо (каалайт)» дифференциялоочу семасы бир англис *may* жана үч немец *Dürfen, möggen, wollen* модалдык этиштеринен алынат.

Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында архисема жана дифференциялоочу семадан тышкары потенциалдуу семаларды да аныктоого болот, алар аталган семантикалык структурада белгилүү бир кырдаалдык шарттарда гана жаралат жана кызмат кылат. Мисалы, лингвистикалык иликтөө көрсөткөндөй, *can* англис модалдык этишинин жана аны менен байланышкан маани берүүчү

этиштин семантикалык структурасында үч потенциалдуу семаны байкоого болот: *1. жөндөмдүү болуу, билүү; 2. Күмөндүүлүктү, ишенбөөнү чагылдыруу; 3. Мүмкүндүктү чагылдыруу, божомолдоо.* Бирок маани берүүчү этиште бул үч потенциалдуу семаны байкоого болсо да, реалдуу кептик кырдаалда бир гана потенциалдуу сема ишке ашат, ал эми калган экөө колдонууга кирбейт.

Können немис модалдык этишинин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында төрт потенциалдуу семаны ажыратууга болот: *1. Жөндөмдүү болуу; 2. Чыгынуу, даап баруу (психологиялык даяр болуу); 3. Божомолду чагылдыруу; 4. Билүү, жасай алуу* (бир нерсеге үйрөтүлгөн болуу).

Ошентип, англис жана немис модалдык этиштеринин жана алар менен байланышкан маани берүүчү этиштердин семантикалык структурасы «...«архисеманын» (тектик маанидеги жалпы семанын), түрлүк маанидеги «дифференциялоочу» семанын жана сөз болуп жаткан объектинин кошумча мүнөздөмөлөрүн чагылдыруучу «потенциалдык» семанын иерархиялык уюшулушуна ээ» (Гак, 1972:231).

Аталган семантикалык компоненттердин баары: архисема, дифференциялоочу сема жана потенциалдуу сема – жыйынтыгында жөнөкөй эле семалар болуп саналат. Сема – бул «синтаксистик катардагы чагылдыруу планынын тиешелүү бирдиктери (элементтери) менен байланыштырууга мүмкүн болгон мазмундук пландын эң майда (чектик) бирдиги» (Ахманова, 1996:400).

Архисеманы жана дифференциялоочу семаларды модалдык этиштин өзү менен байланыштырууга мүмкүн экенин жогорудагылардан улам байкоого болот, анткени ал семалар модалдык этиш менен чагылдырылат, ал эми потенциалдуу семаны тиешелүү маани берүүчү этиш менен байланыштырууга мүмкүн, себеби ал сема маани берүүчү этишти колдонгондо гана жаралат.

Жогоруда сөз болгондордун баарын англис жана немис тилдеринен алынган фактылык материал менен иллюстрациялайлы:

1. *«I can't say anything in house, old cport»* (Fitzgerald, 2014:182). - Бул үйдө мен жөн эле унчуга албай калам.

2. *«Ja, aber was könnte sein? Wir können nicht mehr so leben wie bevor oder ... oder zwischen uns wird alles vorbei sein…*(Richter Krestekat, 1977:17). -«Ооба, бирок эмне болушу мүмкүн? Биз мындан ары мурункудай жашай албайбыз, болбосо... болбосо биздин ортобуздагынын баары бүтөт».

Жогоруда келтирилген 1) жана 2) мисалынын экөөндө тең модалдык этиштер колдонулган, 1) мисалында англис *can*, болгону *not* терс бөлүкчөсү менен; ал эми 2) мисалында немис *können* этиши. Бул модалдык этиштер өз маанилеринде көмүскө түрдө «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык архисемасын камтышат. Ошондой эле бул англис жана немис этиштери өз маанилеринде имплициттүү түрдө «каалайт» дифференциялоочу семасын камтышат, ал эми *(not) say* маани берүүчү этишинин мааниси «шектенүүнү, ишенбөөнү чагылдыруу» потенциалдуу семасын имплициттейт. Ошентип, can англис модалдык этишинин жана аны менен байланышкан *(not) say* маани берүүчү этишинин семантикалык структурасы жөнүндө бул эки этиштик бирдик сүйлөм-айтымдын курамында колдонулганда жана ошол эле учурда байланыштуу колдонулганда гана сөз кылууга болот, бул учурда can модалдык этиши *(not) say* маани берүүчү этишине караганда үстөмдүк кылуучу түшүнүктүк-маанилик абалда турат, анткени бул модалдык этиш эки маанилүүрөөк семаны: «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасын жана «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасын чагылдырып турат, ал эми байланышкан *(not) say* маани берүүчү этиши бир гана потенциалдуу семаны «шектенүүнү, ишенбөөнү чагылдыруу» семасын чагылдырат, бул сема маани берүүчү этишке *not* терс бөлүкчөсү кошулганда ого бетер күчөйт.

Немис тилиндеги 2) мисалында колдонулган *können* модалдык этиши *(nicht so) weiterleben* маани берүүчү этиши менен байланышып, аны менен бирге бирдиктүү семантикалык структураны түзөт. Модалдык этиш *konnen* маани берүүчү *(nicht so) weiterleben* этишине карата үстөмдүк кылуучу абалды

ээлейт, анткени бул модалдык этиш, биринчиден, «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасын чагылдырат, экинчиден, «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасын чагылат, ал эми маани берүүчү этиш бир гана потенциалдуу семаны «божомолду чагылдыруу» семасын чагылдырат, ошол эле учурда потенциалдуу семанын мааниси жогорулайт, бирок тануу мааниси тарапка, анткени маани берүүчү этиш өзүнө *nicht so* терс бөлүкчөсүн кошумчалаган.

Ошентип, англис тилиндеги 1) жана немис тилиндеги 2) мисалдарынын экөөндө тең модалдуулукту чагылдыруучу семантикалык структура модалдык этиш өзүнө кырдаалга ылайык келген маани берүүчү этишти кошумчалаганда гана ишке ашат: 1) *can't say* 2) *können nicht so weiterleben*. Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасы иерархиялуу уюшулган: иерархиялык шатынын эң башында архисема жайгашат, кичине төмөнүрөөк – дифференциялоочу сема, бул эки сема тең модалдык этиштин өзүнүн мазмуну аркылуу чагылат; иерархиялуу семантикалык шатынын ылдый жагында потенциалдуу сема жайгашат, ал маани берүүчү этиштин мааниси аркылуу чагылдырылат. Бирок, келтирилген 1) жана 2) мисалдарынын ар биринде катышкан эки этиштик бирдик бирдиктүү грамматикалык тарызделген бүтүндүктү түзүшпөйт, бирок алардын семантикалык структуралары биримдиктүү түшүнүктүк-маанилик бүтүндүктү түзүшөт – 1) *can't say* бүтүндүктүү семантикалык структураны түзүп, анда «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасы, «жөндөмдүү» дифференциялоочу темасы жана «шектенүүнү, ишенбөөнү чагылдыруу» потенциалдуу семасы чагылдырылат; 2) *Können nicht so weiterliben* англис мисалындагыдай эле «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасын, «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасын жана байланышкан маани берүүчү этиштен келип чыккан «божомолду чагылдыруу» потенциалдуу семасын чагылдырган бүтүндүктүү семантикалык структурага ээ.

Тилдик модалдуулуктун функционалдык грамматика теориясы боюнча үчүнчү, эң конкреттешкен деңгээлин карап чыгуу бул деңгээлде төрт

функционалдык-семантикалык талааны ажыратууга болот деп эсептөөгө мүмкүндүк берет: грамматикалык ыңгай ФСТсы, этиштик чак ФСТсы, интонациянын коммуникативдик типтери ФСТсы жана модалдык этиштер ФСТсы.

Бизди кызыктырган модалдык этиштер талаасы иликтенип жаткан тилдердин ар биринде модалдык этиштердин ар кандай саны менен мүнөздөлөт – англис модалдык этиштер системасында – беш этиштик бирдик: *can, may, might, must, need, ought;* немис модалдык этиштер системасында – жети этиштик бирдик: *dürfen, können, möggen, müssen, sollen, wollen.*

Бирок, изилдөөчүнүн жеке көз карашына таянып, бул тилдердеги модалдык системаларды үч түшүнүктүк-маанилик топко бөлүп кароого болот:

1. «Мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер, бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасы жатат;

2. «Зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер, бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «милдеттүү» дифференциялоочу семасы жатат;

3. «Каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер, бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «каалайт» дифференциялоочу семасы жатат.

Мындай классификациялоо «жөндөмдүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 1-тобуна *can* англис модалдык этишин жана *können, lasse*n немис модалдык этиштерин киргизүүгө; «милдеттүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 2-тобуна үч англис модалдык этиштерин *must, ought, need* жана эки немец модалдык этиштерин *müssem, salle*n киргизүүгө; «каалайт» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 3-тобуна англис модалдык *may* этишин жана үч немец модалдык *dürgen, möggen, wollen* этиштерин киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, англис жана немец модалдык этиштерин функционалдык-грамматикалык иликтөөдө биз, биринчиден, модалдык этиштердин эң кеңири ФСТсын аныктайбыз, анын курамында андан ары үч функционалдык-семантикалык топту бөлүп алабыз:

1. «мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ;

2. «зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына жана «милдеттүү» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ;

3. «каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ.

Ошондой эле аналитикалык англис тилиндеги жана флективдүү немец тилиндеги модалдык этиштердин ФСТсын салыштырып кароо, тилдик типтин системасы жана структурасы модалдык этиштердин системасына кандай таасир тийгизери жөнүндөгү маанилүү маселени иликтөөгө аракет кылабыз.

Тилдик материалды конкреттүү талдоодо, англис жана немис тилдеринин модалдык этиштер системаларын салыштырууда аталган модалдык бирдиктерди функционалдык-грамматикалык иликтөөгө жана аналитикалык англис жана флективдүү немис тилдеринин жалпы грамматикалык түзүлүшүнүн структуралык айырмачылыктарына байланышкан өтө ар түрдүү маселелер келип чыгышы мүмкүндүгүн эске алабыз.

2.3. Англис жана немец тилдериндеги модалдык этиштердин жана кыргыз тилиндеги модалдык сөздөрдүн келип чыгуу жана калыптануу тарыхынан

Азыркы кыргыз, англис жана немис тилдеринин модалдык этиштеринин функциялык эквиваленттерин салыштырып изилдөө ишин функциялык-семантикалык ыкма аркылуу ишке ашыруу талапка ылайык. Котормо теориясындагы мындай функциялык-семантикалык ыкма тилдердеги

лексикалык жана лексикалык-грамматикалык бирдиктердеги шайкештиктерди табуунун ишенимдүү жолу катары эсептелет. Биздин изилдөө ишибизде англис жана немис тилинен кыргыз тилине которуунун функциялык-семантикалык ыкмасын колдонуунун зарылдыгы герман тилдеринде орду бар модалдык сөздөр салыштырылып жаткан түрк-кыргыз тилдеринин обочолонгон лексикалык-грамматикалык категориясында такыр жоктугу менен шартталган. Котормодогу функциялык-семантикалык ыкма кыргыз тилинде герман модалдык этиштеринин функциясын аткара турган ушундай тилдик каражаттарды табуу керек, б.а. «кепте семантика-функционалдык милдетти аткарууга жөндөмдүү болууга тийиш [Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:565].

Бүгүнкү күндө азыркы герман англис жана немис тилдериндеги системада 12 модалдык этиш функцияланары мурда эле белгилүү болгон англис тилинде 5: *can, must, ought, need, may-* немис тилинде 7: *können, lassen, dürfen, müssen, sollen, wollen, mögen*, алар функциялык-семантикалык үч топ болуп бөлүштүрүлөт: 1. Мүмкүнчүлүктүн жалпы категориялуу семантикасы жана модалдык таяныч «жөндөмдүү» мааниси менен. 2. Зарылдык жалпы категориялык семантикасы жана «милдеттүү» таяныч модалдык мааниси менен.

Биринчи функциялык-семантикалык топко бир англис жана эки немис модалдык этиштерин «жөндөмдуулук» *can, können, lassen* модалдык таяныч маанилерин киргизүүгө болот. Экинчи функциялык-семантикалык топко англис тилиндеги үч жана немис тилиндеги эки модалдык этиштерди *must, ought, need; müssen, sollen* киргизүүгө болот. Үчүнчү функциялык-семантикалык топко бир англис жана үч немис тилдериндеги модалдык этиштерди *may; dürfen, mögen, wollen* киргизүүгө болот.

Кыргыз тилинде этиштердин кеңири разрядында модалдык этиштердин обочолонгон классы жок болгондуктан, кыргыз лексикалык семантикасында тийиштүү лексикалык-семантикалык каражаттар менен конституцияланган, жогоруда белгиленген модалдык таяныч маанилер үчүн семантикалык

котормого дал келүүлөрдү белгилөө зарыл. Алсак, герман таяныч модалдык «kann» мааниси кыргыз тилиндеги сөз жасоочу морфема менен өз алдынча этиштик «алат» лексемасы жана анын кыймыл атоочтук «алуу» түрүндөгү формасынын айкалышы аркылуу чагылдырылгандыгы белгиленет [English-Kyrgyz Dictionary, 2005:79]. Маселен, кыла алат, бара алат, баралат, коё алат, жумшай алат, бере алат, көрө алат ж.б.

Герман таяныч модалдык «soll, muss» мааниси кыргыз тилинде (кыймыл атооч семантикасы «-ыш»(-иш,-гуш,-уш) афикстери жана өз алдынча этиштик «керек»: кылыш керек, буруш керек, бөлүш керек ж.б. лексемасынын айкашы менен берилет.

Герман тилдериндеги *müssen, sollen* модалдык мааниси кыргыз тилинде «муктаж болуу», «мажбур болуу», «милдетүү болуу» сөз айкаштары менен берилет. Герман тилдериндеги *wollen* таяныч маани кыргыз тилинде «каалоо», «эңсөө» жана «тиле» үч этиши менен берилиши мүмкүн [Шамбаев, Джусаев, 1994:116]. Жогоруда берилген «жөндөмдүү», «милдеттүү», «каалайт» таяныч модалдык маанилерге төмөндөгү мисалдарды келтирүүгө болот:

«Жөндөмдүү» таяныч мааниси:

3) – *О жараткан, алар да ошондой оор көйгөйдү чечалат экен*! [Жакыпов, 1998:32] –

4) *Сен айткандай эле болсо экен, мен ойлойм: Асан ал ишти аткаралат* [Дуйшөнбаев,2015:96].

5) *Эмнеге биз аларга чыдашыбыз керек, кубалагыла* [Оморов, 1996:71].

6) *Акыйкат деген сөздү такай жүрөгүбүздө сакташыбыз керек* [Дин боюнча текстер жыйнагы, 2009:83].

7) *Кашайгыр! Кааласада эртен анын убагы жок болот* [Табалдиев, 2012:181].

8) *О, ботом! Сен да тиледин беле тойдон кур калбасам экен деп* [Табалдиев, 2012:187].

9) *Менин энсегеним эле бир күлүк ат* [Сапарбеков, 2017:244].

Ошентсе да кыргыз тилиндеги материалды алдын-ала иликтөө көрсөткөндөй, кыргыз тилиндеги «жөндөмдүү», «милдеттүү» жана «каалайт» таяныч модалдык этиштери англис жана немис тилдеринде орун алган объективдүү модалдуулуктун аркасы менен бир беткей берилбейт. Кыргыз тилинде жогоруда аталган таяныч модалдык маанилердин объективдүүлүгүнө субъективдүү пландын модалдуулугу салынып, айтуучунун субъективдүү жеке мамилеси чагылдырылат. Жогоруда келтирилген мисалдар субъективдүү модалдуулукту бекемдейт: 3-мисалды ырастоочу семантикасы бар «экен» модалдык бөлүкчө, 4-мисалда божомолдуулук семантикасындагы «сен айткандай болсо экен» лексикалык-синтаксистик киринди конструкциясы, 5-мисалда негативдүүлүктүн жалпы семантикасы, 6-мисалда белгиленген аракет айрым жогорулоонун жалпы семантикасы.7-мисалда «кашайгыр!» сырдык сөзүндө берилген айтуучунун эмоциясы; 8-мисал «о ботом!», 9-мисалда «эле» модалдык бөлүкчөдө конкреттүү багытталгандык семантикасы туюндурулган.

Ошентип англис жана немис тилдериндеги таяныч модалдык этиштерин *can, must, ought, need, may; können, lassen, dürfen, müssen, sollen, wollen, mögen* белгилөөдө, алардын «жөндөмдүү», «милдеттүү» жана «каалайт» таяныч модалдык маанилери менен алардын кыргыз тилиндеги семантика-функционалдык шайкештиктери табуу зарыл. Герман модалдык этиштерине тиешелүү объективдүү модалдуулукту туюндурган тилдик каражаттардын адекваттуу шайкештиктерин табуу үчүн кыргыз тилинин сүйлөшүү жана адабий тилиндеги субъективдүү модалдуулукту туюндуруучу аналогдорду табуу аркылуу которуу зарылчылыгы келип чыгат.

Герман модалдык этиштеринин калыптанышы англис жана немис тилдеринин өнүгүшүнүн орто мезгилинде, орто англис тилинде 1300-1400-жылдарда, ал эми орто жогорку немис тилинде 1200-1300-жылдарда башталган. Модалдык этиштердин классынын орто англис тилинде орто жогорку немис тилине салыштырмалуу дээрлик 100 жылга кеч калыптана башташын бир гана себеп менен түшүндүрүүгө болот – орто англис тилинин системасы ошол учурда флективдик грамматикалык түзүлүштөн аналитикалык грамматикалык

түзүлүшкө өтүүнүн татаал процессин башынан өткөрүп жаткан. Тагыраак айтканда, орто англис тилинде үндүүлөр системасында ачык муундагы үндүүлөрдүн сапатынын өзгөрүшү менен коштолгон олуттуу фонетикалык өзгөрүүлөр башталган. Этиштин ар түрдүү морфологиялык өзгөрүүлөрү менен шартталган аналитикалык формалары өнүккөн. «Үндүүлөрдүн улуу жылышы» (the great vowel ghift) орто кылымдагы англис тилиндеги маанилүү трансформациялардын бири болуп калды. Бул өзгөрүүнүн натыйжасында бардык созулма үндүүлөр кыскарууга же дифтонгдошууга дуушар болду. Бул үндүүлөрдүн жылышы шарттуу түрдө 19-20-кылымдардын аягы менен белгиленет: а) *> (й): name >name (neim); (I)>(a) tide > tide (taid); (u) > (an) now>now (nau)* [Иванова, Чахоян, Беляева, 2005:132].

Орто кылымдагы англис тилинде фонетика-морфология-синтаксистик өзгөрүүлөрдүн процесси англис тилинин аналитикалык мүнөзгө, белгилерге жана касиеттерге ээ болушуна алып баратканына карабай, негизги тил (база, таяныч, «скелет») болуп байыркы кылымдагы герман тилинин англо-сакс варианты кызмат кылып турду. Бирок флективдик англо-сакс герман тилинин базасында ар түрдүү жергиликтүү тилдердин (кельт, скот, валлий, ирланд), британ аралдарына англо-сакстардан беш кылым мурун келген рим, латын тилдеринин, бул аралдарга англо-сакс тилинен кийин алып жүрүүчүлөрү менен чогуу келген башка ар кыл материктик (европалык) тилдердин, анын ичинде викингдердин (норманн, даниялыктар, норвегдер) тилдеринин, норманндардын орто кылымдагы француз тилинин (француз тилинин таасири алдында өзгөрүп кеткен викингдердин тилинин), ошондой эле «таза» орто кылымдагы француз тилинин, башка майда тилдердин аралашуусу флективдүү англо-сакс тилинин олуттуу гана эмес, радикалдуу, кардиналдуу өзгөрүүсүнө алып келди – бул түр өзгөртүү, форма өзгөртүүлөрдүн негизинде «жөнөкөйлөтүү мыйзамы» жатат. Бул мыйзамдын маңызын төмөндөгүчө түшүндүрүүгө болот: тилди алып жүрүүчүлөр алгач айтуу үчүн фонетикалык жактан татаал сөздөрдүн фонологиялык артикуляцияларын жөнөкөйлөтүшкөн, аны менен бирге морфеманын семантикасын жөнөкөйлөтүшкөн, бул өз кезегинде сөздүн

лексикалык маанисин жалпылоого жана номинативдик кырдаалга жараша ал сөздү тигил же бул сөз формасына кошууга алып келген [Плунган, 2003:5051; Bobinger, 1977:87-88].

Байыркы орто кылымдагы англис тилиндеги бул маанилүү жана кардиналдык өзгөртүүлөрдүн фонунда байыркы англис претериттик-презенттик этиштердин тобу да релеванттуу жана радикалдуу түр өзгөртүүлөргө дуушар болду. Кептин субстанциялык предметине айтуучунун мамилесин чагылдыргандыктан, модалдык багытка дээрлик ээ болгон бул топ орто англис тилинде кептин процессуалдык предметине айтуучунун мамилесин, ошондой эле жеке көз карашын чагылдырган модалдык этиштердин жаңыдан жаралып келаткан классы үчүн негизги платформа болуп кала алган жок. Претериттик-презенттик этиштердин 12 этиштик бирдиктен турган бул байыркы англис тобунан (1. *Wat* «билүү», 2. *Az* «ээ болуу», 3. *Deaz* «татыктуу болуу», 6. *Reart* «муктаж болуу», 7. *Dearr* «намыстануу», 8. *sceall* «милдеттүү болуу», 9. *Mon* «эстейм», 10. *mot* «намыстанам», 11. *Meaz* «жөндөмдүү болуу», 12.*zeneah* «жетиштүү болуу») болгону 3 этиштик лексема гана модалдык этиштер разрядына мыйзамченемдүү түрдө өткөн: *cann-can, mot-must, meaz-may*. Калган 9 претериттик-презенттик этиштердин бир бөлүгү флективдүү орто англис тили аналитикалык тилдик типке кескин транформацияланып жаткан масштабдуу тилдик түр өзгөртүүнүн жүрүшүндө жок болуп кетишти, бир бөлүгү болсо орто англис тилинин морфологиялык системасы менен бирге ар кандай өзгөрүүгө дуушар болушту [Ильиш,1968:358-359].

Мисалы, байыркы кылымдын англис претериттик-презенттик этиши *Wat* «билүү» (инфинитивдик (кыймыл атоочтук) формасы Witan) орто англис тили мезгилинин ортосунда тилден жок болуп кетти да, анын ордуна *to know* этиши колдонула баштады [Иванова, Чахоян, Беляева, 2005:146].

Мисалы:

1) *He knew it was the eighdetethe day of April, that is massager fo May* (The Man of haws tale.no Mc Night,1968:36) -Ал мунун апрелдин 18-күнү экенин,

майдын жылы экенин билчү. Же кеч орто кылымдагы англис тилинен төмөнкү мисалды алалы:

2) *But of thing I varne dree fual righte, be wel avysed on that like night* (The Milbr`s Tade Mc. Night,1968:49) -Бирок бир нерсени мен сага катуу эскертем: бул түн сага жагымдуу сезилсе да, сак бол.

Байыркы кылымдын англис тилинде *to like* этишинин ордунда претериттик-презенттик бирдик ann «жактыруу, жакшы көрүү», бирок орто англис тили мезгилинин кайсы бир учурунда орто англис этиши «ann» (инфинитивдик формасы unnen) колдонуудан чыгып калган, ал эми анын ордуна *to like* этиши «келди» [Ильиш, 1968:358].

Байыркы орто кылымдын англис тилинде болуп өткөндөй масштабдуу радикалдык өзгөрүүлөр орто немис тилинде болгон эмес. Мында да ар түрдүү фонетика-морфологиялык трансформациялар жүрүп жатты, бирок алар тилдин релеванттык маңызына – анын грамматикалык түзүлүшүнө такыр таасир тийгизген жок, немис тили байыркы кылымдын немис, орто кылымдын немис, эрте жаңы кылымдын мезгилдерде флективдүү боюнча калган.

Немис тилинде да байыркы орто кылымдын немис мезгилинде, жаңы кылымдын немис мезгилинде да басым түшкөн муундардын вокализми, басым түшпөгөн муундардын вокализми боюнча белгилүү бир фонетика-морфологиялык түр өзгөртүүлөр жүрүп жатты, сөздүн морфемалык курулушу жана сүйлөмдүн синтаксистик курулушу айрым бир олуттуу эмес өзгөрүүлөргө дуушар болду. Ошону менен эле бирге сөз жасоо системасы кайсы өзгөрүүгө дуушарланып, татаал сүйлөмдөр системасы өнүккөн. Мындан тышкары тилдин сөздүк кору олуттуу даражада толукталган жана өлкөнүн түштүгү менен түндүгүнүн, ошондой эле батышы менен чыгышынын ортосундагы негизги диалектикалык өзгөчөлүктөр жоюлган жана тилди колдонуунун нормалары турукташкан. бирок булардын баары биригип герман флективдүү түзүлүшүнүн негизги табиятына такыр таасир тийгизген эмес. «Морфологиялык түзүлүшү боюнча орто кылымдын немис тили андан мурунку мезгилден көп деле айырмаланбай, негизинен, флективдүү мүнөздү сактап калган» [Арсеньева,

Балашова, Берков, Соловьева 2003:266]. Мындай флективдүү мүнөз жаңы кылымдын немис тилинде да, азыр да сакталып калды [Абдрахманова, 2007: 50-51].

Балким, грамматикалык түзүлүштүн флективдүүлүгүн сактап калуудагы мындай туруктуулук азыркы модалдык этиштердин көпчүлүк бөлүгү, тагыраак айтканда, талданып жаткан модалдык маниге ээ жалпы 7 этиштик бирдиктин ичинен 5 модалдык-этиштик лексема претериттик-презенттик топтон келип чыкканына себеп болушу мүмкүн. Мисалы, орто жогорку немис тилинин төмөнкү претериттик-презенттик этиштери модалдык этиштер разрядына өтүшкөн: *kunnan - können, scullan-sollen, mugan-mögen, muzzan-müssen, wellen-wollen.* Бул этиштердин модалдык этиштер разрядына дал ушул орто кылымдын немис мезгилинде өтүшү тарыхый эстеликтерде сакталып калган. Мисалы,

3.Bald wird der Tag der Trauer zu dir kommen (Walter von der Vögelweide .Филипова, 1959:188) -Жакында сага кайгынын күнү түшөт.

4.Sie können hier leicht nicht nur Ihre Ehre verlieren, sondern auch Ihr Leben [Moskalskaj,1985:1880] -Силер бул жерден намысыңарды гана эмес, өмүрүңөрдүн өзүн да оңой эле жоготушуңар мүмкүн.

Ошентип, орто кылымдын немис тилиндеги претериттик-презенттик 11 этиштен 1. *wizzan* «билүү», 2. *eigan* «ээлик кылуу», 3. *haben* «ээ болуу», 4. *unnan* «көнүү», 5. *kunnan* «жөндөмдүү болуу», 6. *scullan* «милдеттүү болуу», 7. *mugan* «каалоо», 8. *Muozzan* «милдеттүү болуу», 9. *wellen* «каалоо», 10. *toug* «каалоо», 11. *gitar* «чыгынуу») орто англис тилиндегидей 3 эмес, 5 этиштик лексема модалдык маанидеги этиштерге трансформацияланган.

Азыркы англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштеринин классын калыптандырууга байыркы кылымдын англис жана байыркы кылымдын немис претериттик-презенттик этиштеринин разряды негизги пайдубал болуп бергени эч кандай шек туудурбайт. Бул байыркы кылымдын англис жана немис тилдеринде кайсы бир деңгээлде обочолонгон түрдө турган претериттик-презенттик разряд башка күчтүү жана күчсүз герман этиштеринен

байыркы тилдерде эле баш тартып, учур чакты күчтүү этиштердин өткөн чак модели (презентиалдык форма) боюнча, ал эми өткөн чакты күчсүз этиштердин өткөн чагынын модели (претериталдык форма) боюнча уюштурган. Бирок бул герман претериттик-презенттик этиштеринин грамматикалык семантикасында түрлүк маанинин жана маанинин натыйжалуулугунун аралашуусу гана эмес, алардын бири-бирин алмаштыруусу да болуп өткөн. Лингвограмматикалык өнүгүүнүн жалпы логикасында күчсүз этиштердин өткөн чагы аракеттин өткөн чакта бүтпөгөнүн билдирет [Иванова, Чахоян, Беляева, 2001:145].

Герман претериттик-презенттик этиштеринин түрлүк мааниси учур чактын формасында натыйжанын сакталышына багытталган, өткөн чакка байланышкан аракеттин бүткөндүгү түшүнүгү арткы планга сүрүлгөн. Герман претериттик-презенттик этиштеринин грамматикалык семантикасында «эгер мен бир нерсени мурун эстесем, анда аны мен азыр да эсиме тутам», же «эгер мен бир нерсеге ээ болууну каалаганды мурун сезген болсом, анда аны азыр да каалайм» принциби орун ээлей баштады. Ошондуктан претериттик-презенттик этиштердин тобунда «эски түрлүк формалар учур чактык формага трансформациялана баштаган» [Ильиш,1968:147].

Бирок герман тилдер тобуна кирген эки тилде тең претериттик-презенттик этиштер англис жана немис тилдеринин фонологиялык, морфологиялык, синтаксистик, сөз өзгөртүүчүлүк жана лексикалык системаларынын жалпы өнүгүшү менен байланышкан өтө ар кыл түр өзгөртүүлөргө дуушар болушту.

Англис тилинин аналитикалык грамматикалык түзүлүшкө багытталган системалык өнүгүшүнүн өзгөчө жолу менен шартталган байыркы англис претериттик-презенттик этиштеринин мындай ар түрдүү өнүгүү багыты орто кылымдын англис мезгилинин аягында алардын жазма эстеликтерден жоголо башташына, ал эми эрте жаңы кылымдын англис мезгилинде алар англис этиштеринин классификациясында өзүнчө топ катары көрсөтүлбөй калышына алып келген [Ильиш,1968:358-359; Иванова, Чахоян, Беляева, 2005:146; Monson, 1958:72].

Ошентсе да байыркы кылымдын англис претериттик-презенттик этиштеринин кандай себептен байыркы доордон тартып жогоруда төрт багытта өнүгө башташканы, биздин пикирибизде, алиге чейин такталбаган бойдон калууда. Биринчи ирээтте, байыркы англис претериттик-презенттик этиштери ошол кезде эле кептин субстанциялык предметине карата айтуучунун модалдык мамилесин чагылдыра алышкан. Анткени алар өнүгүүнүн кийинки этабына, айтуучунун кептин процессуалдык предметине карата модалдык мамилесин чагылдырууга өтүүгө тийиш болчу. Эмнеге байыркы англис претериттик-презенттик этиштеринин көпчүлүк бөлүгү орто жана жаңы англис мезгилдеринде модалдык этиштер разрядына трансформацияланбай калганынын себеби боюнча окумуштуулар арасында азыркыга бирдиктүү пикир жок.

Ишибиздин өткөн параграфтарында белгиленгендей, англис модалдык этиштеринин сандык жана сапаттык курамы азыркы мезгилге чейин такталган эмес жана бул маселе боюнча изилдөөчүлөр арасында бирдиктүү пикир жок. Мисалы, бүгүнкү күндө англистикада модалдык этиштер классына киргизилиши мүмкүн болгон этиштердин саны 5тен 14 этиштик бирдикке чейин өзгөрөт: *can, could, may, might, must, to have to, need, should, ought (to), shall, will, would, to be to, dare* этиштеринин ичинен бир нечесин гана, атап айтканда, *can, may, must, need, ought* этиштерин окумуштуулардын чоң тобу нукура модалдык этиштер катары таанышат.

Бирок модалдык этиштер классына киргизилген жогоруда саналып өткөн 14 модалдык этиштен сырткары, модалдык мааниде *to be able to, had better, used to* түрмөктөрү колдонулушу мүмкүн [Угарова, 2015:4]. Маселен, модалдык этиш катары *to be* +Infinitive + *to* бөлүкчөсүнөн турган түрмөк колдонулат [Баракова, 1977:233]. Ошондой эле модалдык этиштердин классына алардын семантикалык аналогдору да киргизилиши мүмкүн. Мисалы, *may* модалдык этиши дал ошол мааниде жана эч кандай кошумча шартсыз *to be allowed (to)* лексика-грамматикалык конструкциясы менен алмаштырууга болот.

Англис тилиндеги модалдык этиштик бирдиктерди окутуу лингвометодикалык, лингводидактикалык максаттарга багытталган. Атап айтканда, мектеп окуучуларынын, колледждин, жождун студенттеринин, ошондой эле бардык каалоочулардын англис тилин практика жүзүндө колдоно алуу, б.а., сүйлөө көндүмдөрүн өстүрүү үчүн модалдык этиштердин конкреттештирилген илимий классификациясы зарыл эмес. Практикалык жана нормативдик грамматикаларда модалдуулукту чагылдырган этиштик бирдиктердин баары «модалдык этиштер» деген жалпы аталыштагы бир чоң топко бириктирилет [Грузинская, Черкасская, 1956: 121-126; Чистик, 1975: 257-267; Баракова, 1977: 240-243; Матюшкина-Герке, Балашова, Броссе ж.б., 1990: 452-454; Матвеев, 2014: 135-145; Угарова, 2015: 4-8; Ионика, Саакян, 2016: 115-120].

Бирок англис тилинин илимий жана теориялык грамматикасында модалдык этиштер катары беш гана этиштик бирдик *can, may, must, need, ought* этиштери бөлүнүп көрсөтүлөт. Булардын ичинде баштапкы байыркы англис тилиндеги *can, mot* жана *maze* этиштеринен келип чыккан *can, must* жана *may* этиштери да бар. Жогоруда биз модалдык этиштерди бөлүп алуунун 5 принцибин көрсөткөнбүз: 1. Айтымда туюнтулган аракетке карата айтуучунун мамилеси; 2. Модалдык этиштин жанында маани берүүчү этиштин болушу; 3. Модалдык этиштин маанисинин ал келип чыккан өз алдынча этиштин маанисине салыштырмалуу тарышы жана модалдык этиштин маани берүүчүлүктү, б.а. жөнөкөй этиштик баяндоочтун кызматын аткаруу жөндөмдүүлүгүн жоготуусу; 5. Модалдык семантиканы адистешкен жана максаттуу түрдө чагылдырууга жөндөмдүүлүк. Мисалы:

5) «*I can`t hear you!» cried Kismine, intent on the scene before her. « You`ll have to talk louder You`ll have to talk louder»* (Fitzgerald, 2011:93) -«Укпай жатам – деп кыйкырды Кисмина, алдындагы көрүнүштөн көзүн албай. – Катуурак сүйлө!

6) *The story of Rip Van Winkle may see incredible to many, but nevertheless I give it my full belief, for I know the vicinity of our old Dutch settlements to have been*

very subject to marvelous events and appearances. (Irwing, 1984:102) -Рип Ван Винкле жөнүндөгү окуя көп кишиге укмуштуудай көрүнөт, ошентсе да мен ага толук ишенүү менен мамиле кылам, анткени Голландиянын эски кыштактары кереметтүү жана табышмактуу окуяларга абдан бай.

7) «*Yes, I haven`t had a dog long. I Must get rid of him. He`s a great musance* (Conan Doyle, 2014:68) -«Ооба, итти багып алганыма аз эле болду. Андан кутулушум керек. Ал ашыкча убара.

8) «*This work needn`t be done to-day», observed John* (Meyer,2009:131) -«Бул жумушту бүгүн жасаштын кереги жок»,- деп белгиледи Джон.

9) «*You ought to visit your parents more often», said he, in a lone of bitter derpodency* (Irwing, 1984:116) -«Сиз ата-энеңизге бат-баттан келип турсаңыз болмок»,- деди ал терең кайгыруу менен.

Жогоруда келтирилген англисче мисалдардагы модалдык этиштердин баары (5): *can`t*, 6): *may*, 7): *must*, 8): *needn't*, 9): *ought* этиштик бирдиктин модалдык этиш разрядына таандык экенин аныктоонун 1. айтуучунун аракетке карата мамилеси; 2. маани берүүчү этиштин болуусу; 3. модалдык маанинин тарышы; 4. модалдык этиштин өз алдынча мааниге ээ эместиги; 5. модалдык маанини адистешкен чагылдыруу өңдүү 5 принцибине толук туура келет.

Ошону менен бирге англис тилинин теориялык грамматикасында аталган беш критерийге кошумча катары этиштик бирдиктерди модалдык этиштер классына киргизүүгө мүмкүндүк берүүчү бир нече конкреттүү белгилерди аныкташкан. Биринчиден, модалдык этиштер жетишсиз этиштер (Defective Verbs) катары мүнөздөлүүгө тийиш, анткени алар башка этиштерден айырмаланып, аларга «тиешелүү болгон» жактама формалардын бардыгына ээ эмес, ошондой эле алар жаксыз формаларга – инфинитивге, чакчылга жана герундийге толук ээ эмес.

Эки гана этиш *can-could, may-might* өткөн чактын формасына ээ. Биз жогоруда белгилегендей, англис тилинин бардык нормативдик грамматикаларында аталган этиштер өз алдынча модалдык этиштер болуп

саналат, анткени алар тилек ыңгай (Subjunctive Mood) категориясында колдонулушу мүмкүн [Ионина, Саакян, 2016:115-116].

Биздин изилдөөбүз модалдык этиштер классына таандык болуунун жогоруда аталган 7 критерийин таанууга негизделгенин, ушундан улам биз англис тилинде *can* (could), *may* (might), *must*, *need* жана *ought*.беш модалдык этиштик лексеманы тааный турганыбызды дагы бир жолу белгилей кетели.

Байыркы кылымдын немис тилиндеги немис претериттик-презенттик этиштери, орто жана байыркы англис тилиндегидей эле, *1.wizzan, 2. Eigan, 3.haben, 4. Unnan, 5.kunnan, 6.scullan, 7.mugan, 8.muozzan, 9.wellen, 10.toug, 11.ginch, 12.gitar* деген өңүү 12 этиштик лексемадан турган. Немис тилиндеги бул претериттик-презенттик этиштердин англис тилиндеги ушундай эле мүнөздөгү этиштерден айырмасы алардын учур чакты күчтүү претерит формасында, ал эми өткөн чакты күчсүз претерит формасында уюштурганында болгон [Зиндер, Строева, 1957:143; Ильиш, 1968:123].

Бул претериттик-презенттик этиштер учур чакта күчтүү претериттин формасын элестеткени эки фактор боюнча аныкталат: 1. жекелик сандын уңгудагы үндүүлөрү көптүк сандагы зат атооч сөздүн курамындагы үндүүлөрдөн айырмаланат (*darf-durften; mag-mochten; will-wollten* ж.б.); 2. учур чактагы жекелик сандын 1 жана 3-жактарында мүчөлөр жок.

Жогоруда аталган 12 претериттик-презенттик этиштен модалдык этиштер классына *kunnan-konnen, scullan-sollen, mugan-mogen, muozzan-mussen, wellen-wollen* деген 5 этиштик бирдик өткөн. Бул претериттик-презенттик топтогу калган 7 этиштин немис тилиндеги төрт багыт боюнча кеткенин байкоого болот: 1. *wizzan* этиши *wissen* өз алдынча этишине трансформацияланган; 2. *eigen* этиши «өздүк» деген тектеш маниге ээ болгон *eigen* сын атоочуна трансформацияланган; 3. *haben* этиши *sein, fun, wender* этиштик бирдиктери менен чогуу этиштердин анча чоң эмес обочолонгон тобун түзүп, алар «…алар өткөн чактын негизин уюштурууда өздөрүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ, ошондой эле учур чакта жөндөлүш нормасында да олуттуу айырмачылыктар

бар» [Зиндер, Строева, 1957:143]; 4. *foung, ginah* жана *gitar* этиштери эрте жаңы жогорку немис мезгилинде эле колдонуудан чыгып калган.

Курамында 7 этиштик бирдик турган азыркы немис тилиндеги модалдык этиштердин тобу претерит-презент тобуна кирбеген *durfen* жана *lassen* деген 2 этишти камтыйт. Биздин пикирибизде, аталган этиштер өз алдынча этиштерден омонимиялык ыкма менен жасалган болуу керек. *Dürfen* этиши учур чактын жекелик санын күчтүү претериттин формасы боюнча уюштурарын (darf) белгилей кетели, бул жагынан алганда, бул этиш претерит-презентке жакын турат. Бирок претериттик-презенттик этиштерден учур чактын көптүк санын (dürfen) уюштуруу боюнча айырмаланат, бул форма инфинитив модели боюнча курулган [Бергман, Натанзон, 1957:160]. *Lassen* өз алдынча этиши омонимия процессинин натыйжасында «калтыруу, таштоо» маанисиндеги өз алдынча этиш жана модалдык маанидеги 2 этишке ажыраган.

Өзүнүн тарыхый өнүгүшүнүн жүрүшүндө башка тилдердей эле немис тили да, ар түрдүү фонетика-фонологиялык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук жана лексикалык өзгөртүүлөргө дуушар болгон. Бирок немис тили англис тилиндегидей радикалдуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Анткени немис тили диахрониялык калыптануусунда да, азыр да флективдүү грамматикалык түзүлүштөгү тил катары калууда.

Немис тилиндеги претериттик-презенттик этиштер тобу менен азыркы модалдык этиштер тобунун ортосундагы карым-катыш маселесинде немис тилинин азыркы грамматикасында 2 көз караш бар. Окумуштуулардын бир тобу немис тилиндеги модалдык этиштеринин азыркы тобу кайсы бир деңгээлде түр өзгөрткөн немис претериттик-презенттик этиштери деп эсептешет. Бул топ бүгүнкү күндө да ал модалдык этиштерди өз курамына камтыйт. Ошентип алар учур чакты күчтүү претериттин өткөн чак формасы менен уюштуруп, иш жүзүндө претериттик-презенттик этиш боюнча калууда. «Претериттик-презенттик этиштер деп учур чактын формасы катары күчтүү претеритке туура келген форма эсептелген этиштер каралат. Бул топко төмөнкү этиштер кирет: *wissen, dürfen, können, sollen, mogen, müssen, wollen*…

Семантикалык жактан этиштердин бул тобу маанилеринин модалдуулугу менен бириктирилет. Мында wissen этиши гана бул эрежеге баш ийбейт» [Зиндер, Строева, 1957: 143; Glinz, 1965: 101-102; Jung, 1971: 188-189; Schendels, 1988: 36].

Биздин оюбузча, немис тилиндеги претериттик-презенттик тобундагы этиштерди жана модалдык топтогу этиштерди классификациялоодогу мындай дал келбөөчүлүктөр, терең семантикалык мамиледеги да, тышкы-номинативдик мамиледеги да дал келбөөчүлүктөрдү көрсөтүү менен бирге, биздин немис тилиндеги модалдык этиштердин семантика-түшүнүктүк касиеттерин иликтөөгө багытталган максатыбызга такыр тоскоолдук кылбайт.

Биздин изилдөөбүз үчүн немис тилиндеги этиштердин тобун *dürfen, wissen, können, sollen, mögen, müssen, wollen* претериттик-презенттик этиштер деп же модалдык этиштер деп эки башка атаганыбыз эч кандай маниге ээ эмес, анткени аталган бул этиштик бирдиктердин экөөндө тең айтуучунун өз айтымында камтылган аракетке карата мамилесин чагылдырган модалдуулук бар экени окумуштуулар тарабынан бир ооздон белгиленип жүрөт.

Жогоруда англис тилиндеги этиштик этиштик бирдиктер 7 критерийге туура келүүгө тийиш экени көрсөтүлгөн: 1. айтуучунун өз айтымында камтылган аракетке карата белгилүү бир мамилесин чагылдыруу; 2. Жанында маани берүүчү этиш түрүндөгү семантика-грамматикалык толуктоонун болушу; 3. Өзү келип чыккан өз алдынча этишке салыштырмалуу тар модалдык маниге ээ болушу; 4. Маани берүүчүлүк касиетке ээ болбоо, б.а. жөнөкөй этиштик баяндоочтун функциясын аткарбоо; 5. Модалдык семантиканы адистешкен жана максаттуу түрдө чагылдыруу; 6. Жетишсиз этиш болуу, б.а. этиштердин башка класстарына мүнөздүү болгон этиштик-чактык формалардын толук парадигмасына ээ болбоо; 7. Кайсы бир деңгээлде чектелген логикалык типтеги, лексикалык коннотативдүү ыраңдар (оттенки) ажыратылбаган семантикага ээ болуу. Айтылган пикирге карата төмөндөгү мисалдарды келтирүүгө болот:

10) *Wenn ich an seiner Stelle wäre, würde ich vielleicht einen Eimer voller Gips in die Robe gießen* (Plenzdorf,1976:93) -Анын ордунда мен болсом, балким, гипс толтура чаканы бүт сюртукка төгүп жибермекмин.

11) *Reinhart blieb stehen. „Ich habe noch nichts davon gehört. Ich kann es mir nicht vorstellen. Ich kann es nicht…»* (Storm,1998:26) -Рейнхарт токтолуп турду. «Мен бул жөнүндө уккан эмесмин. Муну мен элестете албайм. Элестете албайм...»

12) *« Wenn ich hierher komme, bitte ich Sie um Höflichkeit: Zeigen Sie mir einen Gefallen, dürfen Sie mir, zumindest kurz in Ihren Spiegel zu schauen»* (Hauff,1981:149) -«Мен келем да, Силерден бир кичипейилдикти өтүнөм: мага боорукерлик кылыңыз жана Сиздин күзгүңүздөн аз да болсо каранып алганга уруксат бериңиз»/.

13) *Er wollte "nein" sagen, weil er sich an seine Frau erinnerte*.(Karrasch, 1977:64) -Ал «жок» деп айтууну каалады, анткени ал аялын эстеди.

14) *Bevor ich ihn nach Hause schickte, muss ich, ihn noch einmal danach zu fragen, in der Tat ... ah ... in Anbertraht außergewöhnliche Umstände ... oder vielleicht auch nicht»* (Hagemann,2001:9) -Аны үйүнө жиберерден мурда, мен андан дагы бир жолу бул суроо боюнча сурайын дедим эле, чынында элеби... ах... Анбертрахтта өзгөчө жагдай... же, балким, жок.

15) *«Wir sollten ernsthaft darüber reden, Mutter, weil wir dieser Frage immer ausweichen»* (Keyser,1977:112) -«Биз олуттуу сүйлөшүп алуубуз керек, апа, анткени, биз дайыма бул суроону буйтап өтөбүз».

16) *Ferdinand: Wer hat dir gesagt, dass du jemand sein sollst?* (Schiller,1974:300) -Фердинанд: Сен кимдир-бирөө болушуң керек деп сага ким айтты?

Жогоруда келтирилген немис мисалдарынын баарында этиштик бирдиктердин модалдык этиштер классына таандык экенинин 7 критерийи катышат. Биринчиден, алардын баары айтымда сөз болуп жаткан аракетке карата айтуучунун мамилесин чагылдырышат. 10) сүйлөм-айтымында *drfte* этиши аракетке карата ишке ашпай калган мүмкүндүк жөнүндө айтуучунун

пикирин билдирет; 11) сүйлөмүндө *kann* этиши аракетке карата терс мүмкүндүктү билдирет; 12) сүйлөмүндө *lasse* этиши аркылуу айтуучу аракеттин каалангандыгын актуалдаштырат; 13) сүйлөмүндө *mag* этиши аракеттин каалангандыгын билдирет; 14) сүйлөмүндө *muss* этиши ишке ашып жаткан аракеттин семантикалык милдеттүүлүгү жөнүндө айтуучунун пикирин билдирет 15) мисалында *wollen* этиши айтуучунун аракетти ишке ашыруу жөнүндө каалоосун чагылдырат; 16) мисалында *sollst* этиши аракетти ишке ашыруу зарылдыгы жөнүндө айтуучунун пикирин билдирет.

Экинчиден, жогоруда аталган этиштердин бардыгы өздөрүнө маани берүүчү этиштерди бириктиргенде гана модалдык этиштердин касиетине ээ болушат – 10) сүйлөм-айтымында бул – *können: dürfen- können*; 11) сүйлөмүндө – *kann-mir vorstellen*; 12) сүйлөмүндө бул – *lassen-schauen*; 13) сүйлөмүндө – *mag-sagen*; 14) сүйлөмүндө – *muss-geschickt werden*; 15) сүйлөмүндө – *wollte-reden*; 16) сүйлөмүндө бул – *solltest-sein*. Үчүнчүдөн, бул этиштердин *dürfen* (10-мисал), *können* (11), *lassen* (12), *mögen* (13), *müssen* (14), (15), (16) модалдык мааниси *können, möggen*, *müssen, wollen, sollen* претериттик-презенттик этиштеринин этимологиялык маанисине жана *durfen, lassen* өз алдынча этиштеринин маанисине караганда бир кыйла тар экендиги шексиз. Төртүнчүдөн, жогорудагы 10-16 немис тилинен алынган мисалдарындагы этиштик лексемалар өзүнүн маани берүүчүлүк касиетин жоготушкан жана жөнөкөй этиштик баяндоочтун функциясын такыр аткара алышпайт. Бешинчиден, жогоруда келтирилген этиштердин баары ар бир айрым берилген 10-16 сүйлөм-айтымдарында өзүнүн модалдык семантикасын чагылдырышат. Буга алардын башка окшош маанидеги этиштик бирдиктер менен сүйлөмдүн негизги модалдык жана маани берүүчүлүк маанисин жоготпостон байланыша албастыгы күбө боло алат.

Алтынчыдан, жогорку 10-16 мисалдарында катышкан аталган этиштик лексемалардын бардыгы грамматикалык көз караштан алганда жетишсиз болуп саналат – алар башка этиштик топторго мүнөздүү болгон грамматикалык белгилердин баарына ээ эмес. Жетинчиден, алардын баары «майып» деп

аталган семантикага ээ, анткени өз алдынча этиш сыяктуу аракетти өздөрү атай алышпайт, алар аракетке карата мамилени гана аташат, б.а. алардын семантикасы өз алдынча этиштердин семантикасына караганда толук эмес болуп саналат.

Биз англис тилинин *must, ought, need* үч модалдык этиши жана немис тилинин *müssen, sollen* эки модалдык этиши өзүнүн семантикалык негизинде “милдеттүү” таяныч модалдык маениге ээ экендигин көрсөттүк. Кыргыз тилинде берилген таяныч модалдык маани өз алдынча модалдык багытталган мааниси бар төрт лексикалык бирдик менен берилиши мүмкүн: *1. “…ыш керек”, 2. ”муктаж болуу”, 3. ”мажбур болуу” жана 4. ”милдетүү болуу”.* Берилген төрт лексикалык бирдиктин биринчиси “…ыш керек” формалары активдүү колдонулат. Ал эми акыркы үч лексикалык бирдик, К. К. Юдахиндин пикиринде, араб тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр болуп эсептелинет: “муктаж” (1. Нуждающийся; нужда; надобность) “мажбур – вынужденный, принуждённый, обязанный”,“милдет – обязанность; милдеттүү (обязанный, вменённый в обязанность” [Юдахин, 1985].

“Милдеттүү” таяныч модалдык маани азыркы кыргыз тилинде дал ушул төрт лексикалык бирдик аркылуу берилет, жана ошол эле учурда акыркы лексикалык бирдик расмий, же болбой калды дегенде жарым-жартылай расмий мүнөздөгү текстте активдүү колдонулат. Бул “милдет” деген араб тилинен өздөштүрүлгөн сөз кыргыз тилине башка “адабият (литература)” жана “маданият (культура, цивилизация)” [Юдахин, 1985] окшош өздөштүрүүлөр менен бирге келсе керек, жана берилген бардык үч лексикалык бирдик тең аягында окшош “ –т” башка тилдин аффиксине ээ, ошондой эле бардык араб тилинен өздөштүрүлгөн үч сөз кыргыз тилинде мамлекеттик институттардын расмий же жарым жартылай расмий баарлашуу чөйрөсүндө колдонулат.

Ушундай эле мурда ”жөндөмдүү” англис-немис таяныч модалдык маани, каралып жаткан “милдеттүү” англис-немис таяныч модалдык маани азыркы күндүн кыргыз тилинде өзүнүн түздөн-түз жана тике лексикалык жол-жобосуна

ээ эмес, себеби кыргыз тилинин этиштеринин кеңири лексика-семантикалык тобунда модалдык этиштердин обочолонгон классы таптакыр жок.

Бирок бул мындай таяныч модалдык маани кыргыз лексикасында берилбейт дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче, ал берилгенде да тилдин бардык деңгээлдеринде: морфологиялык, лексикалык, сөз жасоо, синтаксистик жана ал тургай фонетика-фонологиялык каражаттар менен берилет [Джусаев, 2000: 16-17]. Ушул эле учурда, “милдеттүү” таяныч модалдык маанисинин азыркы кыргыз тилиндеги чагылдырылышы тилдик модалдуулуктун объективдүү да, субъективдүү да тарабы бириктирилип берилген айтымдарда орун алат.

Тилдик модалдуулуктун объективдүү тарабы көбүнчө модалдык маалыматты жеке тилдик лексика-грамматикалык түзүлүшүнүн чегинде кармап турган тилдик системанын өзү менен детерминацияланган. Ошол эле учурда, мындай объективдүү модалдуулук азыркы кыргыз тилинде: 1. толук маанилүү предикаттыкка ээ мааниллик сүйлөм категориясы, 2. этиштин ыңгай категориясы, 3. этиштин чак формаларынын категориясы, 4. айтымдын интонациялык түзүлүшү өңдүү семантика-синтаксистик жана лексика-грамматикалык категориялар аркылуу туюндурулат.

Биздин учурда “милдеттүү” таяныч модалдык маанисин коштогон субъективдүү модалдуулук лексикалык ыкма аркылуу: 1. модалдык бөлүкчөлөр, 2. модалдык сөздөр, 3. сырдык сөз бирдиктери, 4. лексемалык киринди сөздөр; ошондой эле синтаксистик ыкма аркылуу да 5. киринди типтеги сөз айкаштары, 6. ар кандай кыстырынды конструкциялар аркылуу экспликацияланат.

Бир катар мисалдарды келтирели:

16. Ой, бечара, сага сөзсүз бир таяк <u>керек экен</u> ооруканага жеткенге [Жакыпов, 1998:24].

17. Классташтар эмне болгонун баарын ийне-жибине чейин <u>жазып турушубуз</u> <u>керек</u> деп чечишти [Жакыпов, 1998:12].

18.Чынын айтканда, жылаандын куйругун басып алдым *<u>болуш керек</u>* [Сапарбеков, 2017:14].

19.Каке, мунуңду кой, мен өзүм эле ал ишти *<u>бүтүрүшүм керек</u>* [Табалдиев, 2012:194].

20.Койгулачы, аларда эч кандай күнөө жок болуш керек, - деди Кудай Таала [Сапарбеков, 2017:43].

Субъективдүү пландагы модалдуулуктан айырмаланып, объективдүү модалдуулук “облигатордук” мүнөздү алып жүрөт. Б.а., тигил же бул айтымдын лексика-грамматикалык бүтүндөй структурасында чагылдырылат. Биринчиден, объективдүү модалдуулук кыргыз тилиндеги негизин предикат түзгөн сүйлөмдүн бардык түрүндө реализацияланат. Дал ушул предикаттык өзү менен «сүйлөмдүн негизи катары чындыкка карата айтымдын мазмунунун мамилесин чагылдырууну» билдирет [Ахманова, 1969:346]. Баяндалып жаткан нерсенин объективдүү модалдуулугу дал ушул предикатта өзүнүн баштапкы конструкциясына ээ болот [Медетова, 1982:5-6]. Жогоруда кыргыз тилинен келтирилген 21, 25-мисалдарда мындай предикаттык этиштик сүйлөм аркылуу семантика-грамматикалык жактан берилет. Анткени кептин предметинин иш-аракетин, абалын, сапатын жана касиетин түздөн-түз этиш чагылдырары белгилүү. Анын үстүнө жогоруда келтирилген бардык мисалдарда этиштик баяндооч катарында “милдеттүү” таяныч модалдык семантикасы менен лексикалык бирдиктер берилген:

21. : керек экен,

22. : жазып турушубуз керек,

23. : болуш керек,

24. : бүтүрүшүм керек,

25. : жок болуш керек.

Предикативдүүлүктү экспликациялаган этиштик баяндоочтор жогоруда келтирилген 21) керек экен, 23) болуш керек, 24) бүтүрүшүм керек деген үч мисалдагы кыргыз тилиндеги «керек» модалдык сөзү эки тутумдуу баяндоочтун түзүлүшүндө, ал эми 22) жазып турушубуз керек, 25) жок болуш

керек мисалдарындагы толук маанилүү сөздөр менен кызматчы сөз түркүмүнүн, модалдык жана жардамчы сөздөрдүн айкашы өз ара аракеттенишкен татаал көп тутумдуу баяндоочтун түзүлүшүндө колдонулган [Биялиев, 2002:246].

Жогоруда келтирилген 21,25- мисалдарда объективдүү модалдуулук этиштин баяндагыч ыңгайынын формалдуу-грамматикалык түзүлүшүнүн синтаксистик семантикасында да камтылган. Дал ушул баяндагыч ыңгай «реалдуу жашоодо конкреттүү болуп өткөн окуялардын жандуу образын берет» [Джусаев, 2000:23].

Баяндоочтун «керек» модалдык боёктогу этиштин чак формалары учурдагы планды репрезентациялоо менен [объективдүү модалдуулукту экспликациялайт (1-мисал: керек экен), (25-мисал: жок болуш керек), өткөн чактын планы (23-мисал: болуш керек), жана келер чактын планы (22-мисал: жазып турушубуз керек), (24 -мисал: бүтүрүшүм керек).

Жогоруда кыргыз тилинен келтирилген сүйлөмдөрдө модалдуулуктун түрдүү оттеноктору интонация, ошондой эле сырдык сөздөр аркылуу ишке ашырылат: (21-мисал: сырдык сөз “ой”), (24-мисал каратма сөз: “Каке”), (25-мисал: “койгулачы”), ошондой эле басаңдоочу акыркы синтагмалуу жай сүйлөмдүн нейтралдык интонациялык тиби аркылуу (22,23-мисалдар). Демек, келтирилген мисалдарда синтаксистик жактан изоляцияланган тилдик бирдиктер жана интонация аркылуу тилдик модалдуулуктун облигатордук белгиси реализацияланды десек болот.

Субъективдүү модалдуулук басымдуу көпчүлүк учурларда факультативдик мүнөзгө ээ экендиги белгиленип жүрөт. Ал модалдык бөлүкчөнүн, модалдык же киринди сөздү же сөз айкашынын, сырдык сөздүн, киринди, кыстырынды лексика-синтаксистик конструкциялардын жардамы аркылуу туюндурулушу ыктымал. Алсак, 21-мисалда “ой” сырдык сөзү; 22-мисалда “деп” модалдык отенокту туюндурган жардамчы этиш; 23-мисалда “чынын айтканда” киринди-модалдык сөз айкашы; 24-мисалда “эле” модалдык бөлүкчө; 25- мисалда “койгулачы” «кой» этишинин императивдик формасы

пайдаланылган. Ушул эле учурда, белгиленген бардык субъективдүү боёктогу модалдык маанилер сүйлөп жаткан адамдын өзүнүн сөзүнө да, белгиленип жаткан тилдик эмес реалдуулукка да жеке мамилесин билдирет.

26. *Мартин Лютер немис коомчулугуна өзүнүн ой-пикирлерин жарыялаганга ошондо эле муктаж болду* [Дин боюнча текстер жыйнагы, 2009:51].

27. *Ошондой катаал эркектер адам пендеден дагы эле чыгат экен, ошон үчүн биз мажбур болдук эч кимди калтырбай текшерүүгө,-деди Турсунакун жооп бергендей болуп* [Бейшеналиев, 2012:204].

28. *Адилеттүү тарыхчы катарында Р.Кудайкулов милдеттүү болгон кыргыздын «абыла» уругу 1775-жылдагы Екатерина IIге жазылган кайрылуу каттагы Абылай Сопу уулунун ысымы менен келип чыкканын коомчулукка билдиргени* [Сапаралиев, 1996:19].

Кыргыз тилине араб тилинен кирген «муктаж», «мажбур» жана «милдеттүү» үч сөзүнүн үчөө тең бардык жагынан ассимиляция жана адаптацияга (фонетикалык, морфологиялык, сөз жасоочу жана орфографиялык) дуушар болуп, эчактан бери эле кыргыз тилинин активдүү лексикасынан орун алган. Алардын семантикасы «милдеттүү» таяныч мааниси менен аныкталгандыгына карабастан, кыргыз тилинде алар которуу аспектисинде рельефтүү жана ачык көрсөтүлүүчү кээ бир семантикалык өзгөрүүлөргө да учураган. Мисалы, англис тилине которулганда «мажбур-forced, constrained», «муктаждык-want, necessity, need», «милдет-responsibility» [Шамбаев, Джусаев, 1994:109].

Араб тилинен кирген лексикалык бирдиктердин бирөө гана кыргыз тилинде кимдир бирөөнө, бир нерсеге иш аракетинин багытталышы маанисиндеги «милдеттендирүү» өтмө этиш аркылуу туюндурулат. Азыркы кыргыз тилинде мындай этиштик өтмө маани «мажбур» лексемасында да көрүнөт: «мажбурлоо», ошол эле учурда, азыркы тилдик чындыкта «муктаж» лексемасы өз семантикасында мындай өтмөлүүлүктү көрсөтпөйт.

26-мисалдагы “муктаж болду”, 27-мисалдагы “мажбур болду”, 28-мисалдагы “милдеттүү болгон” мисалдарындагы бардык үч лексема тең объективдүү модалдуулукту туюндурат. Сөз болуп жаткан модалдуулук мааниси баяндоочтук жай сүйлөм, маалыматты берүүдө этиштин баяндагыч ыңгайы, этиштин чак формалары аркылуу туюндурулушу ыктымал. Маселен, 26 жана 27-мисалдарда иш-аракеттин чечкиндүү аяктагандыгы, 28- мисалда милдеттүүлүк мааниси, 26 жана 28-мисалдарда интонация аркылуу модалдуулук туюндурулушу ишке ашкан.

26-мисалда субъективдүү модалдуулук факультативдик мүнөздө ишке ашырылган. Атап айтканда, “эле” модалдык бөлүкчөнүн колдонулушунун, ал эми 27-мисалда “катаал” субъективдүү модалдуулук негативдүүлүк семантикадагы “баалоо” сын атоочун шилтеме-салыштырмалуу ат атооч менен бирге субъективдүү модалдык мамилени көрсөтөт. Ошондой эле 28-мисалда сүйлөп жаткан адамдын жеке субъективдүү оюн билдирген баалоочу сөз айкашы колдонулган.

Ошондой болсо да «керек» жана «милдеттүү» кыргыз тилиндеги лексемалары колдонуу жыштыгы боюнча «милдеттүү» таяныч модалдык маанисин берүүдө араб тилинен кабыл алынган «мажбур» жана «муктаж» лексемаларынын колдонулуу жыштыгы жогору.

Экинчи бап боюнча кыскача жыйынтыктар

Модалдык этиштер англис жана немис тилдеринде тилдик бирдиктердин кеңири классын түзүшөт. Биз изилдөө объектиси катары англис тилиндеги 5 *can, must, ought, need, may* жана немис тилиндеги 7 *können, lassen, dürfen, müssen, sollen, mögen, wollen* жалпысы 12 модалдык этишти тандап алдык. Бирок, аталган модалдык этиштерди тилдик бирдиктердин кеңири классы катары карасак, анда аларга, биринчиден, этиш болуп саналган жана,

экинчиден, модалдык маанилерди туюндурган башка айрым лексемалар да киргизилиши мүмкүн. Буларга англис тилиндеги *to have to, should, shall, will, would, to be to* лексемаларын жана *to be able to, had better, used to, to be allowed to ж.б.* этиштик түрмөктөрүн киргизүүгө болот. Немис тилиндеги *wunschen, brauchen, müssen, not haben лексемалар, ошондой эле imstande sein, haben+zu+Infinitiv, Lust haben* синтаксистик конструкциялары ушундай касиеттерге ээ.

Аталган этиштик лексемалар, түрмөктөр жана курулмалар айтуучу адамдын кабарланып жаткан маалыматка карата, ошондой эле объективдүү чындыктын сөз болуп жаткан фактысына (кептин предметине) карата мамилесин чагылдырып, модалдуулукту көрсөтүшөт. Модалдык этиштердин кеңири классы тилдик модалдуулуктун функционалдык-грамматикалык өңүтүндөгү маселелердин катарына кирет. Мындай функционалдык-грамматикалык өңүтүндө каралчу тилдик модалдуулук менен катар, аспектуалдуулук, темпоралдуулук, мамиле, компаративдүүлүк, локалдуулук өңдүү тилдин жалпы системасындагы эң көлөмдүү подсистемалар бар экендиги белгилүү.

Функционалдык грамматика тилдик модалдуулукту жумуру, ошол эле учурда эки жактуу тилдик кубулуш катары иликтөөнү өзүнүн предметине камтыйт. Тагыраак айтканда, тилдик модалдуулуктун бир өңүтү субъективдүү модалдуулук болуп саналат да ал айтуучунун өзү айтып жаткан маалыматтын мазмунуна карата жеке мамилесин актуалдаштырат. Ал эми экинчи өңүттөгү маселе айтымдын мазмунунун объективдүү чындыкка (кептин предметине) карата аныкталып, мындан объективдүү модалдуулук түшүнүгү келип чыгат. Модалдуулуктун бул түрүндө айтымдын мазмунунун кептин аталган предметине карата грамматикалашкан мамилесин чагылдырылат да бул учурда айтуучунун жеке пикиринин таасири минималдашат.

Тилдик модалдуулуктун түзүүчү ар бир бөлүгү өзүнө тиешелүү өзгөчө тилдик каражаттар менен уюштурулат. Изилдөө ишибизде англис жана немис тилдериндеги субъективдүү модалдуулукту төмөнкүдөй тилдик бирдиктер

чагылдырышары конкреттүү тилдик фактылар аркылуу иллюстрацияланды: 1. модалдык сөздөр; 2. модалдык бөлүкчөлөр; 3. сырдык сөздөр; 4. киринди сөздөр жана сөз айкаштары; 5. сөздөрдүн орун тартиби.

Объективдүү модалдуулук англис жана немис тилдеринде төмөнкүдөй төмөндөгүдөй грамматикалык категориялар аркылуу туюндурулат: 1. этиштин ыңгай категориясы; 2. этиштин чак категориясы; 3. сүйлөмдүн интонациясынын ар кыл типтери; 4. модалдык этиштер.

Модалдык этиштер, тилдик бирдиктердин кеңири классы катары, тилдик модалдуулуктун функционалдык-грамматикалык аспектисиндеги маселелердин катарына кирүү менен, үч негизги принципке, критерийге ылайык аныкталат. Биринчиден, өз маанисинде модалдык семантиканы камтышат, экинчиден, этиштик лексемалар тилдик-грамматикалык разрядына таандык болушат; үчүнчүдөн, алардын модалдуулугу грамматикалашкан түрдө болот жана айтуучунун жеке (субъективдүү) мамилесин туюндуруу потенциалына ээ болот.

Азыркы англис жана азыркы немис тилдеринин тарыхы үч чоң мезгилге бөлүнөт: байыркы, орто жана жаңы англис жана немис тилдеринин мезгилдери. Соңку мезгил өз кезегинде эки этапка бөлүнөт. Минтип бөлүштүрүү байыркы конкреттүү жазуу эстеликтерине –тексттерге негизделген.

Жаңы немис тилинин калыптануусунун орто ченинде жана жаңы англис тилинин башында (болжол менен XVI кылымдын башында) герман модалдык этиштери бирдиктүү грамматикалык разряд катары салыштырмалуу калыптанып калган. Байыркы англис жана байыркы немис тилдеринде аталган претериттик-презенттик этиштердин ар бир тилде 12 этиштик бирдиктен турган семантика-функционалдык тобу болгон. Байыркы англис претериттик-презенттик этиштеринин разрядынан үч лексема гана орто англис мезгилинде модалдык этиштердин классына өтүшкөн: *cann-can, mot-must, maze-may.*Ушул сыяктуу эле байыркы немис претериттик-презенттик этиштеринин беш лексемасы орто жогорку немис мезгилинин аягында модалдык этиштердин классына трансформацияланышкан: *kunnan-können, scullan-sollen, mugan-mögen, muozzan-müssen, wellen-wollen.*

Англис тилиндеги модалдык этиштеринин тобу бүгүнкү күндө беш этиштен, ал эми немис тилиндеги модалдык этиштеринин тобу жети этиштен турат. Ошондуктан, биздин пикирибизде, эки англис тилиндеги *need* жана *ought* модалдык этиштери жана эки немис тилиндеги *dürfen* жана *lassen* модалдык этиштери претериттик-презенттик этиштерден келип чыкпастан, өз алдынча этиштерден омоним катары толук бөлүнүп чыгуу аркылуу калыптанган.

Байыркы кылымдын англис жана байыркы кылымдын немис тилдеринде модалдык этиштердин грамматикалык категориясы болгон эмес. Бирок бул тилдик байыркы тарыхый мезгилдерде претериттик-презенттик деп аталган этиштер болуп, алар өзүнүн учур чагын күчтүү этиштердин претерит модели менен уюштурушкан жана ушул өзгөчөлүктөрү аркылуу алар башка жөнөкөй этиштерден кескин айырмаланышкан. Модалдык этиштер, негизинен, ушул претериттик-презенттик этиштерден орто англис, орто немис жана жаңы немис мезгилдеринде бөлүнүп чыгышкан. Англис тилиндеги модалдык этиштер тобунун жаралышы, калыптанышы жана толукталышы немис тилине салыштырмалуу жарым кылымга кечиккен. Англис тили немис тилине салыштырмалуу чоң фонетикалык, морфологиялык, сөз жасоочулук, синтаксистик жана лексикалык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Атүгүл башка бардык герман тилдеринен айырмаланып, флективдүү тилдер тобунан аналитикалык тилдер тобуна өткөн.

Эки тилде тең претериттик-презенттик этиштердин модалдык этиштер разрядына өтүшү бир жалпы олуттуу фактор менен шартталган: эгер байыркы кылымдын англис жана байыркы кылымдын немис тилдериндеги претерит-презент этиштери кептин субстанциялык предметине карата гана айтуучунун мамилесин көрсөтсө, модалдык этиштер айтуучунун кептин процессуалдык предметине карата мамилесин чагылдыра башташкан. Ал эми процессуалдуулукту (аракетти) чагылдыруу дайыма бул аракеттин жүрүшүнө, ишке ашышына жана натыйжасына карата айтуучунун ар кандай мамилесин шарттайт.

Кыргыз тилинде англис жана немис тилдеринен айырмаланып, модалдык этиштер түшүнүгү жок болгондугуна карабастан, алардын көпчүлүгү өздөрүнүн баштапкы таза этиштик маанисинен модалдык сөзгө өткөндүгү белгилүү. Мындай көрүнүш, т.а., өз алдынча толук маанилүү сөздөрдүн башка категорияга, маселен, модалдык маанинин туюндурган сөздөрдүн же кызматчы сөздөрдүн категориясына өтүүсү дээрлик баардык тилдерге мүнөздүү объективдүү процесс катары эсептелет. Демек, кыргыз тилинде модалдык этиштердин атайын бир классы болбогону менен, модалдык сөздөр уңгу сөздөр түрүндө жана туунду сөздөр түрүндө да колдонулат. Туунду сөздөр катары алар сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган модалдык сөздөр морфологиялык жактан мүчөлөнбөй тургандыгын да белгилөөгө болот.

Кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карап, модалдык сөздөр нагыз жана функционалдык модалдык сөздөр деп да бөлүштүрүлөт. Кыргыз тилинде өзүнүн лексикалык түпкү маанисин таптакыр жоготуп, модалдык гана маанини билдирип калган сөздөр нагыз модалдык сөздөр деп аталат. Мындай модалдык сөздөрдүн катарына: албетте, арийне, балким, мүмкүн, айтор, шекилдүү, ыктымал, кокус, мейли, маселен деген өндүү сөздөрдү киргизүүгө болот.

Нагыз модалдык сөздөрдөн айырмаланып, функционалдык модалдык сөздөр башка сөз түркүмдөрү аркылуу жасалып, мындай сөздөр модалдык мааниге лексикалык маанилеринин абстракцияланышы жана сүйлөмдөгү синтаксистик функциялардын өзгөрүшү аркылуу ээ болушкан да, алар бирде, өзүнүн түпкү маанисинде колдонулса, бирде, модалдык маанисинде колдонулат.

Кыргыз тилинде дүйнөлүк башка тилдердегидей эле, сүйлөмдөрдө модалдуулук модалдык сөздөр аркылуу гана эмес, лексика-грамматикалык башка каражаттар аркылуу да туюндурулаары белгилүү. Маселен, модалдуулуктун ар кандай семантикалык оттеноктору этиштин ыңгайлары, бөлүкчөлөр, модалдык сөз айкаштары, интонация аркылуу туюндурулушу

ыктымал. Маселен, кыргыз тилиндеги этиштин ыңгай категориясы модалдуулук менен тыгыз байланыштагы грамматикалык категория катары эсептелет. Ошондой болсо дагы модалдуулук менен ыңгай категорияларынын бирдей түшүнүктөр катары кароого болбойт. Анткени ыңгай этиштин категориясы болсо, модалдуулук андан кенен, спецификалык табиятка ээ категория болуп эсептелет. Ыңгай категориясы аркылуу кыймыл-аракетке айтуучунун ар кандай мамилеси туюндурулат. Ошондой болсо дагы баардык эле ыңгайлар аркылуу модалдуулук мааниси туюндурула бербейт.

3- БАП
АНГЛИС, НЕМИС ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРДИН ЖАНА АЛАРДЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ФУНКЦИЯЛЫК ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН СЕМАНТИКА-ФУНКЦИОНАЛДЫК БӨТӨНЧӨЛҮКТӨРҮ

3.1.Англис, немис тилдериндеги объективдүү жана субъективдүү модалдуулуктун жана алардын кыргыз тилиндеги функциялык эквиваленттеринин туюндурулуш бөтөнчөлүктөрү

Иштин биринчи бабында тилдик модалдуулук грамматикалык категориясынын маңызы жөнүндө маселени карап чыкканбыз жана теориялык-практикалык мамиленин негизинде аны айтуучунун кебинин предметине карата пикирин чагылдырган маанилик катыш деп аныктаганбыз. Тилдик модалдуулук кубулушу үч аспектидеги маселени камтыган татаал түшүнүк катары эсептелет. Биринчиден, өзүнүн айтымында кандайдыр-бир маалыматты кабарлаган айтуучу адамдын өзү; экинчиден, белгилүү бир маалыматты камтыган айтымдын мазмуну; үчүнчүдөн, айтылып жаткан маалыматтын объективдүү чындыкка болгон катышы.

Мындан тышкары тилдик модалдуулук кубулушу тилдин бүткүл системасына мүнөздүү экендиги баса белгиленген. Башкача айтканда, модалдуулук функционалдык-грамматикалык категория катары тилде өтө ар түрдүү жана ар мүнөздөгү тилдик подсистемалар жана деңгээлдер аркылуу ишке ашары айтылган. Тилдик модалдуулук лексикалык каражаттар (модалдык сөздөр, модалдык этиштер, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, ар түркүн киринди сөздөр), синтаксистик каражаттар (этиштик ыңгай парадигмасы, этиштик чак формаларынын парадигмасы, ар түркүн киринди сөз айкаштары жана синтаксистик башка конструкциялар), ошондой эле фонетикалык каражаттар (сүйлөмдүн ар кыл коммуникативдик типтеринин интонациялары,

түз жана терс интонациялык структуралар, ошондой эле сөздөрдүн аралаш-инверсияланган тартиби) аркылуу туюндурулат.

Тилдик модалдуулук кубулушун изилдөө тилдин функционалдык-грамматикалык табиятын иликтөө иши менен түздөн-түз байланыштуу. Тилдин функционалдык-грамматикалык табияты тил кубулушунун милдеттүү касиети болуп саналат – ал тилдик системанын бардык деңгээлдерин: фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук жана лексикалык деңгээлдерин өзүнө камтыйт. Тилдик модалдуулук тилдик системаны иликтөөдөгү функционалдык-грамматикалык мамиленин негизги принцибине түздөн-түз шайкеш келет. Башкача айтканда, функционалдык грамматика ар түрдүү тилдик деңгээлдерге таандык болгон, бирок өздөрүнүн системалык функцияларынын жалпылыгынын негизинде бириктирилген каражаттарды бирдиктүү системада карайт; тилдик материалды сыпаттоодо функциялардан каражаттарга карай багыт функционалдык грамматиканын негизги, аныктоочу курулушу катары пайдаланылат [Бондарко, 1990:565].

Ошентип функционалдык грамматиканын позициясынан алып караганда, тилдик модалдуулук тилдин кеңири функционалдык-грамматикалык аймагы болуп саналат, бирок ал ошол эле учурда өзүнө окшош функционалдык-грамматикалык аймактардын катарындагы бир аймак болуп эсептелет, ал аймактар функционалдык грамматика теориясында функционалдык-грамматикалык талаалар (ФГТ) деп аталат. Темпоралдуулук ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – сүйлөм-айтымда ишке ашкан кайсы бир убакыт бирдиги түшүнүгү), актуалдуулук ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – аракетти убакыт ичинде анын мүнөздөмөсүнө жараша бөлүштүрүү түшүнүгү), таксис ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – бир темпоралдык мезгилдин алкагындагы аракеттердин ортосундагы мезгилдик катыштар түшүнүгү), психолингвистикалык абалдар ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – айрым сөздө да, бүтүн айтымда ишке ашуучу эмотивдик бирдик), этиштик катыштар ФГТсы (негизги грамматикалык

категориясы – айтымдын предметин камтыган бүтүн тарызделген этиштик лексика).

Демек, тилдик модалдуулук ФГТсы тилдин жалпы системасындагы семантика-грамматикалык катыштардын, каражаттардын жана бирдиктердин көлөмдүү аймагы болуп саналат, ал айтымдын мазмунунун жана анын предикативдик негизинин айтуучу тарабынан аныкталган чындыкка болгон катышы катары мүнөздөлөт. Айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктын ортосундагы мындай катыштын негизги үстөмдүк кылуучу белгиси болуп реалдуулуктун/ирреалдуулуктун белгилерине тигил же бул катыш катары чечмелөө болуп саналат [Теория функциональной грамматики, 1990; 59].

Тилдик модалдуулуктун ФГТсы модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясынын бирдиктүү көлөмдүү системасына (тилдик системага карата подсистемага) бириктирилет, ал система, биринчи кезекте, айтуучунун айтылганга карата мамилесинин чагылышы, ошол эле учурда кабардын кептин предметине карата мамилесин баалоо болуп саналат.

Адатта, тилдик модалдуулук теориясында «...модалдык катыштарды лингвистикалык анализде сүрөттөөнүн үч негизги деңгээли туурасында сөз козголот. Биринчи (эң жогорку) деңгээл – жалпы модалдык деңгээл. Тилдин бүткүл системасын жана структурасын камтыган модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясы аталган эң жогорку, биринчи жалпы модалдык деңгээлде ишке ашат. Мында бул модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясы тилдик жалпы модалдуулук ФГТсынын бириктирүүчү түшүнүктүк өзөгү катары кызмат кылат. Ушундай бириктирүүчү түшүнүктүк-грамматикалык өзөк катары модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясы «граммема» түшүнүгү менен дал келтирилиши мүмкүн. Мындай дал келтирүүдө биз бул граммема (аны «модалдык граммема» деп атасак болот) модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясынын ачык чагылдырылышы катары модалдуулуктун иерархиялык структурасынын эң башында, анын эң жогорку биринчи деңгээлинде турарын эске алуу керек.

«Граммема – грамматикалык категориянын компоненти, ал өзүнүн түпкү маанисинде тектик түшүнүк катары каралган грамматикалык категориянын маанисине карата түрлүк түшүнүктү билдирет» [Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:117].

Тилдик модалдуулук теориясында модалдык маанилерди манифестациялоонун экинчи жана үчүнчү деңгээлдерин да ажыратышат: «Экинчи деңгээл – модалдык маанилердин айрым типтерин (катарларын) бөлүп алуу, салыштыруу. Үчүнчү деңгээл – айрым модалдык маанилердин (мүмкүндүк, зарылдык, каалангандык ж.б. маанилердин типтеринин, түрлөрүнүн жана варианттарынын) көп баскычтуу варианттуулугу (субкатегоризациясы)» [Теория функциональной грамматики, 1990:60]. Изилдөө ишибиздин тилдик материалы модалдуулук кубулуштарын стратификациялык жол менен андан ары, функционалдык грамматиканын призмасы аркылуу кароо менен тилдик модалдуулук теориясында аныкталган экинчи жана үчүнчү деңгээлдерге бөлүштүрүүгө толук жол берет.

Тилдик модалдуулуктун биринчи, эң жогорку деңгээлин биз функционалдык грамматиканын аспектисинде тилде башка ушундай эле темпоралдуулук, аспектуалдуулук ж.б. түшүнүктүк талаалар менен катар жашаган тилдик модалдуулуктун көлөмдүү функционалдык-грамматикалык талаасы катары аныктадык. Биринчи деңгээлди тилдик модалдуулуктун ФГТсын аныктоонун негизинде модалдык граммема байланыштуу карадык [Бондарко, 1990:117].

Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээли модалдуулукту андан ары классификациялоодо, объективдүү жана субъективдүү модалдуулук подсистемаларын бөлүп алуу аракети ишке ашат. Эгер модалдуулук кубулушун айтуучу адамдын айтымдын мазмунуна карата, ал эми айтымдын мазмуну аркылуу объективдүү чындыктагы кептин предметине карата бир тараптуу мамилеси катары карасак, анда мындай бир тараптуу мамиледе модалдуулуктун субъективдүү модалдуулук жана объективдүү модалдуулук болуп эки түргө бөлүнөрүн көрүүгө болот. Субъективдүү модалдуулук айтуучу

адам менен анын айтымынын мазмунунун ортосунда жаралат, анткени айтуучу көпчүлүк учурда өзүнүн айтымынын маалыматтык бөлүгүнө кабарланып жаткан окуя жөнүндө өзүнүн жеке мамилесин кошумчалайт, ал эми жеке мамиле, жеке пикир, атүгүл айтуучу толук ишенимдүү фактыларды кабарлоого аракет кылып жаткан учурда да, дайыма субъективдүү мүнөздө болору талашсыз. Лингвистикада субъективдүү модалдуулукка: «Субъективдүү модалдуулук-айтуучунун кабарга карата мамилесин (ишенүү же ишенбөө, макулдук же макул эместик, экспрессивдик баа) чагылдыруу» деген аныктама берилет [Розенталь, Теленкова, 1985:131]. Субъективдүү модалдуулукту чагылдырган тилдик каражаттарга модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сөз айкаштары, ошондой эле сөздөрдүн орун тартиби кирери мындан мурунку бапта айтылган.

Объективдүү модалдуулук айтуучу тарабынан айтылган айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктагы кептин предметинин ортосунда жаралат. Анткени айтымдын тигил же бул мазмуну белгилүү бир кептин предметине байланышып, ага шайкеш келүүгө тийиш. Демек, объективдүү модалдуулук, кабарланып жаткан нерсенин чындыкка карата мамилесин (реалдуулук же реалдуу эместик, мүмкүндүк же мүмкүн эместик, зарылдык же ыктымалдуулук ж.б.) чагылдыруу катары аныкталат [Розенталь, Теленкова, 1985: 131].

Субъективдүү модалдуулуктун объективдүү модалдуулуктан айырмачылыгы эки параметр аркылуу аныкталат. Биринчиден, субъективдүү модалдуулук камтылган айтымда дайыма айтуучунун субъективдүү ойлому катышат, анда айтуучунун мамилеси «чындык – жарым чындык – жалган» амплитудасында өзгөрүп турат. Ошол эле учурда бул субъективдүү ойлом объективдүү модалдуулукта болбойт. Экинчиден, субъективдүү ойлом милдеттүү эмес мүнөзгө ээ болот, анткени айтуучу кабарга карата өзүнүн субъективдүү пикирин кошумчалабашы да мүмкүн. Ошондуктан субъективдүү факультативдүү, б.а. милдеттүү эмес жана ыктымалдуу тилдик-түшүнүктүк бирдик болуп саналат. Объективдүү модалдуулук – милдеттүү тилдик-

түшүнүктүк категория. Объективдүү модалдуулук – ар бир айтымдын милдеттүү белгиси, предикативдүү бирдикти – сүйлөмдү калыптандыруучу категориялардын бири. Объективдүү модалдуулук кабардын чындыкка карата мамилесин реалдуулук (ишке ашуу мүмкүндүгү) жана ирреалдуулук (ишке ашуу мүмкүн эместиги) өңүтүндө туюндурат [Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:303].

Объективдүү модалдуулукту калыптандыруучу тилдик каражаттарга этиштин ыңгай категориясы, чак категориясы, интонациялык структуралардын узуалдык типтери, ошондой эле биз өз ишибизде иликтеп жаткан модалдык этиштер кирерин дагы бир ирет белгилөөгө болот.

Тилдик модалдуулук теориясында «табигый классификациянын принциби менен байланышкан катарлардагы карым-катыш» (Теория функциональной грамматики, 1990:60) катары аныкталган тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээли субъективдүү жана объективдүү модалдуулукту камтыйт. Мында тилдик модалдуулуктун эки талаасын: субъективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасын жана объективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасын бөлүп алуу зарылдыгы келип чыгат. Аталган функционалдык-семантикалык талааларды калыптандыруучу негизги грамматикалык категория болуп тилдик модалдуулуктун түрлөрү: айтуучунун кабарга карата мамилесин чагылдырган субъективдүү модалдуулук жана кабардын сөз болуп жаткан кептин предметине карата мамилесин чагылдырган объективдүү модалдуулук саналат.

Жогоруда биз тилдик модалдуулуктун биринчи деңгээлин модалдуулук кубулушунун иерархиялык тепкичиндеги эң жогорку деңгээли катары сүрөттөгөнбүз, анткени ал кеңири пландагы жалпы модалдык маани менен аныкталат. Ал эми «модалдык граммема» түшүнүгү бул деңгээл үчүн эң ылайыктуу жалпылоочу бирдик болуп саналат. Ошондой эле тилдик модалдуулуктун экинчи, төмөнүрөөк деңгээлинде граммема түшүнүгү өзүнүн маанилүүлүгүн жоготот, анткени мында жалпы модалдык маанини, б.а. жалпы модалдык маанини эки бөлүккө ажыратуучу модалдуулуктун деңгээли

алдыңкы планга чыгат. Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлинде модалдык граммема «модалдык семантемага», б.а. модалдуулуктун субъективдүү жана объективдүү жактарын чогуу эсепке алуучу бирдикке трансформацияланат. Бул учурда «семантема» катары субъективдүү модалдуулукту жана объективдүү модалдуулукту чагылдыруунун ар түрдүү мүнөздөгү тилдик каражаттарын бирдиктүү функционалдык-семантикалык талаага бириктирген түшүнүктүк-маанилик өзөктү түшүнөбүз. Бул деңгээлде биз субъективдүү же объективдүү модалдык семантиканын грамматикалык категориясы аркылуу түзүлгөн функционалдык талааны, тагыраак айтканда, функционалдык-семантикалык талааны түшүнүшүбүз керек.

Семантема нукура структуралык-грамматикалык бирдик болбостон, айтымдын семантикасына жакындаган бирдик болуп саналат, анткени ал өтө ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн маанилерин бирдиктүү бүтүн кырдаалдык шартталган айтымга бириктирген маанилик компоненттин чагылышы болуп саналат [Ахманова, 1996:400; 1972:376].

Мисалы, «учуу жөндөмү» семантемасы «Бийик асманда батып бараткан күндүн нурларында алыстан кичинекей чекит болуп көрүнгөн кандайдыр бир чоң куш, балким, шумкар, каалгый учуп жүрдү» айтымын бириктирип турат. Бул семантема «каалгый учуп жүрдү – кандайдыр бир куш – шумкар» аталыштарын тике байланыштырат жана бул аталыштарды: «бийик», «асманда», «батып бараткан күндүн нурларында», «алыстан көрүнгөн», «кичинекей чекит болуп» өңдүү башка аталыштар менен кыйыр түрдө байланыштырат. Ошол эле учурда мындай семантема ар түрдүү модалдуулукка ээ болушу мүмкүн: субъективдүү – эгерде айтуучунун субъективдүү ойлому катышса, же объективдүү – эгерде айтуучунун субъективдүү пикири катышпай, айтымдын предикативдүүлүгүн чагылдыруу учурунда, б.а. «(сөз айкашынан айырмаланып) сүйлөмдө ишке ашып жаткан мазмундун, ойдун предметинин чындыкка байланыштырууда» [Ахманова, 1996:346].

Ошентип тилдик модалдуулукту сүрөттөөнүн экинчи деңгээлинде эки функционалдык-семантикалык талааны: бириктирүүчү грамматикалык

категориясы субъективдүү модалдык семантема болгон субъективдүү модалдуулук функционалдык-семантикалык талаасын жана бириктирүүчү грамматикалык категориясы объективдүү модалдык семантема болгон объективдүү модалдуулуктун функционалдык-семантикалык талаасын бөлүү зарыл.

Тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээли экинчи деңгээлге салыштырмалуу конкреттүү мүнөздү алып жүрөт. Эгер тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлинде аппозитивдүү модалдык корреляция: субъективдүү модалдык семантема – объективдүү модалдык семантема орун алып, ушул грамматикалык аныктоочу семантемага жараша экинчи деңгээлде эки функционалдык-семантикалык талаа: субъективдүү модалдуулуктун ФСТсы жана объективдүү модалдуулуктун ФСТсы түзүлсө, тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээлинде функционалдык-семантикалык талаалар тилдик модалдуулуктун жогорураак деңгээлиндеги ФСТнын функционалдык каражаты болгон модалдуулукту чагылдыруучу тилдик каражаттарга байланыштуу жаралат. Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлиндеги субъективдүү модалдуулуктун ФСТсын, биз мурда белгилегендей, модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сүйлөмдөр, сөздөрдүн орун тартиби өндүү каражаттар түзөт. Объективдүү модалдуулуктун экинчи деңгээлдеги ФСТсын этиштик ыңгай, этиштин чактары, интонациянын ар түрдүү коммуникативдик типтери жана модалдык этиштер категориясы түзөт.

Жогоруда аталган субъективдүү же объективдүү модалдуулуктун ФСТсын аныктоочу тилдик каражаттардын ар бири модалдуулдуктун үчүнчү деңгээли үчүн таяныч, негиз боло алат. Бул учурда биз модалдык сөздүн ФСТсы, модалдык сөздүн ФСТсы же этиштик ыңгайдын ФСТсы, этиштин чактарынын ФСТ ж.б. жөнүндө сөз кыла алабыз.

Модалдык этиштердин ФСТсы «семантикалык» талаа түзө тургандыгына токтолуп өткөнбүз. Сөз болуп жаткан талаанынын өзөгүндө семантика теориясында «сема» деп аталган семантикалык мүчөнүн түшүнүктүк-маанилик

категориясы жатат. Ошондой эле модалдык этиштердин ФСТсы, ал тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээлине таандык болсо да, бүтүн системаны, талаанын бир бөлүгүн эмес, системалуу уюшулган талааны түзөт. Анткени ал модалдык семага ээ, модалдык сема бүткүл талаанын мазмундук өзөгүн түзгөн эң негизги семантикалык категория экендиги белгилүү.

Ошентип модалдык этиштин (модалдык этиштердин) ФСТсы тилдик модалдуулукту сүрөттөөнүн үчүнчү деңгээлинде түзүлөт жана ал объективдүү модалдуулуктун көлөмдүүрөөк ФСТсына кирген конкреттештирилгин талаалардын бири болуп саналат.

Модалдык этиштердин ФСТсынын негизги аныктоочу семантикалык категориясы болуп «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык-грамматикалык категориясы саналат, ал модалдык-грамматикалык категория кеңири мазмундук пландагы түшүнүктүк-маанилик компонент, архисема (түрдүк маанидеги жалпы сема) болуп эсептелет [Гак, 1972:371]. Бул түрдүк семантикалык компонент «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу», модалдык архисема болуп саналып, ошол эле учурда бардык модалдык этиштерди жана аларга жакын тилдик каражаттарды модалдык этиштердин функционалдык-семантикалык талаасынын бүтүн системасына бириктирген функционалдык-семантикалык категория да болуп саналат.

«Айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык архисемасы өзүнөн кеңирирээк көлөмдөгү башка архисемаларга байланыштыруучу таяныч болуп саналат. Модалдык архисеманын мазмунунун мындай кеңири көлөмү «айтуучунун позициясы ачык же купуя түрдө модалдуулуктун ар бир чечмеленишинде камтылат, анткени чындыкка карата мамиле дегенде биз айтуучунун түшүнүгүндөгү чындыкты түшүнөбүз» [Теория функциональной грамматики, 1990:64].

Модалдык этиштер өздөрү байланышкан маани берүүчү этиштер менен чогуу татаал түшүнүктүк-маанилик структураны, тагыраак айтканда, семантикалык структураны түзүшөт. Экстралингвистикалык маалыматтарды эсепке алганда, модалдык этиштер өздөрү байланышкан маани берүүчү

этиштер менен чогуу экстралингвистикалык шарттардын таасири астында түзүлөт жана интралингвистикалык, нукура тилдик жактан «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык-грамматикалык категориясынын таасири астында алар семантикалык структураны түзүшөт. Мындай структуранын иерархиялык жактан эң жогорку баскычында «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасы турат, ал ошол эле учурда ушундай эле аталыштагы модалдык-грамматикалык категория болуп саналат. Ошентип модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасынын башында модалдык архисема турат.

Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин иерархиялык структурасында модалдык архисемадан төмөнүрөөк дифференциялоочу сема жайгашат. Ал архисемага салыштырмалуу тар мааниде болот. Архисема сөз болуп жаткан кептин предметинин тектик белгисин чагылдырса, дифференциялоочу сема түрлүк белгисин чагылдырат. Биз талдоого алган тилдик материалыбызда модалдык этиштин жана ал байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында «жөндөмдүү болуу (жөндөмдүү)», «милдеттүү болуу (милдеттүү)», «каалоо (каалайт)» өндүү үч дифференциялоочу семаны аныктайбыз. «Милдеттүү болуу (милдеттүү)» дифференциялоочу семасы англис тилиндеги *must, ought, need* үч модалдык этишинен жана немис тилиндеги *müssen, sollen* эки модалдык этишинен көрүнөт. «Каалоо (каалайт)» дифференциялоочу семасы англис тилиндеги *may* жана немис тилиндеги *Dürfen, mögen, wollen* модалдык этиштеринен алынат.

Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында архисема жана дифференциялоочу семадан тышкары потенциалдуу семаларды да аныктоого болот. Алар аталган семантикалык структурада белгилүү бир кырдаалдык шарттарда гана жаралат жана кызмат кылат. Мисалы, лингвистикалык иликтөө көрсөткөндөй, англис тилиндеги can модалдык этишинин жана аны менен байланышкан маани

берүүчү этиштин семантикалык структурасында үч потенциалдуу семаны: 1. жөндөмдүү болуу, билүүнү; 2. күмөндүүлүктү, ишенбөөнү чагылдырууну; 3. мүмкүндүктү чагылдыруу, божомолдоону байкоого болот. Бирок маани берүүчү этиште потенциалдуу бул үч семаны байкоого болсо да, реалдуу кептик кырдаалда бир гана потенциалдуу сема ишке ашат, ал эми калган экөө реализацияланбай калат.

Немис тилиндеги *können* модалдык этишинин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында: 1. Жөндөмдүү болуу; 2. Чыгынуу, даап баруу (психологиялык даяр болуу); 3. Божомолду чагылдыруу; 4. Билүү, жасай алуу (бир нерсеге үйрөтүлгөн болуу) өңдүү төрт потенциалдуу семаны ажыратууга болот. Демек, англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштеринин жана алар менен байланышкан маани берүүчү этиштердин семантикалык структурасы «...«архисеманын» (тектик маанидеги жалпы семанын), түрлүк маанидеги «дифференциялоочу» семанын жана сөз болуп жаткан объектинин кошумча мүнөздөмөлөрүн чагылдыруучу «потенциалдык» семанын иерархиялык уюшулушуна ээ» [Гак, 1972:231].

Аталган семантикалык компоненттердин баары, атап айтканда, архисема, дифференциялоочу сема жана потенциалдуу сема жыйынтыгында жөнөкөй эле семалар болуп саналат. Сема – бул «синтаксистик катардагы чагылдыруу планынын тиешелүү бирдиктери (элементтери) менен байланыштырууга мүмкүн болгон мазмундук пландын эң майда (чектик) бирдиги» [Ахманова, 1996:400].

Архисеманы жана дифференциялоочу семаларды модалдык этиштин өзү менен байланыштырууга мүмкүн экенин жогоруда келтирилген пикирлерден улам байкоого болот. Анткени ал семалар модалдык этиш аркылуу чагылдырылат, ал эми потенциалдуу семаны тиешелүү маани берүүчү этиш менен байланыштырууга мүмкүн, себеби ал сема маани берүүчү этишти колдонгондо гана жаралат.

Жогоруда сөз болгондордун баарын англис жана немис тилдеринен алынган төмөндөгүдөй фактылык материал аркылуу иллюстрациялоого болот:

1. *I can't say anything in house, old quiet* (Fitzgerald, 2014:182) -Бул үйдө мен жөн эле унчуга албай калам.

2. *Ja, aber was könnte sein? Wir können nicht mehr so leben wie bevor oder ... oder zwischen uns wird alles vorbei sein…*(Richter Krestekat, 1977:17) -«Ооба, бирок эмне болушу мүмкүн? Биз мындан ары мурункудай жашай албайбыз, болбосо... болбосо биздин ортобуздагынын баары бүтөт».

Жогоруда келтирилген 1 жана 2- мисалдардын экөөндө тең: 1- мисалда англис тилиндеги can сөзү *not* терс бөлүкчөсү менен; ал эми 2- мисалда немис тилиндеги *können* модалдык этиштери колдонулган. Бул модалдык этиштер өз маанилеринде көмүскө түрдө «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык архисемасын камтышат. Ошондой эле бул англис жана немис тилдериндеги этиштери өз маанилеринде имплициттүү түрдө «каалайт» дифференциялоочу семасын камтышат, ал эми *(not) say* маани берүүчү этишинин мааниси «шектенүүнү, ишенбөөнү чагылдыруу» потенциалдуу семасын купуя туюндурат. Ошентип англис тилиндеги can модалдык этишинин жана аны менен байланышкан *(not) say* маани берүүчү этишинин семантикалык структурасы жөнүндө бул эки этиштик бирдик сүйлөм-айтымдын курамында колдонулганда жана ошол эле учурда байланыштуу колдонулганда гана сөз кылууга болот. Мындай учурда *can* модалдык этиши *(not) say* маани берүүчү этишине караганда үстөмдүк кылуучу түшүнүктүк-маанилик абалда турат. Анткени бул модалдык этиш «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасын жана «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасын чагылдырып турат. Ал эми ага байланышкан *(not) say* маани берүүчү этиши бир гана потенциалдуу семаны «шектенүүнү, ишенбөөнү чагылдыруу» семасын чагылдырат, бул сема маани берүүчү этишке *not* терс бөлүкчөсү кошулганда ого бетер күчөйт.

Немис тилиндеги 2-мисалда колдонулган *können* модалдык этиши (nicht so) *weiter leben* маани берүүчү этиши менен байланышып, аны менен бирге бирдиктүү семантикалык структураны түзөт. Модалдык этиш *konnen* маани берүүчү (nicht so) *weiter leben* этишине карата үстөмдүк кылуучу абалды ээлейт.

Анткени бул модалдык этиш, биринчиден, «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасын, экинчиден, «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасын чагылдырат. Ал эми маани берүүчү этиш бир гана потенциалдуу семаны «божомолду чагылдыруу» семасын туюнтуп, ошол эле учурда потенциалдуу семанын тануу маанисин актуалдаштырат, анткени маани берүүчү этиш өзүнө nicht so терс бөлүкчөсү кошумчаланган.Ошентип англис жана немис тилдериндеги мисалдардын экөөндө тең модалдуулукту чагылдыруучу семантикалык структура модалдык этиш өзүнө кырдаалга ылайык келген маани берүүчү этишти кошумчалаганда гана ишке ашат: 1) can’t say 2) können nicht so weiter leben. Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасы иерархиялуу уюшулган: иерархиялык шатынын эң башында архисема жайгашат, кичине төмөнүрөөк – дифференциялоочу сема, бул эки сема тең модалдык этиштин өзүнүн мазмуну аркылуу чагылат; иерархиялуу семантикалык шатынын ылдый жагында потенциалдуу сема жайгашат, ал маани берүүчү этиштин мааниси аркылуу чагылдырылат. Бирок келтирилген 1 жана 2-мисалдардын ар биринде катышкан эки этиштик бирдик бирдиктүү грамматикалык бүтүндүктү түзүшпөйт, бирок алардын семантикалык структуралары түшүнүктүк-маанилик бүтүндүктү түзүшөт. Тагыраак айтканда, can’t say бүтүн семантикалык структураны түзүп, анда «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасы, «жөндөмдүү» дифференциялоочу темасы жана «шектенүүнү, ишенбөөнү чагылдыруу» потенциалдуу семасы чагылдырылат. Ал эми Können nicht so weiterliben этиши англис тилиндеги мисалдагыдай эле «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасын, «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасын жана байланышкан маани берүүчү этиштен келип чыккан «божомолду чагылдыруу» потенциалдуу семасын чагылдырган бүтүндүктүү семантикалык структурага ээ.

Тилдик модалдуулуктун функционалдык грамматика теориясы боюнча үчүнчү, эң конкреттешкен деңгээлин карап чыгуу бул деңгээлде төрт функционалдык-семантикалык талааны ажыратууга болот деп эсептөөгө

мүмкүндүк берет: грамматикалык ыңгай ФСТсы, этиштик чак ФСТсы, интонациянын коммуникативдик типтери ФСТсы жана модалдык этиштер ФСТсы.

Бизди кызыктырган модалдык этиштер талаасы иликтенип жаткан тилдердин ар биринде модалдык этиштердин ар кандай саны менен, тагыраагы, англис тилиндеги *can, may, might, must, need, ought* беш модалдык этиш жана немис тилиндеги *dürfen, können, mögen, müssen, sollen, wollen* жети модалдык этиш аркылуу мүнөздөлөт. Белгилей өтчү дагы бир жагдай, бул тилдердеги модалдык системаларды: 1. «Мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер (бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасы жатат); 2. «Зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер (бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «милдеттүү» дифференциялоочу семасы жатат); 3. «Каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер (бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «каалайт» дифференциялоочу семасы жатат) өңдүү үч түшүнүктүк-маанилик топко бөлүп кароого болот. Мындай классификациялоо «жөндөмдүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 1-тобуна англис тилиндеги *can* модалдык этишин жана немис тилиндеги *können, lassen* модалдык этиштерин киргизүүгө; «милдеттүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 2-тобуна үч англис тилиндеги *must, ought, need* модалдык этиштерин жана немис тилиндеги *müssem, sallen* модалдык этиштерин киргизүүгө; «каалайт» таяныч маанисни ээ модалдык этиштердин 3-тобуна англис тилиндеги *may* модалдык этишин жана немис тилиндеги *dürfen, mögen, wollen* модалдык этиштерин киргизүүгө мүмкүндүк берет. Жыйынтыктап айтканда, англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин функционалдык-грамматикалык табиятын иликтөөдө биз, биринчиден, модалдык этиштердин эң кеңири ФСТсын аныктайбыз, андан соң анын курамындагы: 1. «мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына жана

«каалайт» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ; 2. «зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына жана «милдеттүү» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ; 3. «каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ өңдүү үч функционалдык-семантикалык топту бөлүп алабыз.Ошондой эле аналитикалык англис тилиндеги жана флективдүү немис тилиндеги модалдык этиштердин ФСТсын салыштырып кароо, тилдик типтин системасы жана структурасы модалдык этиштердин системасына кандай таасир тийгизери жөнүндөгү маанилүү маселени иликтөөгө аракет кылабыз.

Тилдик материалды конкреттүү талдоодо, англис жана немис тилдеринин модалдык этиштер системаларын салыштырууда аталган модалдык бирдиктерди функционалдык-грамматикалык өңүттөн иликтөөгө жана аналитикалык англис жана флективдүү немис тилдеринин жалпы грамматикалык түзүлүшүнүн структуралык айырмачылыктарына байланышкан өтө ар түрдүү маселелер келип чыгышы мүмкүндүгүн эске алуу зарыл.

Башка тилдер сыяктуу эле кыргыз тилинде да модалдуулук экиге бөлүнүп каралат. Атап айканда, объективдүү жана субъективдүү, же башкача айтканда, реалдуу жана ирреалдуу модалдуулук деп экиге бөлүнүп каралып жүрөт. Маселен, реалдуу, же болбосо, объективдүү модалдуулукта айтуучунун айтылып жаткан ойдогу кыймыл-аракеттин аткарылыш же аткарылбашына карата карата объективдүү мамилесин билдирет: Албетте, *Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты* (Ч.Айтматов, “Биринчи мугалим”). *ЫIрас, өмүр кандай кыска, кандай аз, Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас* (А.Осмонов, “Өмүр”). Ал эми ирреалдуу, же болбосо, субъективдүү модалдуулук айтуучунун айтылып жаткан ойдогу кыймыл-аракеттин аткарылышына карата субъективдүү мамилесин туюндурат. Маселен, мындай мамилелердин катарында аракеттин аткарылышына карата күмөн саноо, шектенүүнү өңдүү семантикалык өзгөчөлүктөр болуусу ыктымал: *Кудай билет, бети дуулдап өрттөнүп кеткен чыгар* (Ч.Айтматов, “Жамийла”). *Бар нерсенин*

баркына жетүү жок нерсени жараткандай эле кыйын экендигин адам кеч түшүнөт окшобойбу. ссылка

Лексикалык пландан алып караганда, кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр синонимдик, антонимдик, омонимдик катыштарда да келет.

Синонимдик катыштагы модалдык сөздөр: *туура, түзүк, ырас, жакшы, дурус* (кубаттоо, ырастоо, колдоо, жактыруу мааниси); *албетте, арийне, ананчы, сөзсүз, шексиз* (бекемдөө, макулдук берүү, тастыктоо); в) *окшойт, өңдөнөт, көрүнөт, балким, мүмкүн, чыгар, сыяктанат, шекилдүү, сыягы, кыязы, болжолу* (боолголоо, күмөн саноо, шектенүү) ж.б.

Антонимдик катыштагы модалдык сөздөр: *бактыга жараша – бактыга каршы, тилекке жараша – тилекке каршы.*

Омонимдик катыштагы модалдык сөздөр: *Аалы түзүк жигит көрүнөт – Кош терек алда-кайдан көрүнөт.*

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, модалдык сөздөр кыргыз тилиндеги маани берүүчү башка сөз түркүмдөрүндөй эле синонимдик жана антонимдик катыштарда келип, ал эми алардын омонимдик катышта келиши, б.а., толук маанилүү этиштер катары жана модалдык сөздөр катары кызмат аткарышын түрк тилдерине, анын ичинен кыргыз тилине мүнөздүү өзгөчөлүк катары кароого болот.

3.2. Англис, немис тилдериндеги модалдык этиштер жана алардын кыргыз тилиндеги функциялык эквиваленттеринин грамматикалык табияты

Буга чейинки талдоонун жана чечмелөөнүн жыйынтыктарынан көрүнүп тургандай, англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштерине ар түрдүү белгилер жана касиеттер мүнөздүү. Алар бул этиштерди диахрониялык-тарыхый жана синхрониялык-статикалык мамиле менен лингвистикалык изилдөө учурунда аныкталган жана тастыкталган. Англис жана немис

тилдериндеги модалдык этиштеринин жогоруда иликтенген белгилерин жана касиеттерин 7 критерий аркылуу жалпылайбыз. Бул критерийлер талданып жаткан модалдык бирдиктердин грамматикалык түзүлүшүн, семантикалык мазмунун жана модалдык багытталышын модалдык этиштер категориясы катары аныктоого мүмкүндүк берет.

1. Модалдык этиштер грамматикалык жактан толук эмес этиштик бирдиктер болуп саналат. Алардын жалпы грамматикалык парадигмасында айрым грамматикалык формалар, мисалы, этиштик чак формасы болбойт;

2. Алар логика-грамматикалык жактан кемтик семантикага ээ. Анткени алардын тереңдеги түшүнүктүк логикалык структурасына логикалык мазмундун жетишсиздик мүнөздүү;

3. Алар өздөрүнүн лексикалык өз алдынчалуулугун жоготушкан жана өз алдынча этиштик баяндооч катары колдонулушпайт. Эгер алардын грамматикалык формасы өз алдынчалуулугун жоготпогон болсо, анда бул учурда алар тиешелүү туунду маанилик этиштин омоними болуп саналышат;

4. Алар айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдырып, аракеттин өзүн аташпайт, аракеттин өзү маанилик этиш менен туюнтулат. Ал маанилик этиш модалдык этиштин жанында жайгашып, ага багынат жана багындыруучу модалдык этиш менен бирге эркин сөз айкашын түзөт;

5. Аракетти атоо жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу кырдаалга ылайык келген маанилик этишти кошуп алууну талап кылат. Ал маанилик этиш аракеттин семантикасын алып жүрүүчү болуп саналат, аракетти грамматикалык жактан туюнтуу эксплициттүү (ачык түрдө чагылдырылган) жана имплициттүү (көмүскө түрдө туюнтулган) болушу мүмкүн, бирок имплициттүү туюнтулган учурда маанилик этиш көмүскө түрдө же “нөлдүк” формада катышат;

6. Модалдык этиш “модалдык этиш + толук маанилүү этиш” айкашында багындыруучу болуп саналса да, анын лексикалык мааниси аны менен айкашкан маанилик этиштин лексикалык маанисине караганда жогорку деңгээлдеги түшүнүктүк-маанилик абстракция менен аныкталат (ошол эле

учурда анын мааниси денотативдик семантикалык көлөмү боюнча маанилик этиштин лексикалык маанисине караганда абстракттуу болуп саналат);

7. Алар, атап айтканда, модалдык этиштер, модалдык семантиканы алар менен айкашкан маанилик этиштерге караганда адистешкен, багытталган жана системалуу түрдө чагылдырат, маанилик этиштер болсо модалдуулукту абстракцияланган аракеттин эң аз көлөмүндө гана чагылдырышат.

Айтылган пикирлерге карата төмөндөгү мисалдарды келтирүүгө болот:

1. *«Can this be so?» cried Goodman Brown* (Hawthorne, 1984:175) - «Ушундай болушу мүмкүнбү?» деп кыйкырды Гудмэн Браун.

2. *Could you a small paper for me this morning?* (Melwille, 1984:437) -«Сиз мага эртең менен бир кичинекей документти көчүрүп бере аласызбы?».

3. *I way say an excellently well-constructed house* (Poe, 2014:150) -«Керемет салынган үй, мен ачык айта алам».

4. *You might have done it yourself, she muttered brokenly* (Gilford, 1994:124) - «Сен муну өзүң эле кыла алмаксың»,- деп күбүрөдү ал.

5. *I don`t know a single… You must know Gatsby.* (Fittzgerall,2014:18) -«Мен бирөөнү да билбейм…». «Сиз Гэстбини билүүгө тийишсиз».

6. *The goods needn`t have been sent by aeroplane* (Woolf,1988:124) - «Товарды самолет менен жибериштин зарылчылыгы жок болчу».

7. *She ought to have helped her father, he said couldly* (Harte,2014:86) -«Ал атасына жардам берсе болмок»,- ал жактырбай сүйлөдү.

8. *Genosse Major, darf ich eine Frage stellen? Es war wieder der Junge, der alles wisste* (Kaminer,2003:157) -«Жолдош майор, суроо берсем болобу?» Бул дагы эле баягы, баарын билген жаш жигит болчу.

9. *Am nächsten Tag arbeiteten sie mit ihnen, Reinhard, und vielleicht einer Brennerei aus den Weinbergen* (Storm,1998:43) -Кийинки күнү Рейнхардт алар менен бирге айдоодо, жүзүмзарда, угут өстүрүүчү бакчада, спирт фабрикасында боло алмак эле.

10. *Gnädiger Herr Dichter, vielleicht lassen Sie mich alle zum Teufel schicken und einfach nach Sibirien zu fahren…* (Kaminer,2003:28) -«Ырайымдуу

акын мырза, мүмкүн, сиз мага баарына кол шилтеп, жөн эле Сибирге кеткенге уруксат берерсиз!...».

11.Es möchte ein paar Stunden am Nachmittag sein, als er weiter ritt (Lechner, 1993:225) -Түштөн кийин, андан ары жөнөгөнгө чейин, бир-эки саат бар болчу.

12.Als Schriftsteller muss ich auch Philosophie derer verstehen, die Menschen- das waren sie ja- in eine blinde Waffe satanischer Willenskräfte verwandelten. (Aitmatov,Ikeda, 2013:37) -Жазуучу катары мен адамдарды, алардын ичинде силер да барсыңар, шайтандык бийликтин сокур куралына айлантуучу философияны түшүнүүгө тийишмин.

1. *Er sollte nicht nur ein echtes Verständnis vom Volk zuruckgewinnen, nämlich die zeitlosen, Ausrottungsmethoden standgehalten haben* (Aitmatov, Ikeda, 2013:135) -Ал элден нукура аң-сезимди, тагыраак айтканда, элдин ичинде мемиреп жаткан жана жок кылуунун эң митайым жана катаал ыкмаларына туруктуу каршы туруучу, бардык мезгилдерде өзгөрбөс рухий баалуулуктарды артка кайтарып алууга тийиш болчу.

2. *Wir, Menschen, wollen gesehen und angenommen werden, wie wir wirklich sind* (Gamborg, 1998:21) -Биз, адамдар, бизди көрүшкөнүн жана угушканын жана бул чынында эле болгонун каалайбыз.

Жогоруда келтирилген англис жана немис тилдериндеги мисалдарындагы «мүмкүн», «милдеттүү», «каалайт» таяныч маанилерине ээ тилдеги бардык функционалдык-семантикалык топтордун модалдык этиштери колдонулган. Англис тилиндеги 1- мисалда *can* модалдык этиши катышкан (can be) модалдык сөз айкашы; 2-мисалда *can* модалдык этиши болгону өткөн чак формасында катышат (could copy). Англис тилиндеги 3-мисалда *may say*, 4-мисалда *may* этишинин *might* формасы (might have done), англис тилиндеги 5-мисалда *must know;* жана англис тилиндеги 7- мисалда *ought to have helped* модалдык этиштери катышкан. Ал эми немис тилиндеги 8-мисалда (darf stellen); 9) мисалда *naus* (gehen); 10-мисалда *lassen schicken*; 11-мисалда *mochte sein*; 12-

мисалда *muss verstehem*; 13-мисалда *mochte zuruckgewinnen*; 14-мисалда *wollen geschen und angenommen warden* модалдык этиштери катышкан.

Жогоруда келтирилген англис жана немис тилдериндеги мисалдарынын бардыгында аталган 7 критерий аткарылат. Ал критерийлер боюнча жогоруда келтирилген сөз айкаштарынын курамындагы модалдык бирдиктерди модалдык этиштер катары аныктоого болот.

1. Грамматикалык жетишсиздик критерийи модалдык этиштердин бардыгында жалпы грамматикалык парадигмасында кандайдыр-бир грамматикалык форма жетишпейт, бул алардын диахрониялык өнүгүшү жана претериттик-презенттик этиштик топтон бөлүнүп чыгышы менен шартталган. «Модалдык этиштер толук эмес этиштер (Defective Verbs) болуп саналышат, анткени алар башка этиштерде болгон формалардын бардыгына ээ болушпайт. *Can* жана *may* этиштери учур чактын жана өткөн чактын формаларына гана ээ болушат: *can-could, may-might,* мисалдарды караңыз: *1):can 2):could copy 3):may say 4): might have done. Must, ought* жана *need* этиштери учур чактын гана формаларына ээ мисалдарды караңыз: *5): must know; 6): needn`t have been sent; 7): ought to have helped*. Модалдык этиштердин инфинитив, чакчыл жана герундий формалары болбойт» [Качалова, Израилевич, т.1, 1995:207].

Немис тилиндеги 8): *darf* (eine Frage) *stellen;* 9): *konnte* (hinausgehen); 11) *möchte sein*; 12) *muss verdrehen*; 13) *sollte zuruckgewinnen* мисалдарында модалдык сөз айкаштарынын курамында катышкан немец модалдык этиштеринин толук эместиги алардын учур чак формалары күчтүү претериттин негизи менен дал келет, дал ушул күчтүү претерит учур чакты туюнтуу үчүн кызмат кылат; ал эми күчтүү претериттин ордун алсыз претерит ээлеген: «Dadurch erstarkt sich die Benennung Präterito-Präsentia». Ушундан улам претерит-презент аталышын колдонууга укук алабыз (Schendels, 1988:36).

Немис модалдык тилиндеги *lassen* этиши немис тилиндеги модалдык этиштердин арасында өзгөчө орун ээлейт, анткени lassen омонимдешүүнүн жана ага окшош lassen маанилик этишинен толук бөлүнүүнүн акыркы стадиясында турат, ошондой эле башка модалдык этиштерден айырмаланып,

туруктуу сөз айкаштарын жасоодо негизги элемент болуп саналат: am Leben lassen, sich etwas (nicht) gefallen lassen, die Finger von etwas lassen ж.б. [Arsenjewa, Gassilewitsch, Sambrushizkaja, 1960:170-171]. Немис тилиндеги 10): lassen schicken und fahren lassen мисалында этиштик бирдиги модалдык этиштин функциясын аткарат, анткени башка немис модалдык этиштери сыяктуу эле түшүнүктүк-семантикалык жактан гана эмес, нукура грамматикалык жактан да толук эмес болуп саналат – анда чакчылдын грамматикалык формасы жок [Jung,1971:45].

2. Герман модалдык этиштеринин классын аныктоочу кемтик семантика критерийи 2 учур аркылуу аныкталат: биринчиден, модалдык этиштердин (мисалы, жогоруда келтирилген 1,14-мисалдарынын бардыгында) «жарты маанилүү» этиштер болуп саналат [Жигалдо,Иванова, Иофиа,1956:90]. Анткени алар лексикалык маанилерин жоготушат жана экинчиден, алар белгинин же аракеттин предикативдик катышын чагылдыруучу каражаттар катары кызмат кылышат.

3. Семантикалык өз алдынчалуулукту жоготуу критерийи англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштер дайыма аракеттин аталышы катары кызмат кылган маанилик этиштер менен бирге колдонулушун талап кылат. Жогоруда келтирилген мисалдардын бардыгында талданган модалдык этиштер өздөрүнүн жанында эксплициттүү формадагы маанилик этиштерди кармап турушат: 1): can be; 2) : could copy; 3) : may say; 4): might have done; 5) : must know; 6): needn`t have been sent; 7): ought to have helped; 8) : darf(eine Frag) stellen; 10): lassen schicken 11): möchte sein 12): muss verstehen 13)sollte zuruckgewinnen; 14) : wollte gesehen werden; бир гана 9):können hinaus(gehen) мисалында маанилик этиш имплициттүү формада колдонулган.

4. Айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу критерийи айтуучу модалдык этиш аркылуу аракетке карата өзүнүн жекече мамилесин билдирерин талап кылат, ал мамиле логикалык структурада айтуучунун эң жалпы үч пикиринин бирин туюнтат: ал аракеттин аткарылышына жардам «кыла алат», ал аракеттин аткарылышына жардам кылууга «милдеттүү» же ал

аракеттин аткарылышына жардам кылууну «каалайт». Аракеттин аткарылышына жардам кылуу мүмкүндүгү 1) can be; 2)could copy; 3) bonte hinaus(genen); 10) lassen schicken мисалдарында чагылган, ал эми аракетти аткаруу зарылдыгы 5) must know; 6) needn`t have been sent;7) ought to have helped;12) muss verstehen; 13)sollte zuruck gewinnen мисалдарында туюнтулат, аракетти аткаруунун каалангандыгы; 3) may say; 8) darf (eine Frage)stellen; 11) möchte sein; 14) wollte gesehen werden мисалдарында чагылдырылат.

5. Бул аракетти атоо жөндөмдүүлүгүнүн жоктугун чагылдырган критерий герман модалдык этиштеринде мындан мурунку 3 жана 4-критерий менен шартталат, ошону менен бирге модалдык сөз айкашынын татаал тутумдаш формасын талап кылат, анда модалдык сөздүн модалдык мааниси облигатордук түрдө катышат. Ал эми маанилик этиштин модалдык сөз айкашында катышуусу облигатордук мүнөздү алып жүрөт. Мисалы, 14 мисалдын ичинен konnte hinaus (gehen) этиштер катышкан мисалда толук маанилүү этиш эксплициттүү формада катышпайт, бирок анын бар экендиги сөз айкашынын мааниси боюнча (имплициттүү) сезилип турат.

6. Модалдык этиштин модалдык сөз айкашында маанилик этиштин үстүнөн үстөмдүк кылуу критерийи жогоруда келтирилген 1 жана 14 -англис жана немис тилдериндеги мисалдарында модалдык этиштин маанисинин абстракцияланыш деңгээли («мүмкүн», «милдеттүү», «каалайт») маанилик этиштин лексикалык маанисинин абстракцияланыш деңгээлине караганда бир кыйла жогору. Эгер этиштин мааниси денотативдүү жана предметтүү болсо, б.а. «берилген референт менен байланыштыруу үчүн кызмат кылган, предметке анын... айырмалоочу касиеттерине байланышпастан көрсөтүүчү» маани болсо, ал эми модалдык этиштин жогорку деңгээлде абстракцияланган мааниси «сигникативдүү жана сөзгө тилдин абстракциянын жана таанып-билүүнүн жогорку даражадагы бирдиги катары мүнөздүү болгон» маани болуп саналат [Ахматова, 1966:402].

7. Бул критерий модалдык этиштердин модалдык сөз айкашынын курамында, маанилик этиштин таасири астында модалдык семантиканы

максаттуу жана адистешкен түрдө чагылдырышын талап кылат (маанилик этиш модалдык этишке багыныңкы түрдө болсо да, айтуучу адамдын пикиринин ар кыл нюанстарын чагылдырган ар түрдүү коннотативдүү семантиканы ачыкка чыгарат, муну жогоруда келтирилген 1, 14-мисалдардан көрүүгө болот) [Friederich, 1993:88-89].

Аталган герман тилдеринин экөөндө тең модалдык этиштердин өздөрү, а түгүл модалдык сөз айкаштарынын структурасынан сырткары турганда да, 3 функционалдык-семантикалык топко ажыратылат. Мындай бөлүштүрүүнүн негизинде айтуучунун маалыматтагы аракетке карата мамилесинин түрү жатат. Бул функционалдык-семантикалык топтор таяныч модалдык маанилерди («мүмкүн», «милдеттүү», «каалайт») жана мүмкүндүк жалпы категориалдык семантикасын («мүмкүн» маанисине ээ модалдык этиштер), зарылдык жалпы категориалдык семантикасын («милдеттүү» маанисине ээ модалдык этиштер) жана каалангандык жалпы категориалдык семантикасын («каалайт» маанисине ээ модалдык этиштер) чагылдырышат. Бирок «жалпы категориалдуулук» түшүнүгү модалдык этиштердин бардык классына эмес, ар бир айрым функционалдык-семантикалык топтун модалдык этиштерине гана мүнөздүү. Бул семантика англис жана немис тилдеринин курамындагы модалдык этиштердин белгилүү бир разряды үчүн гана «жалпы» болуп саналат [Ермолаева, 1964:21-22; Bouma, 1975:318].Бул функционалдык-семантикалык топтордун ар бири англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин ар түрдүү санын камтыйт.

Мындан мурунку параграфтарда сөз болгондой, дээрлик баардык эле тилдерде грамматикалык категориялар бири-бири менен тыгыз байланышта болушат да, сүйлөмдөгү берген маанилери боюнча бирин экинчиси толуктап, семантика-функционалдык табияты боюнча бирине бири өтүп турат. Ушул өңдүү эле модалдык сөздөрдүн көпчүлүгү ар кандай сөз түркүмдөрүнөн жасалгандыгын байкоого болот. Кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр да өздөрүнүн морфологиялык курамы боюнча эки топко бөлүнүп каралып жүрөт:

1.нагыз модалдык сөздөр;

2.функционалдык модалык сөздөр.

модалдык сөздөрдүн аталган бул түрлөрү бирин экинчисинен лексика-грамматикалык жактан, сүйлөмдө аткарган кызматтары боюнча айырмаланып турушат.

Нагыз модалдык сөздөр өздөрүнүн алгачкы лексикалык маанисин биротоло жоготуп, бир беткей модалдык маанини гана туюндуруп калгандыгы аркылуу мүнөздөлөт. Азыркы кыргыз тилиндеги мындай модалдык сөздөргө: балким, мүмкүн, айтор, шекилдүү, албетте, арийне, маселен, мейли өңдүү сөздөрдү киргизүүгө болот. Мындай модалдык сөздөрдүн айрымдары араб-иран тилдеринен киргендиги айтылат.

Нагыз модалдык сөздөр сүйлөөчүнүн чындыкка карата болгон ар түрдүү мамилесин (өкүнүү, кубаттоо, ырастоо, болжолдоо, чечмелөө, түшүндүрүү ж.б.) билдирет . Маселен, “Албетте” – араб тилинен кирген сөз. Сүйлөм тизмегинде кубаттоо, ырастоо сыяктанган гана модалдык маанини билдирет. Сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт. Көпчүлүк учурларда сүйлөмдүн башында, айры учурларда ортосунда колдонула берет, бирок сүйлөмдүн аягында келиши кыргыз тили үчүн мүнөздүү эмес: Албетте, менин бул эмгегим биздин айылдын биринчи мугалими, биринчи коммунисти, азыркы убакытта почточу болуп жүргөн Дүйшөн аксакалга арналат (Ч.Айтматов, “Биринчи мугалим”).

Диалог иретиндеги суроо-жооп сүйлөмдөрдө ырастоо, кубаттоо маанисиндеги сүйлөмдүн милдетин аткарат:

-Кечинде жыйналышка келесиңби?

-Албетте.

-Акылбек бүгүндөн калбай келеби?

-Албетте. Болбосо баарыбызды уятка калтырат –деп Салмоорбек мага карады (газетадан)[Шаршеев, 1969].

Ал эми функционалдык модалдык сөздөр башка сөз түркүмдөрү аркылуу кирип, модалдык маани берүү потенциалына ээ болот. Мындай сөздөр

модалдык маениге лексикалык маанилеринин абстракцияланышы жана сүйлөмдөгү синтаксистик функцияларынын өзгөрүшү аркылуу ээ болушкан да, алар бирде, өзүнүн түпкү (лексикалык) маанисинде колдонулса, бирде, жаңы кабыл алынган модалдык маанисинде колдонулат.Бул тууралуу И.А.Туева: “Развитие модального значения слов шло через переосмысление и абстаргирование конкретного лексического значения, с которым они употреблялись первоначально. Этот процесс общий для всех модальных слов, независимо от того, с какими частями речи они соотносятся по образованию и на базе какой синтаксической функции они формировались” –деп туура көрсөткөн.

Кыргыз тилинде функциясы боюнча модалдык маанини, негизинен, атооч жана этиш сөздөр берет. Ушуга байланыштуубул типтеги модалдык сөздөрдү эки топко бөлүп карайбыз:

1) атоочтук модалдык сөздөр;
2) этиштик модалдык сөздөр.

Атоочтук модалдык сөздөргө: сыягы, кыязы, керек, чынында, чындыгында, чамасы, сөзсүз, шексиз, адатта, болжолу, бар, жок, кебетеси, чагымда ж.б. модалдык сөздөрдү киргизүүгө болот.

Ал эми этиштик модалдык сөздөргө: де, экен, чыгар, тура, көрүнөт, өңдөнөт, окшойт, сыяктанат, тийиш, имиш, көрсө, айталы, айтмакчы, кой, болуптур, жарайт деген сөздөр кирет [Шаршеев, 1969].

Мындан тышкары, мындан мурунку параграфта учкай сөз болуп өткөндөй, грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карап, модалдык сөздөр тубаса жана туунду модалдык сөздөр деп экиге бөлүнүп каралып жүрөт. Туунду модалдык сөздөрдү жасоочу атайын мүчөлөр жок болгону менен, алар сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасала берет.

1.Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалуучу модалдык сөздөргө төмөндөгү мисалдарды келтирүүгө болот: өң+ла+н+а+т=өңдөнөт, сыяк+ла+н+а+т=сыяктанат. Маселен, Бейтааныш коноктун алтымыштан ашып калган сыяктанат.

2. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалуучу модалдык сөздөр: сыяк+ы=сыягы, кебете+си=кебетеси, бир+ынчы+дан=биринчиден, эки+ынчы+дан=экинчиден, ал+са+к=алсак, айт+а+лы=айталы. Маселен, Алсак, аты аталгандардын ичинен Нурида Ысмаилова спорт жаатында бир катар жетишкендиктерди камсыз кылды.

Тубаса модалдык сөздөр морфологиялык элементтерге ажырабастан, сүйлөмдүн бир мүчөсүнө гана тиешелүү болбостон, бүтүндөй сүйлөмгө модалдуулук маанисин берип турат.

Ал эми туунду модалдык сөздөр уңгуга мүчөлөрдүн уланышы аркылуу жасалып, алар ширелишип кеткени менен, уңгунун лексикалык мааниси сакталып калган болот: айтмакчы, көбүнчө, көрүнөт, кебетеси, чынында, чамасы, окшойт, сыягы, тескерисинче, айталы ж.б.

Модалдык сөздөрдүн синтаксистик табияты да бир катар татаалдашкан маселелерди кучагына алат. Алардын бири катары маани берүүчү сөз түркүмдөргө кирүүчү айрым бир сөздөрдүн модалдык маанини туюндуруп келгендигин мисал келтирүүгө болот. Мындай сөздөрдүн катарына жакшы, дурус, ырас, туура деген өндүү сөздөрдү киргизүүгө болот. Маселен, “жакшы” деген сөз сүйлөмдүн курамында заттык мааниде колдонулаары белгилүү: Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети; Жакшы менен дос болсоң, жетесиң муратка, жаман менен дос болсоң, каласың уятка. Жакшыдан башчы койсоң, элди түзөтөр, Жамандан башчы койсоң, элди жүдөтөр. Ал эми ушул эле жакшы сөзү модалдык маанисинде сүйлөмдө баяндалган маалыматты ырастоону, кубаттап-жактоону билдирет. Адатта, модалдык маанинин туюндурууда сүйлөмдүн башында келип, айтуучунун сүйлөмдө сөз болуп жаткан фактыга карата куаттоо, жактыруу мамилесин туюндуруу менен кээде кайиаланып да келет: Жакшы, жакшы, ушинтип аракет кылсаң эле, ишиң илгерилей берет. Ушул өңдүү эле функцияны, “түзүк” деген сөз да аткарат деген ойдобуз: Түзүк, түзүк, үкөм, иштегениң көңүл жылытат экен. Демек, мындай сөздөр кеп агымында, сүйлөмдүн тутумунда контекстке карап, ар кандай сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болуу менен, ошол эле учурда ар кандай сүйлөм мүчөсүнүн милдетин

аткара берише тургандыгына күбө болдук. Андыктан мындай сөздөрдүн классына мүнөздөмө берүүдө алардын лексика-грамматикалык табиятын, коммуникативдик потенциалын толук эске алуу зарыл деген ойдобуз. Ал эми алардын ар кандай сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара алуу мүмкүнчүлүгү коммуникативдик синтаксистин же синтаксистик семантиканын алкагында каралчу маселелердин катарына турат деген ойдобуз. Биздин жеке пикирибизде, мындай сөздөргө карата “көп кызматтуу сөздөр” (полифункциональные слова) деген аталышты колдонуу орундуу. Анткени бул аталыш алардын лексика-гарамматикалык, коммуникативдик табият-өзгөчөлүгүнө шайкеш келет.

3.3. Англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштерди изилдөөнүн синхрондук аспектиси

Изилдөө ишибиздин мурунку параграфында көрсөтүлгөндөй, англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштер, функционалдык-грамматикалык көз караштан алганда, модалдуулуктун эң төмөнкү, конкреттешкен 3-деңгээлинде ишке ашат. Аталган бул деңгээлдин курамы модалдуулукту чагылдырган конкреттүү тилдик каражаттарга жараша аныкталат. Модалдык этиштер модалдуулук категориясынын 3-деңгээлинде ишке ашууну өз алдынча, обочо туруп аткарышпастан, кептик кырдаалдын структурасына ылайык келген жана шайкеш болгон толук маанилүү этиштер менен байланышканда гана аткарышат. Модалдык этиштердин мындай айкашуу жолу аркылуу колдонулуусу аналитикалык англис тилине да, флективдүү немис тилине да мүнөздүү.

Мисалы:

1*) Oh, Tom, they can see in the dark like cats* (Twain, 2012:99) -О, Том, алар мышык сыяктуу караңгыда көрө алышат»

2) *«na, hörmal!», sagte er, «So kannst du doch nicht mit mir reden»* (Hagemann, 2001:13) -«Угуп тур! – деп айтты ал, - Сен мени менен мындай сүйлөшө албайсың».

3) *Der Koch darf mir, selbst zu bestimmen - hier nutzte ich meine militärische Erfahrung* (Kaminer, 2003:161) -Ашпоз мага өз алдынча аныктоого уруксат берди – мында мен өзүмдүн аскердик тажрыйбамды колдондум.

Жогоруда англис тилинен келтирилген 1-мисалда *can* модалдык этиши *see* маани берүүчү этиши менен айкалыша келет, ал эми немис тилиндеги 2-мисалда *können* модалдык этиши *kannst* формасында *reden* маани берүүчү этиши менен айкашат. Ошондой эле башка немис тилиндеги 3-мисалда *lassen* модалдык этиши *lieb* формасында *rauskriegen* маани берүүчү этиши менен айкалышып турат. Бирок тилде, айрыкча оозеки кепте, көп учурда аталган модалдык этиштер, англис тилиндеги *can* жана немис тилиндеги *können* жана *lassen* этиштери толук маанилүү этиш менен айкалышпастан колдонулат. Толук маанилүү мындай этиштер такыр катышпайт дегенди билдирбейт, алар болгону түшүп калышкан, бирок көмүскө түрдө катышканы ачык-айкын түрдө көрүнүп турат. Алардын бар экени кептик кырдаалдын бардык структурасы аркылуу мотивделип турат. Мындай учурларда модалдык этиштер экспликативдүү, ачык чагылдырылбастан, имплициттүү, көмүскө түрдө чагылып турушат. Мисалы:

4) Finally, Tom said, «I can beat you».

« you can try».

«Well, I can do it».

«No, you can't».

«Yes, I can».

«You can't».

«Can».

«Can't» (Twain, 2012:12 – 13) -Акыры Том айтты:

- Мен сени уруп коё алам.

- Байкап көрсөң.

- Оңой эле.

- Колуңдан келбейт.

- Колумдан кандай гана келет экен.

- Келбейт.

- Келет.

- Жок./

Англис тилиндеги 4-мисалда алгачкы үч айтымда can модалдык этиши айкалышкан маани берүүчү этиш менен чогуу колдонулат: *can beat; can do.* Калган «No, you can’t»; «Yes», «I can» «you can’t» «can» «can’t» өңдүү беш айтымда бул модалдык этиш имплициттүү мүнөзгө ээ болот. Ал эми *beat* жана *try* толук маанилүү этиштери диалогдун кайсы катышуучусунун – Том Сойер деген баланын же ал чатакташып жаткан бейтааныш баланын айтымы экенине жараша имплициттүү түрдө катышат.

Демек, англис тилиндеги *can* жана немис тилиндеги *können* жана *lassen* үч модалдык этиштери функционалдык-семантикалык жактан бири-бирине мааниси жана кырдаалдык-кептик колдонулушу боюнча жакын экени негизделип, көрсөтүлдү. Аталган модалдык этиштердин мааниси жана ар түрдүү кептик кырдаалдарда колдонулушу алардын семантикалык структурасы аркылуу шартталган.

Ар бир тилдик бирдиктин, анын ичинде модалдык этиштердин семантикалык структурасы, семалар, б.а., эң майда маанилик элементтер аркылуу аныкталат. Алар бул структуранын ичинде так аныкталган тартипте жана аларга тиешелүү иерархиялык орунга ылайык жайгашат. Тил илиминде, тагыраак айтканда, семантикада тилдик бирдиктин семантикалык структурасы реалдуу импликацияга ээ экени, мындай структура лингвистикалык объективдештирүүнүн фактысы экени далилденген [Общее языкознание: внутренняя структура языка, 1972:418 – 419; Лайонз, 1978:496 – 497; Holliday, 1970: 151 – 152].

Тилдик бирдиктин семантикалык структурасы иерархиялык тартипте уюшулган жана бири-бири менен багыныңкы карым-катышта турган үч түрдөгү семаларды өз курамына камтыйт. Биздин изилдөө ишибизде модалдык

этиш толук маанилүү семантикалык структурага ээ болуш үчүн жетиштүү жана тике тилдик каражат болуп саналбайт. Анткени ал толук маанилүү этиш менен айкалышканда гана семантика-функционалдык толук кызмат аткара алат. Маани берүүчү этиш менен айкалышкан герман модалдык этишине мүнөздүү семалардын, атап айтканда: маани берүүчү этиш менен айкалышкан бардык модалдык этиштерге мүнөздүү архисемалар, алар чындыктын кеңири аспектисин чагылдырышат; модалдык сөздөрдүн бүткүл классынын ичинен бир гана функционалдык-семантикалык топко (биздин мисалда курамында англис *can* жана немис *können, lassen* турган үч модалдык этиштен турган этиштик бирдиктердин функционалдык-семантикалык тобуна) мүнөздүү болгон дифференциялоочу семалар; ошондой эле бир гана конкреттүү модалдык этишке мүнөздүү болгон жана белгилүү бир типтеги кептик кырдаалда гана ишке ашуучу потенциалдуу семалар өңдүү үч түрү аныкталат. Архисема тилдик бирдиктин семантикалык структурасында дайыма иерархиялык шатынын чокусунда жайгашат. Анткени ал лексемалардын жана лексемалык сөз айкаштарынын кеңири классына тиешелүү. Ал эми дифференциялоочу сема архисемага караганда бир аз төмөнүрөөк жайгашат. Ошондой эле иерархиялык шатынын эң төмөн жагында потенциалдуу семалар багыныңкы абалда жайгашат жана алардын саны жалпысынан алганда архисемалардын жана дифференциялоочу семалардын санынан дайыма көбүрөөк болот. Демек, модалдык этиштердин жана алар менен байланышкан маани берүүчү этиштердин семантикалык структурасы жөнүндө жогоруда айтылгандардын баарын иллюстрациялоо максатында англис жана немис тилдеринен төмөндөгүдөй мисалдарды келтирүүгө болот:

5) «*That's a comfort», "he said. "You can see the grand stand to-day»* (Galsworthy, 2012:82) -Бул да жакшы, - деди ал. – Бүгүн ипподромду көрө аласыңар.

2. *Ich konnte mir vorstellen, dass er vor mir an der Tür stand und mich abschätzend ansah.* (Winnington, 1976:106) Мен анын босогодо менин алдымда турганын жана мени сынап карап турганын көз алдыма элестете алдым.

7) *Ferdinand: Wollte sie küssen (wollte ihr nahe kommen)* (Schiller, 1974:322) - Фердинанд: Аны өпкүм келип жатат (ага жакындагысы келди).

Жогорудагы мисалдарда, англис жана немис тилдериндеги толук маанилүү этиштер менен бирдикте колдонулган модалдык үч этиш: англис тилиндеги 5-мисалда *can see* жана немис тилиндеги 6-мисалда *konnte vorstellen*, ошондой эле 7-мисалда *sie küssen* аркылуу «айтуучунун айтылган аракетке карата мамилеси» деген жалпы архисеманы, ошондой эле «аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)» дифференциялоочу жалпы семасын аныктоого болот. Ошол эле учурда потенциалдуу сема модалдык этиштин жана аны менен айкалышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында иерархиялык шатынын эң төмөн ордунда жайгашат, анткени ал модалдык кырдаалдын бир гана элементинин, т.а., кептин предметинин белгилерин чагылдырат. Бирок «айтуучунун айтылып жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасы жана «аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)» дифференциялоочу семасы англис тилиндеги can модалдык этиши үчүн да, аны менен айкалышкан маани берүүчү этиш үчүн да жалпы болуп саналса, потенциалдуу семалар бул модалдык этиштерде жана алар менен айкалышкан маани берүүчү этиштерде ар түрдүү сандагы катышка ээ болот. Мындай жагдай алардын эң төмөнкү иерархиясы жана алардын объективдүү чындыктын (кептин предметинин) тигил же бул белгилерин конкреттүү туюнтушу аркылуу шартталган.

Мисалы, англис тилиндеги *can* модалдык этишин жана аны менен айкалышкан маани берүүчү этиштердин семантика-маанилик анализи алардын семантикалык структурасында үч потенциалдуу: 1. «жөндөмдүү болуу, билүү», 2. «шектенүү, күмөн саноо», 3. «ыктымалдуулук (божомол)» семаларын бөлүп алууга мүмкүн экенин ачык көрсөтүп турат.

8*) «I'd like to book a table for six this evening». «Can do/ What name, please»?* (Woolf, 1988:108) -«Мен бүгүнкү кечке алты кишиге дасторкон буйрутма кылайын дедим эле» - «Колубуздан келет. Аты-жөнүңүздү айтыңызчы».

9) *Well, why don't you do it? You say can do it. Why don't you do it? It's because you're afraid* (Twain, 2012:14) -«А эмнеге токмоктобойсуң? Колумдан келет деп жатпайсыңбы. Эмнеге антпей жатасың? Анткени сен коркосуң».

10) *I bet will! I will if it's where we can blaze our way to it and not get lost* (Twain, 2012:206) -«Барам! Барам, эгер биз ал жакка жете алсак жана адашып кетпесек» (биздин котормо).

Англис (8) *can* do мисалында *can* модалдык этиши маани берүүчү *do* этиши менен айкалышып колдонулган. Алардын семантикалык структурасы «айтуучунун айтылып жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасы жана «аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)» дифференциялоочу семасы менен аныкталган, бул дифференциялоочу сема негизинен *can* модалдык этишинин өзү аркылуу туюндурулат. Келтирилген 8-мисалда ишке ашуучу потенциалдуу сема болуп «жөндөмдүү болуу (билүү)» маанилик компоненти эсептелет, бул потенциалдуу сема, негизинен, маани берүүчү этиш аркылуу чагылат жана *can* модалдык этиши айкалышкан этиштин инфинитиви аркылуу чагылдырылган аракетти аткарууга физикалык жөндөмдүүлүктү туюнтуу үчүн колдонулат [Беляева, 1977:146].

9) Англис тилиндеги мисалда *do* маани толук маанилүү этиши менен айкалышкан *can* модалдык этишинин семантикалык структурасы жогоруда келтирилген 8-мисалдагыдай эле архисемага жана дифференциялоочу семага ээ. Ал эми бул мисалда ишке ашуучу потенциалдуу сема жөнүндө сөз кылсак, ал негизинен 8-мисалдагы потенциалдуу семага окшош, бирок айрым өзгөчөлүктөргө ээ. Атап айтканда, ал бул жерде интеррогативдүү (суроолуу) кептик кырдаалда колдонулган. Ал эми интеррогативдүү кептик кырдаал белгилүү бир талаптарды коёт: «суроолуу сүйлөмдөрдө *can* этиши кандайдыр-бир аракетке карата күчтүү шектенүүнү, таң калууну жана ишенбөөнү чагылдырышы мүмкүн» [Угарова, 2015:17]. Ошондуктан 9- мисалда колдонулган потенциалдуу сема «күчтүү шектенүү (ишенбөө)» катары аныкталат, ошол эле учурда бул потенциалдуу сема эки түрдүү сүйлөмдөрдө, т.а., суроолуу же терс маанидеги сүйлөмдөрдө туюнтулат.

Ал эми 10-мисалда толук маанилүү *blaze* жана *not get lost* этиштери менен айкалышкан англис тилиндеги *can* модалдык этишинин сематикалык структурасы бул модалдык этиштин 9 жана 8-мисалдарындагы семантикалык структурасындай эле «айтуучунун айтылып жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасынан жана «аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)» дифференциялоочу семасынан турат, алардын биринчиси модалдык этиштин семантикалык структурасынын иерархиялык шатысында экинчисине караганда жогорураак турат. Бирок *can* модалдык этиши *blaze* жана *not get lost* толук маанилүү этиштери менен айкалышканда бир кыйла айырмалуу потенциалдуу семаны чагылдырат, аны «ыктымалдуулук (божомол)» деп атоого болот. Бул потенциалдуу семанын модалдык этиштин жана аны менен айкалышкан толук маанилүү этиштердин семантикалык структурасында пайда болушу айтуучу өз кебинде айтылган аракеттин ишке ашуу мүмкүндүгүн божомолдогон реалдуу кептик кырдаал менен шартталат [Ионина, Саакян, 2016: 115].

Келтирилген мисалдардан ачык көрүнгөндөй, бир эле модалдык этиш, биздин мисалдарыбызда *can* модалдык этиши, айтымдарда ар түрдүү маани берүүчү этиштер менен айкалыша колдонулуп, дайыма бир эле «айтуучунун айтылып жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасын жана «аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)» дифференциялоочу семасын чагылдырат. Ошол эле учурда 8, 9 жана 10- мисалдарында ар түрдүү потенциалдуу семаларды чагылдырат. Мындай семаларды биз төмөнкүдөй аныктадык: 1. «жөндөмдүү болуу (билүү)» (8-мисал); 2. «Абдан шектенүү (ишенбөө)» (9-мисал) жана 3. «ыктымалдуулук (божомолдоо)» (10-мисал). Ошол эле учурда архисема жана дифференциялоочу сема *can* модалдык этишинин өзүнүн семантикасына мүнөздүү, ал эми потенциалдуу семалар маани берүүчү этиштин семантикасынан келип чыгат жана кептин предметинин аракетинин ар түрдүү «физикалык же акыл-эстик» белгилерин чагылдырат. Аталган ушул өңдүү потенциалдуу семалар, негизинен, толук маанилүү этиштин семантикасынан келип чыкса да, модалдык этиштин өзүнүн кептик чагылышынын ишке ашышын бөлүштүрүүнүн негизинде жатат.

11) *Wir können es doch wenigstens probieren». Meine Mutter ist nicht müde* (Hagemann, 2001:16) -«Биз буга, жок дегенде, аракет кылышыбыз керек». Апам чарчаган жок.

12) *Wie kann ich ihm über all meine Gedanken im Laufe den Jahren erzählen?* (Bacher, 2001:75) -Бул жылдар ичинде ойлонгон нерселердин баарын ага айта алмак белем?

13) *Du könntest mir ein gutes. Wort sagen, sagte sie leise* (Keyser, 1977:131) - Сен мага жакшы сөз айтып койсоң болмок, - ал акырын айтты.

14) *Ich bin an einem völlig unerwarteten Ort auf dieses Fluchen gestossen. Das konnte niemand. Was ich sagen möchte: Keine einzige Person könnte mir dies oder so etwas anbieten* (Plenzdorf, 1976:33) -Такыр күтүүсүз жерден бул ызы-чууга туш келип калдым. Муну эч ким кыла алмак эмес. Менин айтайын дегеним: эч бир адам мага муну же буга окшош бир нерсени сунуш кыла алмак эмес.

Англис тилиндеги *can* модалдык этишинин түздөн-түз семантикалык аналогу болгон немис модалдык этиши *können* маани берүүчү этиштер менен бирге колдонулуу учурунда өзүнүн англис аналогуна мүнөздүү болгон ошол эле «айтуучунун айтылган аракетке карата мамилеси» архисемасын жана ошол эле «аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)» дифференциялоочу семасын туюндурат. Бул мисалдарда да аталган эки сема *können* модалдык этиши жекече колдонулбаса да, негизинен, ушул этиштин өзүнүн семантикасында камтылат, бул учурда маани берүүчү этиштин мааниси 11) *probieren (*können probieren), 12) sagen (können sagen), 13) j-n gefallen tun (können gefallen tun) мисалдарындагыдай ачык, эксплициттүү түрдө чагылат, ал эми 14-мисалда *können* модалдык этиши менен айкалышкан маани берүүчү этиштин мааниси көмүскө, имплициттүү түрдө чагылат: *konnte das*, бирок бул толук маанилүү этиштин имплициттүү мааниси реалдуу кептик кырдаалдын алдыңкы позицияда жайгашкан бүткүл структурасы аркылуу аныкталат, б.а., tun толук маанилүү этиши *in die Klauen kriegen* маанисине ээ. Бирок кептик кырдаалда үч потенциалдуу семаны туюнткан англис аналогу *can* этишинен айырмаланып,

немис тилиндеги *können* модалдык этиши окшош кептик кырдаалдарда төрт потенциалдуу семаны туюнтат. Биринчи потенциалдуу семаны биз, *can* англис аналогу сыяктуу эле, «жөндөмдүү болуу» деп аныктайбыз, бирок *can* англис аналогунда «билүү» деген майда семантикалык нюанс, б.а. кептин предметине реалдуу жана конкреттүү түрдө мүнөздүү белги («жөндөмдүү болуу) имплициттүү түрдө чагылса, немис тилиндеги *können* ишке ашышы мүмкүн болгон, б.а. азырынча реалдуу эмес болуп, аракеттин аткарылуу потенциалы, мүмкүндүгү туурасындагы маалымат туюнтулат [Bouma,1975:314-315].

Кыргыз тилинде берилген «жөндөмдүү» таяныч модалдык мааниси лексика-грамматикалык аналитикалык ыкмада, “-а алат” (келе алат, карай алат) конструкциясы аркылуу берилет да, жандуу кеп агымында көпчүлүк учурда биригип, (келелат, баралат) синтетикалык ыкмага ылайык айтылат. Бирок кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн синтетика-аналитикалык түзүлүшү реалдуу тилдик практикада «-а алат (-а алуу)» аналитика-синтетикалык конструкциясы аркылуу объективдүү типтеги модалдуулукту реализациялайт. Ал эми субъективдүү модалдуулук *түк, да, гана, го, эле, деп* ж.б. модалдык болүкчөлөр, *ырас*, окшойт ж.б. өндүү модалдык сөздөр, ар кандай сырдык сөздөр менен киринди-кыстырынды конструкциялар сыяктуу лексика-грамматикалык каражаттар болушу мүмкүн. Башкача айтканда, объективдүү модалдуулукту туюндуруу каражаты катары эсептелген «-а алат (-а алуу)» аналитика-синтетикалык конструкциясында субъективдүү модалдуулукту туюндурулушу ишке ашуусу мүмкүн. Ошол себептен англис тилине караганда (анда объективдүү модалдуулук гана баяндалат) кыргыз тилинде «жөндөмдүү» таяныч модалдык маанинин берилиши объективдүү + субъективдүү модалдуулук комбинациясы аркылуу реализациянат.

Дифференциялоочу сема бул функционалдык-семантикалык топтун беш модалдык этишке: англис тилиндеги үч *must, ought, need* жана немис тилиндеги эки *müssen, sollen* этишке мүнөздүү “зарылдык” жалпы категориалдык семантикасы, тагыраак айтканда, “милдеттүү” таяныч мааниси менен

мотивделет жана шартталарын иллюстрациялоо максатында төмөндөг мисалдарды келтирүүгө болот:

1) *You must have gone there about the time Biloxi went to New Haven* (Fitzgerald, 2014:199) -Силер ал жакка, балким, Билокси Нью-Хафенге кеткен учурда барган болушуңар керек.

2) *He ought not to have sent that cable», she muttered brokenly* (Segal, 1996:97) -«Ал бул телеграмманы салбашы керек болчу», - деп күбүрөндү ал.

3) *You needn't have hurried», she said, trembling with the first dim ecstasy of a woman beloved* (Henry, 2014:11) -«Сен шашпоого тийиш болчусуң», - деди ал, биринчи жолу сүйүүсүн билдирүүнүн түпөйүл дүүлүгүүсүнүн кучагында болуп.

4) *Er wollte sie überall finden, auch wenn die Schwäne in den Brunnen schwimmen würden* (Kaminer, 2003:168) -Ал кайсы бир жерден таап алып келгиси келген ак куулар фонтанда сүзүп жүргөн убакта да.

Жогоруда келтирилген мисалдарда герман модалдык этиштери: англис тилиндеги мисалдарда *1) must, 2) ought, 3) need* жана немис тилиндеги мисалдарда *4) müssen 5) sollen* этиштери колдонулду. Алардын баары бирдей эле «айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасын туюнтушат, анткени жогоруда аталган этиштик лексемалардын бардыгы модалдык этиш болуп саналышат жана алардын маанилеринде (айтуучу тарабынан иштелип чыккан) айтымдын мазмунунун кептин объективдүү чындыктагы предметине карата мамилесинин семантикасы камтылат.

Ошол эле учурда бул мамиле, аракеттин реалдуу же реалдуу эместигин ачыктап, «зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына ээ бул функционалдык-семантикалык модалдык топто «милдеттүү» таяныч маанисин чагылдырат. Бирок андан ары модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкаштарынын семантикалык структурасындагы иерархиялык шатынын төмөн жагына карай түшкөндө, «зарылдык» категориалдык маанисинин жалпылыгына карабай, семалар ар бир тилде айырмачылыктуу болуп баштайт. Англис тилинин материалында модалдык этиштер жана алар менен айкашкан толук

маанилүү этиштер потенциалдуу эки семаны билдиришет – семантикалык иликтөө *must* англис модалдык этиши бүткүл модалдык сөз айкашы үчүн: 1. «милдеттүү болуу (зарылдык)», 2. «ишенүү (аракетке ишенүү)» потенциалдуу эки семаны тундурат. Ал эми англис тилиндеги *ought* этиши да эки потенциалдуу семаны: 1. «милдеттүү болуу», 1. «жемелөө» семаларын билдирерин, ал эми англис тилиндеги need модалдык этиши да эки потенциалдуу семаны: 1. «муктаж болуу (зарылдыктын болушу)» 2. «кичине зарылдык» семаларын билдирерин көрсөтөт. Потенциалдуу семалар дизъюнктивдүү мүнөзгө ээ болот, б.а. алар айтымда семалардын бирөө гана ишке ашат. Айтылган пикирлерге, асыресе, англис тилиндеги *must* модалдык этишине байланыштуу төмөндөгүдөй мисалдарды келтирели:

1) *«Yes, I must go. I have my work to do»* (Conan Doyle, 2014:60) -«Ооба, мен кетишим керек. Мен дагы иштешим керек».

2) *You must see a good many: I wish you'd look out for one that you could recommend* (Yerome, 2012:108) -«Сен алардын көбүнө жолугасың: Мен сенин мага сунуштай турган бирөөнү табышыңды каалайт элем».

Англис тилиндеги 6-мисалда *must* модалдык этиши «милдеттүү болуу (зарылдык)» потенциалдуу семасын билдирет, бирок бул сема аталган модалдык этиштин семантикасында гана эмес, ошондой эле, негизинен, аны менен айкашкан *go* толук маанилүү этишинде да чагылат. Бул белгилүү бир конкреттүү физикалык аракетти атаган маанилик этиш болбогон учурда бүткүл модалдык айтымдын мааниси толук болбой калат: *Yes, I must…*

Ушул сыяктуу эле 7-мисалдагы англис тилиндеги *must* модалдык этиши өзүнүн семантикалык структурасына мүнөздүү болгон дагы бир дифференциялоочу семаны – «ишенүү (аракетке ишенүү)» семасын туюндурат, бул учурда да аталган дифференциялоочу сема *see* толук маанилүү этиши болгон учурда гана ишке ашат, ал этишсиз айтымдын мааниси аяктабай калат. Англис тилинде *must* модалдык этиши өзүнүн жанында аны менен кептик кырдаалдын структурасында айкашкан белгилүү бир маанилик этиш болгон

учурда гана коммуникативдик-модалдык айтымды чагылдыра алат [Блох, 1986:110].

1) *«You ought to be more careful», said he to me* (hongstreet, 1984:153) -«Сиз этиятыраак болууга тийишсиз», - деди ал мага.

2) *«I ought to visit my sick friend more often», I gasped* (Harte, 2014:91). -«Мен оорулуу досумду тез-тезден көрүп турсам болмок эле», - дедим мен мукактанган үн менен.

Англис тилинин *ought* модалдык этишинин семантикалык структурасы өз курамында эки потенциалдуу семаны камтыйт. Биз «милдеттүүлүк» деп атаган алардын биринчиси 8-мисалда *ought to be* этиши аркылуу ишке ашат, бул учурда аталган дифференциялоочу сема *to be* толук маанилүү этишин талап кылат жана анын семантикасына кирет. «Жемелөө» деп аталган дифференциялоочу экинчи сема кандайдыр-бир жемени туюнтат жана көп учурда, инфинитив менен айкашып колдонулат, ал эми 9- мисалда *I ought to visit…* этиши айтуучунун өзүнө багытталган. *ought* модалдык этиши, *must* модалдык этиши сыяктуу эле, тиешелүү маанилик этиштин эксплициттүү катышуусу менен гана потенциалдуу семаны чагылдырат, ал эми экинчи, “жемелөө” потенциалдуу семасын чагылдыруу учурунда атүгүл *to* инфинитивдүү бөлүкчөсү менен, кээ бир учурда перфективдүү инфинитив менен чогуу колдонулуу талабы коюлат [Бархударов, 1975:151]

1. *«Need I tell them about it?»* (Akmataliev, 1991:84) -«Мен аларга бул жөнүндө айтып беришим керекпи?».

2) *«I needn’t have made this promise», said he faintly and smiled in a ghastly manner* (Byron, 2014:165) -«Мен бул убаданы бербешим керек болчу», - ал алсыз үн менен айтты да, анын жүзүндө ыңгайсыз жылмаюу жылт этип өчтү.

Англис тилиндеги *need* модалдык этиши кептик кырдаалда толук маанилүү этиш менен бирге, эки дизъюнктивдүү потенциалдуу семаны билдирет: 1. “муктаж болуу (зарылдыктын болуусу)” жана 2. “кичине зарылдык”. Биринчи потенциалдуу сема 10-мисалда англис тилиндеги *need tell,* ал эми экинчиси 11-мисалда *needn’t have made* этиши аркылуу

реализацияланган. Аталган потенциалдуу семалар модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкашынын бүткүл семантикалык структурасында камтылат, дал ушул семалар тиешелүү маанилик этиш менен чогуу колдонулушун шарттайт. Ошентип потенциалдуу сема модалдык сөз айкашын (модалдык этиш + толук маанилүү этиш) айтымдын структурасында эки түзүүчү бөлүккө жиктейт. Бул пикир аталган модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкаштарынын функционалдык-семантикалык мүнөздөмөсүндө түздөн-түз чагылат.

Немис тилиндеги *müssen* жана *sollen* модалдык этиштерин иликтөө жана лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн жыйынтыктары алар “зарылдык” жалпы категориалдык семантикасына жана “милдеттүү” таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык топтогу англис аналогдоруна караганда потенциалдуу семалардын көп санына ээ экенин көрсөттү. *Müssen* модалдык этиши бири-бири менен дизъюнктивдүү мамиледе турган потенциалдуу: 1. “милдеттүү болуу (мажбур болуу)”, 2. “айтуучунун буйругу (аракетти аткарууга карата буйругу)”, 3. “объективдүү божомол” өңдүү үч семаны билдирет. Айтылган пикирлерге карата төмөндөгүдөй факт-материалдарды келтирүүгө болот:

1) *Wir hatten keine Angst vor dem dramatischen Schicksal eines unserer Idole, dessen Gitarrist Sanunov fünf Jahre lang inhaftiert soll, weil er Geld seiner eigenen Gruppe angeeignet hatte* (Kaminer, 2003:150). Биздин кумирлерибиздин бири, өзүнүн музыкалык тобунун ойногону үчүн акчаны өзү жыйнаганы үчүн беш жыл абакка кесилген гитарист Сануновдун драмалуу тагдыры бизди чочуткан жок.

2) *Franz klopft ihm auf die Achsel:Pfui, Herrmann, du bist ein Kavalier. Du mußt den Schimpt nicht auf dir sitzenlassen* (Schiller, 1974:49) -Франц аны далыга таптады: Кана, Герман, сен эркексиң да. Сен сөккөнгө чыдап турбашың керек.

3) *Dafür muss man die Energie der Jugend über alle Zeit erhalten, was sich auf den Schreibenden ebenso sehr bezieht wie auf den Lesenden* (Aitmatov, Ikeda, 2013:55) -Бардык мезгилдерде бул үчүн жазгычтарга да, окугучтарга да бирдей кошулган жаштардын энергиясын колдонуу керек.

Немис тилиндеги 1-мисалдагы мисалында müssen модалдык этиши «милдеттүү болуу (мажбур болуу)» потенциалдуу семасын, 2-мисалда «айтуучунун буйругу (аракетти аткарууга буйругу)», ал эми 3-мисалда «объективдүү божомол» потенциалдуу семасын туюнтат. Бирок бул потенциалдуу семалардын баары, бир жагынан, айкашкан маанилик этишке карай багытталган, экинчи жагынан, алар маанилик этиштен келип чыгып, негизги модалдык этишке карай багытталган сыяктуу көрүнөт.

Ошентип *müssen* модалдык этишинин (sollen сыяктуу эле) семантикалык структурасы аны менен айкашкан маанилик этиш менен да шартталган. *Müssen* модалдык этиши катышкан модалдык сөз айкашынын семантикасы анын түзүүчү бөлүктөрүнүн *müssen* модалдык этишинин өзүнүн жана аны менен айкашкан толук маанилүү этиштин 1) *dafür muss* 2) *must nicht auf dir sitzenlassen* 3) *muss erhalten* өз ара таасири менен шартталып калат. 1) (gehen) musste мисалында «gehen» этиши атоочтук туюнтууга ээ болот.

Модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкашына карата функционалдык-грамматикалык мамиле бул модалдык этиш, сөз айкашынын структурасында өзү менен айкашкан маанилик этиш менен өз ара таасир этишип, дайыма ФСТнын борборунда жайгашат, анткени ал абстракциялануунун жогорку деңгээлиндеги «айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасы менен төмөнүрөөк деңгээлде абстракцияланган «аракетти аткаруу зарылдыгы (милдеттүү)» дифференциялоочу семасынын өз ара таасири аркылуу шартталат. *Müssen* модалдык этиши менен айкашкан маанилик этиштер болсо талаанын периферияcында жайгашат, бул, биринчиден, аталган маанилик этишке мүнөздүү потенциалдуу семанын эң төмөнкү иерархиялык статусу менен, экинчиден, бул маанилик этиштер модалдык этиштер менен эркин типтеги сөз айкашын түзүшү, алар өздөрү толук формалдашкан тилдик бирдиктер экени менен шартталат.

Немис тилиндеги *sollen* модалдык этиши алты дизъюнктивдүү потенциалдуу: 1. «милдеттүү болуу», 2. «буйрук берүү» (оң же терс

семантикада)», 3. «(аракетке) даярдык (даяр эместик)», 4. «(аракеттин) ыктымалдуулугунун белгилүү бир даражасы», 5. «(башка адамдын) башка айтымына шилтеме» семаларын актуалдаштырууда өзү менен айкашкан маанилик этиштердин функция аткаруусун шарттай тургандыгын төмөндөгү мисалдардан көрүүгө болот:

1) *Aus den Olympischen Spielen sollte eine grobe kulturpolitische Veranstaltung werden* (Kaminer, 2003:63) -Олимп оюндары чоң маданий-саясий майрам болууга тийиш болчу.

2) In mir beginnen alle Pfade

Und munden wieder in mich ein,

Ihr sollt am nachtlichen gestande

Für eine Zeit wie schlafend sein.

(Kaschnitz, 1978:60)

Бардык жалгыз аяк жолдор менде башталат,

Аягы да менде аяктайт,

А силер түнкү жээкте кайсы бир убакка чейин,

Уктаган сыяктуу болууга тийишсиңер.

3.*Aber zuerst muss er sich rächen? Nach einer Weile scheint er etwas Passendes für diesen Plan gefunden zu haben* (Rechner, 1993 – 40) -Бирок ал алгач өзүнүн өч алуусун аяктоого тийишпи? Бир аздан кийин ага бул үчүн жарактуу план жаралгандай көрүндү.

3) *Meine Mutter schenkte meinem Vater einen langen, freundlichen Blick. «Fällt dir nichts auf?» Fragte sie ihn au.«Was soll mir auffallen?» fragte mein Vater*. (Hagemann, 2001:14 – 15) -Апам атамды узакка, жактырбаган көз караш менен карап турду. «Сен эч нерсеге таң калган жоксуңбу?»-деп айтты ал атама. «Мени эмне таң калдырууга тийиш?»-деп сурады атам.

4) *«Er will uns damit sagen, dass wir vielleicht lieber gehen sollen», übersetzte ich* (Raminer, 2003:129) -«Муну менен ал биз кетип калганыбыз жакшы болорун айткысы келди», - деп котордум мен.

5) *«Die Hochzeit soll bald sein, und die Mutter wird dann mit ihnen fortgehen»* (Storm, 1998:37) -«Жакында үйлөнүү тою болот, ошондо апа силер менен кетет».

Немис тилиндеги 1-мисалда потенциалдуу сема катары биз «милдеттүү болуу» семантикалык компонентин бөлүп алабыз, бул семантикалык компонент *sollte* – werden модалдык этиши катышкан модалдык сөз айкашында ишке ашат, бул компонент «зарылдык» жалпы категориалдык семантикасынын чагылышы катары *sollen* модалдык этишинин маанисинен келип чыгып, бул маанилик этиштин семантикасына багытталат да, бүткүл *sallte warden* модалдык сөз айкашын салыштырмалуу байланышкан бир тектүү структурага бириктирет. Бирок *sollen* модалдык этишинин семантикасын иликтөөдө бул этишти жана ага мааниси боюнча окшош жана жакын *mussen* модалдык этишин колдонуунун өзгөчөлүгү жөнүндө мыйзам ченемдүү суроо жаралат. Эгер *sollen* модалдык этишинде “милдеттүү болуу” потенциалдуу семасы чагылдырылса, ал эми бул этишке мааниси боюнча жакын mussen модалдык этишинде “мажбур болуу” потенциалдуу семасы чагылдырылат. Немис лексикологиясынын теоретиги И.Р.Рахманов бул маселе боюнча төмөнкүдөй түшүндүрмө берет: “Müssen модалдык этиши кандайдыр бир жагдайлар менен шартталган зарылдыкты билдирет... *sollen* этиши “мыйзам боюнча милдеттүү болууну” билдирет [Рахманов, 1971:140]. Мындай түшүндүрмө биз талдап жаткан тилдик материалда: 12-мисалда *musste* (gehen) жана 15-мисалда *sollte werden* тиешелүү семантикада туюндурулат. Ал эми 12-мисалда *mussen* модалдык этиши бул айтымда сүрөттөлгөн турмуштук жагдайларга байланыштуу колдонулат: *das dramatische Schicksal* (олимп оюндары) – бул “мыйзам боюнча, эреже боюнча” уюштурулган салтанаттуу иш-чара.

Немис тилиндеги 16-мисалда *sollen* модалдык этиши «буйрук берүү (оң семантикада)» потенциалдуу семасын ишке ашырат. Оң же терс семантиканын болушу кырдаалдын жана контенттин мазмундук структурасына байланыштуу жана ал *müssen* модалдык этишине караганда *sollen* модалдык этишине көбүрөөк мүнөздүү. *Sollen* этишинин модалдык мааниси оң же терс

коннотацияны ачыгыраак манифестациялайт, мындай коннотация көрсөтмөлүүрөөк жана тилди алып жүрүүчүлөр тарабынан mussen модалдык этишине караганда адекваттуу нерсе (“anscheinend wahrnember”) катары кабыл алынат [Grimm, 1973:296]. Ал эми 17- мисалда аталган sollen этиши катышкан sollte vollenden модалдык сөз айкашы “(аракетке) даярдык / даяр эместик” потенциалдуу семасын ишке ашырат. Бул учурда 17-мисалда потенциалдуу семанын “(аракетке) даярдык” варианты актуалдаштырылат. Ушул сыяктуу эле 18-мисалда sollen модалдык этиши катышкан soll auffalen модалдык сөз айкашы “(аракеттин) ыктымалдуулугунун белгилүү бир даражасы потенциалдуу семасын ишке ашырат. Аракеттин ыктымалдуулугунун аз даражасы, биринчиден, 18- мисалда сүрөттөлгөн бүтүндөй кырдаалдын маанисинен келип чыгат, экинчиден, модалдык сөз айкашы катышкан айтым суроолуу сүйлөмдүн коммуникативдик тибине коюлгандыгы менен шартталган. Анткени суроо деген дайыма альтернатива издөө, ал күтүлгөн же ишке ашырылып жаткан аракеттин кандайдыр бир ыктымалдуулугун сөзсүз түрдө камтыйт [Schendels,1988: 264- 265, Diver, 1964:336].

Ал эми 19- мисалда gehen sollen мисалда “башка айтымына шилтеме берүү” потенциалдуу семасы ишке ашат. Биринчиден, мындай шилтеме берүү dass багыныңкы байламтасы аркылуу шартталган, ал байламта сыпат багыныңкы сүйлөмдү баш сүйлөмгө багындырат. Экинчиден, мындай шилтеме берүүчү потенциалдуу сема багыныңкы сүйлөмдөгү сөздөрдүн өзгөчө орун тартиби аркылуу шартталган. Мындай учурда модалдык этиш багыныңкы сүйлөмдүн эң акыркы ордуна коюлат да, ушунун өзү менен кептин кыйыр мүнөзүн көрсөтөт [Абрамов, 2001:264].

Англис тилинде модалдык этиштердин “каалайт” таяныч маанисине ээ бул тобу жалгыз гана may этиштик бирдигинен турат, бул жерде “эмне үчүн бул топко “каалайт” тике лексикалык маанисин туюнткан to want этиши киргизилген эмес?” деген мыйзамченемдүү суроо туулат. Чынында эле, англис тилиндеги модалдык этиштердин тобуна (жалгыз “каалангандык” жалпы категориалдык семантикасына жана “каалайт” таяныч маанисине ээ

функционалдык-семантикалык тобуна гана эмес) бул мезгилге чейин бул “каалайт” маанисин билдирген *to want* этиши киргизилген эмес? Бул маселени карап чыгуу төмөнкүдөй натыйжаларды берди. Биринчиден, бул *to want* этиши модалдык этишке мүнөздүү көп касиеттерге ээ.Биринчиден, ал айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдырат; экинчиден, ал көп учурда жанында аракетти атаган маанилик этиш болушун талап кылат; Үчүнчүдөн, маанилик этиш менен чогуу колдонулганда ал маанилик этишке караганда тарыраак абстракцияланган маанини билдирет жана ал адистешкен модалдык семантиканы туюнтат. Мисалы:

1.*You want to be a good shot, but it is certainly worth trying, murmured Mr Coombes thouyghtully* (Jerome, 2012:56) -«Мында таамайлык керек, бирок, байкап көргөнгө да болот», - мистер Кумбз ойлуу күбүрөндү.

2. *I want to get one of those dogs,» she said earnestly. « I want to get one of the apartment. They’re nice to have – a dog* (Fitzgerald, 2014:40) -«Бул иттердин бирин алгым келет – деди ал. – Ушундай ит менин үйүмдө жашаганын каалайм. Итиң болгон кандай сонун».

Жогоруда келтирилген 1 жана 2-мисалдарда *to want* англис этиши модалдык топтогу этиштерге мүнөздүү белгилерди көрсөтөт. Биринчиден, ал айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдырат: 1) *want – to be* 2) *want – to get.* Экинчиден, ал өзүнө процессти туюндурган маанилик этишти инфинитивдик формада инфинитивдик *to* бөлүкчөсү менен (to be, to get) кошуп алат. Үчүнчүдөн, маанилик этиш (to be, to get) менен чогуу колдонулгандагы анын мааниси маанилик этишке караганда көбүрөөк абстракциялангандыктан, лексикалык жактан тар маниге айланат. Төртүнчүдөн, ал, башка бардык модалдык этиштер сыяктуу эле, айтуучунун кандайдыр бир аракетке карата пикирин камтыган адистешкен семантиканы чагылдырат. Мындай касиеттерге ээ болгонуна карабай, ал этиш герман тилдеринин модалдык этиштерине мүнөздүү башкы касиетке ээ эмес.

Каалангандык” жалпы категориалдык семантикасына жана “каалайт” таяныч маанисине ээ модалдык этиштер катышкан модалдык сөз

айкаштарынын семантикалык структурасы, биз талдап чыккан “жөндөмдүү” жана “милдеттүү” таяныч маанилерине ээ модалдык сөз айкаштарынын семантикалык структураларындай эле, үч түрдүү семантикалык компоненттер: архисемалар, дифференциялоочу семалар жана потенциалдуу семалар аркылуу аныкталат. Аталган семантикалык структуранын эң жогорку жагында “айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси” деп аныкталуучу архисема жайгашкан. Бул архисема “жөндөмдүү”, “милдеттүү” жана “каалайт” таяныч маанилерине ээ функционалдык-семантикалык топтордогу бардык модалдык этиштер үчүн жалпы болуп саналат.

Бул учурда ал “каалайт” таяныч маанисине ээ модалдык этиштер (англис тилиндеги *may* (өткөн чактагы формасы might) жана немис тилиндеги: *dürfen, möggen, wollen* катышкан модалдык сөз айкаштарынын семантикасындагы иерархиянын чокусунда жайгашарын төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот:

5) *You may take the article* (Akmataliev, 1991:96) - «Бул макаланы алсаңыз болот».

6) *You might carry the parul for me», insisted his customer nervously* [Meyer, 2009:118] -“Сен менин баштыгымды көтөрүп алсаң болмок”, - кардар кыжаалаттана талап кылды.

7) *Der realistische Ausgangspunkt wird dann mehr und mehr zur wo die Leser natürlich nicht immer alles wortwörtlich nehmen dürfen, sondern auch einmal lachen sollen – und nachdenken: Was ist das nicht so?* [Hagemann, 2001:5] -Реалисттик баштапкы чекит сатирага көбүрөөк ыктаганынын себеби: окурмандар бардыгын, албетте, түздөн-түз кабыл албайт, бирок күтүүсүздөн күлө башташат – анан ойлонуп калышат: Чынында, бул жерде эмнеси туура эмес?

8) *Unser Kapitän war tot, Säbel und Eisennägel verwandelten seine Augen in gehärtetes Glas, er ist der Haupt, und wir sollen nicht laut sprechen, aus Angst.* [Hauff, 1981:26] -Өлгөн, мачтага темир мыктар менен кагылган капитан бизге өзүнүн айнектей катып калган көздөрүн буруп карабасын, же өлгөндөрдүн кайсы бири бизге башын бурбасын деп коркуп, катуу үн чыгарып сүйлөшкөн жокпуз.

9) *«Was wollt ihr?» du denkst wirklich, dass ein Mann auf einem Pferd gekommen ist, um dich anzugreifen»* [Hauff, 1981:6] -“Силер эмнени каалайсыңар? - согушчудай түрдө тосуп алып жаткандарды көрүп, атчан кыйкырды, – эмне, жалгыз адам силердин кербениңерге кол салат деп ойлоп жатасыңарбы?

Жогоруда келтирилген англис жана немис тилдериндеги мисалдарда “каалайт” таяныч маанисине ээ модалдык сөз айкаштары иерархиясынын чокусунда “айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси” архисемасы жайгашкан семантикалык структураны чагылдырат: бул архисема “каалангандык” жалпы категориалдык семантикага ээ мамилени туюнтат жана төмөнкүдөй айкашта ишке ашат: “каалайт” таяныч маанисине ээ модалдык *этиш + толук маанилүү этиш: 5) may+take, 6) might+carry, 7) dürfen+nehmen, 8) mochte unwenden.* Модалдык сөз айкашы өзүнүн семантикасын өткөн чакка багытталган тилек ыңгайдын семантикалык оттеногу аркылуу кандайдыр бир деңгээлде татаалдаштырат.

Бирок «айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасы англис жана немис тилдериндеги биз карап жаткан модалдык этиштердин бардыгы үчүн жалпы болсо, «аракетти аткаруунун каалангандыгы (каалайт)» дифференциялоочу семасы бул касиетке ээ эмес. Дал ушул дифференциялоочу сема интеграциялоочу семантикалык категория катары аталган «каалайт» таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык топтун аныкталышына негиз катары кызматына карата төмөндөгү мисалдарды келтирүүгө болот:

9) *«The work may require much time», he repeated* (Fitzgerald, 2011:153) - «Жумуш көп убакыт талап кылышы мүмкүн», - ал кайталап айтты.

10) *They might come to London in the summer* (Gilford, 1994:82) -Алар Лондонго жайында келиши мүмкүн.

Жогоруда келтирилген мисалдардын бардыгында *10) may reguire, 11) might come, 12) darfst haben, 13) mochten stellen, 14) wollte (nicht) behalten* – көрсөтүлгөн модалдык этиштер катышкан модалдык сөз айкаштарынын семантикалык структураларында модалдык этиштердин бүткүл классынын

деңгээлинде ишке ашуучу жана алардын айырмалоочу белгиси болуп саналган «айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасы камтылат. Бирок модалдык этиштердин бул «каалайт» таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык тобунун дал өзүн айырмалоочу, модалдык сөз айкаштарынын семантикалык структурасындагы дагы бир айырмалоочу белги кайсы бир деңгээлде, бирок ушул функционалдык-семантикалык топ үчүн жалпы болуп саналат жана бул топтун модалдык этиштерин «мүмкүн» жана «милдеттүү» таяныч маанилерине ээ модалдык этиштерден айырмалап турат. Бул айырмалоочу семантикалык белгини биз «аракетти аткаруунун каалангандыгы (каалайт)» дифференциялоочу семасы деп атайбыз.

Жогоруда келтирилген мисалдардын баарында, англис тилиндеги 10*) may require,* 11) *might come* жана немис тилиндеги 12) darfst haben, 13) möchten stellen и 14) *wollte (nicht) behalten* сөз айкаштарында дал ушул аталган дифференциялоочу сема камтылат, ал «мүмкүн» жана «милдеттүү» таяныч маанилерине ээ модалдык этиштерде жана модалдык сөз айкаштарында болбойт.

Модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкаштарынын семантикалык структурасынын иерархиясынын эң төмөнкү деңгээлинде потенциалдуу сема жайгашат, мындай сөз айкашынын ар биринде бир нече потенциалдуу сема болушу мүмкүн, бирок алар ошол эле учурда дизъюнктивдүү мүнөздөгү семантикалык компоненттер болуп саналышат, бул дегенибиз бир нече потенциалдуу семадан конкреттүү кептик кырдаалда бир гана сема ишке ашарын, калганы потенцияда, б.а. запаста каларын билдирет. Мисалы, *may* (өткөн чактагы формасы *might*) англис модалдык этишинде үч потенциалдуу семаны бөлүп алууга болот: 1. «өтүнүч/уруксат» 2. «(аракеттин мүмкүндүгү жөнүндө) божомол» жана 3. «аракеттин мүмкүндүгү (шектенүүнүн күчтүү даражасы менен)». Бул ойду тастыктоо үчүн бир нече мисал келтирели:

15) *Mr. Macnab asked the chairman if he might take the dog with him* (Simms, 1984:329) -Макнаб мырза төрагадан итин кошо ала жүрсө болобу деп сурады.

16) *«You may not find him there», went on the old man querulously* (Hasting, 1991:124) -«Силер аны ал жерден таппай калышыңар мүмкүн» – абышка жактырбай сөзүн улантты.

17) *«If he had been here, he might have helped us», he snapped out* (Meyer, 2009:31) -«Ал бул жерде болгондо бизге жардам бермек» - деди ал кыжырданып.

Англис тилиндеги 15- мисалда *take* «өтүнүч/уруксат» потенциалдуу семасы ишке ашат, ал кырдаалдын структурасынын түздөн-түз чагылышы болуп саналат "... биз кайсы-бир аракетти аткарууга уруксат сураган же уруксат берген учурда колдонулат" [Угарова, 2015:30]. Ошол эле англис тилиндеги 16-мисалда *may (not) find* "(аракеттин мүмкүндүгү жөнүндө) божомол" потенциалдуу семасы ишке ашырылган, ал толук ишенимдүү эмес, алдын ала ой жүгүртүү жолу менен гана сүрөттөлгөн кырдаалдын структурасын чагылдырат [Качалова, Израилевич, 1995:213]. Англис тилиндеги 17-мисалда *might have helped* "аракеттин мүмкүндүгү (шектенүүнүн күчтүү даражасы менен)" потенциалдуу семасы ишке ашырылган. Бул сема *may (might)* этишинин Perfect Infinitive менен айкашуусу аркылуу шартталган жана мындай айкашууда шектенүүнүн чоң өлчөмүн чагылдырат [Беляева, 1977:148]. *Dürfen* модалдык этиши катышкан немис модалдык сөз айкашы төмөнкү потенциалдуу: "колунан келүү (даап баруу, уруксаты болуу (аракетти аткаруу мүмкүндүгү жөнүндө)" семаны чагылдырат. Аталган потенциалдуу семанын ишке ашышынын релеванттуулугун чечмелөө үчүн айрым типтүү мисалдарды келтиребиз:

18*) Ikeda:Darf man den schweigend mit ansehen, wie diese Menschen bei lebendigem Leib verwesen, ohne je wirkliche Menschen geworden sein?* (Aitmatov, Ikeda, 2013:169) -Икеда: Бирок бул адамдар, адамдын тирүү денесинде туруп, иш жүзүндө чыныгы адам эмес экенин унчукпай карап тура берүүгө болобу?

19) *Er war es überhaupt nicht Wert zu zeichnen. Es gibt keinen Grund, warum er dies getan hat: Es hätte als ein nicht anerkanntes Genie angesehen werden sollen* (Plenzdorf, 1976:49) -Ал такыр эле сүрөт тартпай койсо болмок. Эмнеге ал муну

жасаганынын себеби да түшүнүктүү: аны таанылбаган гений катары эсептешкендери керек болчу.

20) *Achten Sie zunächst auf diese Vorsicht und Transparenz des doppelte Aufmerksamkeitszustand», das meditative bewusste Wissen auf individueller und lokaler Ebene. Das „Ensemble“ ist ewig fragmentiert und die Fehler des Ehrgeizes, aber gleichzeitig ist es mit „Ja“ und „Nein“ schlecht, schwarz und weiß, um gut zu unterscheiden sollen* (Gamborg, 1998:103) -Бул “кош көңүл буруунун абалы” баарынан мурда сактыкты жана ачык-айкындыкты медитативдик аңдап-билүүнүн деңгээли, жеке инсандын жана коомдук “мендин” түбөлүк ажырымдалган умтулуусунан көрүнүш, ошол эле учурда дайыма плюстарды жана минустарды, “ооба” менен “жокту”, жакшы менен жаманды, кара менен акты ажырата билүү жакшы.

Немис тилиндеги *durfen* модалдык этиши катышкан модалдык сөз айкашындагы потенциалдуу семаны “(аракетке) ички модалдык укук” деп аныктоого болот. Мындай потенциалдуу семанын ишке ашышын немис тилинен келтирилген 19-мисалындагы *darf (nicht) zeichnen* этиштеринен байкоого болот [Helbig, Buscha, 1974:109-110]. Немис тилиндеги 20- мисалда unterscheiden “(аракеттин мүмкүндүгү жөнүндө) божомол” потенциалдуу семасы ишке ашырылган, ал айтуучунун аракеттин аткарылышын (же аткарылбашын) каалаган, бирок бул аракеттин реалдуу экенине толук ишенбеген позициясын көрсөтөт [Arssenjewa, Gassilewitsch, Sambrushizkaya, 1960:164-165].

Кыргыз тилиндеги модалдуулуктун объективдүү аспектисинин милдеттүүлүгү, объективдүү модалдуулуктун жогоруда аталган бардык сапаттары сүйлөмдө болушу керек жана комплексте берилген сүйлөм-айтымда «каалоо, эңсөө, тилөө» модалдык багыттагы этиштердин үчөөнүн бирөө колдонулган учурда «каалайт» таяныч модалдык маанини бериши керек.

Объективдүү модалдуулуктун иш-аракетин иллюстрациялоо максатында кээ бир мисалдарды келтирели:

А) *Ич, кааласаң. Кармана бил акылды. Карыган чакта жоготпогун башыңды* [Хайям, 1994:117] -Кааласа да каалабаса да Алым байке муктаж болду баардыгын төкпөй-чачпай айтып бергенге [Жакыпов, 1998:24].

Б) *Ким тилебесин төө минип калганды…кыргыздын тукуму эмеспизби* [Дүйшөнбаев, 2015:96].

В)–*Көрдүңбү амалды, болжолу Салмандын камалышы бекеринен эмес, кудайдан тилейли күнөөсү жеңилирээк болсо экен деп.* [Сапарбеков, 2017:251].

Г) *Каранкүн, ушундай күндөр бизден алыс болсо экен деп, канча эңседик эле. Бирок башка түштү*…[Табалдиев, 2012:39].

Кыргыз тилиндеги А) - Д) мисалдарында «каалайт» таяныч модалдык мааниси бар «каалоо, эңсөө, тилөө» модалдык маанидеги этиштер пайдаланылды. Семантикалык өңүттөн алып караганда, берилген үч этиш тең синоним болуп саналат, бирок «каалоо, тилөө» этиштери «эңсөө» этишине караганда азыркы кыргыз тилинде бир кыйла көп колдонулат.

Жогоруда келтирилген бардык мисалдарда «каалоо» [А) жана Б) мисалдары], « тиле» [В) жана Г) мисалдары] жана «эңсөө» [Д) мисалы] толук маанилүү этиштери, айтылып жаткан маалыматты кандайдыр бир тилдик эмес чындыкка ара катышта кылып, жай типтеги сүйлөмдүн баяндоочтук түзүлүшүн уюштуруп тургандай. Этиштик ыңгайга карата болсо, жогорудагы беш мисалдын төртөөндө берилген кыргызча модалдык боёктогу этиштер негизинен коммуникативдик типтеги жай сүйлөмгө таандык болгон баяндоону билдирип турат: А) мисалы: кааласаң, Б) мисалы: кааласаң да, В) мисалы: тилебесин жана Г) мисалы: тилейли. Бирок Д) мисалында: эңседик эле, берилген модалдык багыттагы этиш, «иш аракетти жасоого ниетти, каалоону же каалабагандыкты билдирип» өткөн чактагы каалоо-тилек ыңгайда колдонулган [Биялиев, 2002:226].

Жогоруда келтирилген А) – Д) мисалдары, берилген маанилик модалдык багыттагы этиштерди учур чактагы жеке-этиштик чактар менен ара катыштыруу менен, өзүнүн объективдүү модалдуулугунун бөлүгүн билдирет. А, Б жана В мисалдары келер чакта Г жана Д мисалдары өткөн чакта. Дал ушул,

үч логикалуу: өткөн, учур жана келер чакка багыт алган жеке этиштин чактары иш-аракеттин убакыттагы мүмкүндүгүнө же мүмкүн эместигине басым кылуу менен, тилдик объективдүү модалдуулуктун негизги белгилерин ачык билдирет.

Объективдүү модалдуулуктун материалдык касиети сүйлөмдүн интонациясында гана билинет. А) – Д) мисалдарында көрсөтүлгөн ар бир конкреттүү учурда, айтымдын интонациялык сүрөтү жай сүйлөмдүн интонациялык тибинин жалпы канвасында тургандыгына карабастан, баары бир сүйлөмдөн сүйлөмгө улам айырмаланат: жай жайылган бир тутумдуу (бир баяндооч менен) А, Б жана В мисалдарында, жай эки тутумдуу татаал тең байланыштагы (эки баяндооч менен) Г мисалында жана жай эки тутумдуу татаал тең байланыштагы (эки баяндооч менен).

Эми кыргызча сүйлөмдөрдөгү субъективдүү модалдуулуктун иш аракеттерин түшүндүрүү үчүн бир нече мисал келтирели:

Д) *Бейше байкем да бир эле нерсени абдан каалачы* –К. Баялиновдун *«Ажар» деген китебин табыш жана окуп чыгыш* [Жакыпов, 1998:43].

Е) Өлсөм, барып, досторумду табалбайм,

Чочуйм кайра, калам го деп жаралбай,

Тирүүлүктү <u>тилейличи</u>, өтөөрбүз –

Бул өмүрдү колго кармап калалбай.

Ж) –Айла канча, көчмөн элдин бир эле эңсеген талабы бар, жут болбосо деген [Табалдиев, 2012:84].

Жогоруда келтирилген Е, Ж жана З мисалдарында, милдеттүү объективдүү модалдуулук аспектиси бар, бирок бизди келтирилген мисалдардагы сырдык сөздүн, модалдык сөздөрдүн же бөлүкчөлөрдүн семантикасы аркылуу, киринди-кыстырма лексикалык бирдиктердин, лексикалык сөз айкаштардын семантикасы аркылуу, же болбосо коймо синтаксистик конструкциялардын семантикасы аркылуу билинүүгө тийиш болгон факультативдик субъективдүү модалдуулук кызыктырат.

III бап боюнча жыйынтыктар

1) Иликтенип жаткан тилдик модалдуулук кубулушун функционалдык грамматиканын призмасынан карап, белгилүү окумуштуулар А.В. Бондарко, Е.И. Буляева, Л.А. Бирюлин жана башка окумуштуулардын көз караштарына таянуу менен, тилдик модалдуулук үч функционалдык релеванттуу деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот. 1-жалпы модалдык деңгээлде тилдик модалдуулуктун жалпы категориясы ишке ашырылат, бул деңгээлди аныктаган негизги функционалдык-грамматикалык бирдик – “модалдык граммема”, 2-деңгээл, б.а., субъективдүү жана объективдүү модалдуулуктун деңгээлинде айтуучунун кептин предметине карата субъективдүү жана объективдүү мамилеси ишке ашырылат, бул деңгээлди аныктаган негизги функционалдык-семантикалык бирдиктер – «субъективдүү модалдык синтагмема» жана «объективдүү модалдык синтагмема»; ал эми 3-деңгээл – конкреттештирилген модалдуулук деңгээли. Мында модалдуулук аны чагылдыруучу конкреттүү тилдик бирдиктерге байланыштуу аныкталат. Башкача айтканда, модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, киринди сөздөр, этиштин ыңгайлары, чактары ж.б. бирдиктер өздөрүнүн модалдык маанисин ишке ашырышат.

2) Модалдык этиш кептик кырдаалда обочолонгон түрдө кызмат кылбайт, ал дайыма кайсы-бир маанилик этиш менен айкаша келип, аны менен бирге кандайдыр-бир семантикалык структураны түзөт. Бул семантикалык структурада абстракциялоонун үч деңгээлиндеги семалар өз ара таасир этишет: “айтуучунун айтымга карата мамилесин чагылдыруу” архисемасы, “жөндөмдүү”, “милдеттүү”, “каалайт” дифференциялоочу семалары, ошондой эле кептик кырдаалдын айрым бир аспектилеринин актуалдашуусунун натыйжасында жаралуучу ар кыл потенциалдуу семалар.

3) Герман модалдык этиштеринин синхрондук абалы жана маңызы алардын: 1. Айтуучунун аракетке карата мамилеси; 2. Маанилик этиш менен айкалышы; 3. Абстракцияланган модалдык маанилердин тарышы; 4. Маани берүүчүлүк касиеттин жоктугу; 5. Адистешкен модалдык семантика; 6.

Грамматикалык жактан толук эместик; 7. «Кемтиктүү» семантикалык парадигма өңдүү жети белги-касиети аркылуу аныкталат.

4) Функционалдык грамматика өңүтүнөн алып караганда, бардык англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштер аларды толуктоочу маанилик этиштер менен бирге үч функционалдык-семантикалык топко бириге: 1. «Мүмкүн» таяныч модалдык маанисиндеги (*can – können, lassen*) 2. «Милдеттүү» таяныч модалдык маанисиндеги (*must, ought, need, müssen, sollen*); 3. «Каалайт» таяныч модалдык маанисиндеги (may – dürfen, mögen, wollen).Бул үч функционалдык-семантикалык топтордун баары бирге бир полицентрикалык функционалдык-семантикалык талааны түзүшөт.

5) Функционалдык-семантикалык талаанын борбору эки эле сема менен: «айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси» архисемасы менен жана статусу боюнча бир аз төмөнүрөөк турган дифференциялоочу сема аркылуу аныкталат. Дифференциялоочу сема ар бир функционалдык-семантикалык топто байкалган дизъюнктивдүү көрүнүштөргө ээ. Атап айтканда, эки тилде тең «мүмкүн» таяныч маанисине ээ модалдык этиштерде – «аракетти аткаруу мүмкүндүгү», эки тилде тең «милдеттүү» таяныч маанисиндеги модалдык этиштерде – «аракетти аткаруунун зарылдыгы», «каалайт» таяныч маанисине ээ модалдык этиштерде болсо – «аракетти аткаруунун каалангандыгы» семантикасы туюндурулат.

6) Герман модалдык этиштерин, тагыраак айтканда, алар менен айкалышкан маанилик этиштерди талаанын периферияcына алып чыгуучу потенциалдуу семалардын саны көп эсе жогору: 5 англис модалдык этиши модалдык сөз айкаштарынын курамында 12 потенциалдуу семаны имплициттүү туюнтат, ал эми 7 немис модалдык этиши модалдык сөз айкаштарынын курамында 31 потенциалдуу семаны туюнтат.Бирок англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин ФСТсындагы мындай абал дароо эле түзүлгөн эмес. Мындай абал герман тилдер тобуна кирген эки тилдин карама-каршы багытта, атап айтканда, англис тилинин грамматикалык табиятынын аналитикалык багытка бурулушунун, ал эми немис тилинин грамматикалык

табиятынын флективдүүлүккө багыт алып өнүгүшүнүн көп кылымдык натыйжасы болгон.

7) Башка тилдер сыяктуу эле кыргыз тилинде да модалдуулук экиге бөлүнүп каралат. Атап айканда, объективдүү жана субъективдүү, же башкача айтканда, реалдуу жана ирреалдуу модалдуулук деп экиге бөлүнүп каралып жүрөт. Маселен, реалдуу, же болбосо, объективдүү модалдуулукта айтуучунун айтылып жаткан ойдогу кыймыл-аракеттин аткарылыш же аткарылбашына карата карата объективдүү мамилесин билдирет.

8) Модалдык сөздөр кыргыз тилиндеги маани берүүчү башка сөз түркүмдөрүндөй эле синонимдик жана антонимдик катыштарда келип, ал эми алардын омонимдик катышта келиши, б.а., толук маанилүү этиштер катары жана модалдык сөздөр катары кызмат аткарышын түрк тилдерине, анын ичинен кыргыз тилине мүнөздүү өзгөчөлүк катары кароого болот.

9) Дээрлик баардык эле тилдерде грамматикалык категориялар бири-бири менен тыгыз байланышта болушат да, сүйлөмдөгү берген маанилери боюнча бирин экинчиси толуктап, семантика-функционалдык табияты боюнча бирине бири өтүп турат. Ушул өңдүү эле модалдык сөздөрдүн көпчүлүгү ар кандай сөз түркүмдөрүнөн жасалгандыгын байкоого болот. Кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр да өздөрүнүн морфологиялык курамы боюнча эки топко бөлүнүп каралып жүрөт:

a. 1.нагыз модалдык сөздөр;

b. 2.функционалдык модалык сөздөр.

c. модалдык сөздөрдүн аталган бул түрлөрү бирин экинчисинен лексика-грамматикалык жактан, сүйлөмдө аткарган кызматтары боюнча айырмаланып турушат.

10) Тубаса модалдык сөздөр морфологиялык элементтерге ажырабастан, сүйлөмдүн бир мүчөсүнө гана тиешелүү болбостон, бүтүндөй сүйлөмгө модалдуулук маанисин берип турат.

a. Ал эми туунду модалдык сөздөр уңгуга мүчөлөрдүн уланышы аркылуу жасалып, алар ширелишип кеткени менен, уңгунун лексикалык мааниси

сакталып калган болот: айтмакчы, көбүнчө, көрүнөт, кебетеси, чынында, чамасы, окшойт, сыягы, тескерисинче, айталы ж.б.

11) Модалдык сөздөрдүн синтаксистик табияты да бир катар татаалдашкан маселелерди кучагына алат. Алардын бири катары маани берүүчү сөз түркүмдөргө кирүүчү айрым бир сөздөрдүн модалдык маанини туюндуруп келгендигин мисал келтирүүгө болот. Мындай сөздөрдүн катарына жакшы, дурус, ырас, туура деген өндүү сөздөрдү киргизүүгө болот. Ал эми алардын ар кандай сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара алуу мүмкүнчүлүгү коммуникативдик синтаксистин же синтаксистик семантиканын алкагында каралчу маселелердин катарына турат деген ойдобуз. Биздин жеке пикирибизде, мындай сөздөргө карата “көп кызматтуу сөздөр” (полифункциональные слова) деген аталышты колдонуу орундуу. Анткени бул аталыш алардын лексика-грамматикалык, коммуникативдик табият-өзгөчөлүгүнө шайкеш келет.

12) Англис жана немис тилдериндеги мүмкүндүк жалпы категориалдык семантикасына ээ модалдык этиштердин функционалдык-семантикалык тобуна “жөндөмдүү” таяныч маанисине ээ болгон *can – können, lassen* модалдык этиштер киргизилген. Аталган “жөндөмдүү” таяныч мааниси тилдик модалдуулуктун функционалдык релеванттуулугунун 3чү конкреттештирилген деңгээлинде байкалат. Модалдык этиш тилдик модалдуулуктун дал ушул эң төмөнкү деңгээлинде байкалат, бирок бул конкреттештирилген деңгээлде беймодалдык толук маанилүү этиш менен тыгыз карым-катышта аракет кылат. Айкаша келген маанилик этиш менен бирге англис тилиндеги can жана немис тилиндеги *können, lassen* модалдык этиштери модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкашынын семантикалык структурасын жаратышат, анда семантикалык компоненттердин үч түрү, семалар өз ара иерархиялык байланышта жайгашат: иерархиялык шатынын эң чокусунда “айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси” архисемасы жайгашат, андан төмөн – “аракетти аткаруунун мүмкүндүгү (жөндөмдүү)” дифференциялоочу семасы жана иерархиянын эң төмөнкү бөлүгүндө өздөрү туюнткан түшүнүктүк-

маанилик нюанстарына жараша бири-биринен бирдей деңгээлде бөлүнүп турган потенциалдуу семалар жайгашкан. Англис тилиндеги can этишинде – 1. “жөндөмдүү болуу (жасай билүү)”; 2. “катуу шектенүү (ишенбөөчүлүк); 3. “ыктымалдуулук (божомол)”, ал эми немис тилиндеги können этишинде – 1. “жөндөмдүү болуу (мүмкүндүгү бар болуу)”; 2. “даап баруу (уруксаты болуу)”; 3. “объективдүү божомол”; 4. “билүү, жасай билүү (үйрөтүлгөн болуу), ал эми немис тилиндеги lassen этишинде 3. “аракеттин ыктымалдуулугу”; 4. “(аракетке) түрткү берүү”. Потенциалдуу семалардын дизъюнктивдүүлүгү конкреттүү кептик кырдаалда алардын бири гана ишке ашарынан көрүнүп турат, кептик кырдаалда бирден ашык потенциалдуу сема эч кандай шартта ишке аша албайт.

13) Модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкашынын семантикалык структурасын, биздин мисалыбызда, “аракеттин аткарылыш мүмкүндүгү (жөндөмдүү)” таяныч маниге, б.а. дифференциялоочу семасына ээ сөз айкашынын семантикалык структурасын үч семанын: архисеманын, дифференциялоочу семанын жана потенциалдуу семанын жыйындысы түзөрүнө жана бул семантикалык структура гомогендүү (бир тектүү) кубулуш катары көрүнгөнүнө карабастан, анын структурасы гетерогендүү болуп саналат: архисема жана дифференциялоочу сема модалдык этиштин өзүнөн, ал эми потенциалдуу сема – маанилик этиштен келип чыгат.

14) Модалдык этиш катышкан модалдык сөз айкашындагы маанилик этиштен келип чыккан потенциалдуу семалардын санындагы жана сапатындагы айырмачылыктар биринчи ирээтте аналитикалык англис тили менен флективдүү немис тилинин типологиялык жана грамматикалык түзүлүшүндөгү айырмачылыктар аркылуу шартталган.

15) Англис жана немис тилдериндеги зарылдык жалпы категориалдык семантикасына жана «милдеттүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин функционалдык-семантикалык тобу, мындан мурунку “жөндөмдүү” таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык тобундай эле, модалдуулуктун эң төмөнкү үчүнчү, конкреттештирилген модалдуулук деңгээлинен орун алат. Ал

модалдуулукту чагылдыруунун конкреттүү тилдик каражаттарына жараша аныкталат (тилдик каражаттардын деңгээли: модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, киринди сөздөр ж.б.).

16) Талданып жаткан “жөндөмдүү” таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык топтогу англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштер: *must, ought, need – müssen, sollen* конкреттүү кептик кырдаалда эч качан обочолонгон түрдө колдонулбайт. Ал дайыма өзү менен айкалышкан маанилик этиштин болушун талап кылат, бул учурда маанилик этиштин эксплициттүү түрдө же имплициттүү түрдө катышканы анча маанилүү эмес. Англис же немис тилдериндеги модалдык этиштин бир айтымдын ичинде дайыма башка маанилик этиш менен биргелешип колдонулушу модалдык этиштердин айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдырып, бирок аракеттин өзүн атабагандыгы менен шартталган. Эгер айтуучунун аракетке карата мамилеси, бул жерде “милдеттүү (аракет жасоого)” мамилеси модалдык этиште чагылса, ал эми аракеттин өзүнүн аталышы модалдык этишке багыныңкы абалда айкалышкан маанилик этиш аркылуу ишке ашат. Ошол эле учурда модалдык этиш + маанилик этиш структурасында биринчи компонент туруктуу, ал экинчи компонент өзгөрүлмө болуп саналат, башкача айтканда бул зарылдык жалпы категориалдык маанисине ээ (ошондой эле башка, мисалы, мүмкүндүк жалпы категориалдык маанисине ээ) жана “милдеттүү” таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык топтогу модалдык сөз айкашында үч англис (must, ought жана need) жана эки немис (müssen, sollen) модалдык этиштеринин биринин катышуусу облигатордук (милдеттүү) мүнөзгө ээ, ал эми аталган англис жана немис модалдык этиштери менен чогуу колдонула алуучу маанилик этиштердин санын аныктоо мүмкүн эмес.

17) “Милдеттүү” таяныч маанисине ээ англис, немис модалдык этишинин жана аны менен айкалышкан маанилик этиштин семантикалык структурасы бардык герман модалдык этиштеринен мүнөздүү, өтө кеңири объектидеги “айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси” архисемасы менен жана тарыраак семантикалык көлөмдөгү “аракетти

аткаруунун зарылдыгы (милдеттүү)” дифференциялоочу семасы менен, ошондой эле бир катар потенциалдуу семалар менен (алардын саны 15ке жетет) аныкталат.

18) “Айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси” архисемасынын чоң семантикалык көлөмү, ошондой эле “аракетти аткаруу зарылдыгы (милдеттүү)” дифференциялоочу семасынын салыштырмалуу чоңураак семантикалык көлөмү бул “милдеттүү” таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этишти бөлүп алууга жана аны зарылдык жалпы категориалдык маанисиндеги ФСТнын борборуна киргизүүгө мүмкүндүк берет. Мындай учурда модалдык этиш менен айкалышкан ар бир маанилик этиш аталган талаанын периферияcында калат, анткени анда камтылган потенциалдуу сема кеңири категориядагы семантикалык компонент болуп саналат.

19) Бул зарылдык жалпы категориалдык маанисине ээ модалдык этиштердин функционалдык-семантикалык тобун аныктоодогу, ошондой эле аларды колдонуудагы олуттуу айырмачылыктардын себеби кептик предметинин жекече белгилерин кайсы бир деңгээлде көрсөткөн потенциалдуу семалардын аймагында камтылган. Англис тилиндеги *must, ought, need* модалдык этиштеринин ар бири маанилик этиштер менен айкалышканда экиден потенциалдуу семаны билдирсе, немис модалдык этиши *müssen* үч потенциалдуу семаны, *sollen* модалдык этиши алты потенциалдуу семаны туюнтат.

20) Англис жана немис тилиндеги каалангандык жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине ээ функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштерге биз англис тилиндеги *may (might*) жана немис тилиндеги *dürfen, mögen, wollen* этиштик лексемаларын киргиздик. Бул модалдык этиштер айтуучу кептин предметине карата кайсы бир аракетти аткаруу ниетин билдирген учурдагы кептик кырдаалдарда колдонулат. Айтуучунун мындай ниети тилдин ички структурасында эң жалпы пландагы “айтуучунун сөз болуп жаткан аракетке карата мамилеси” архисемасына

айландырылат. Ал модалдык этиштин өзүнөн келип чыгып, тилдик семантикада модалдык этиш менен айкашкан жана модалдык этиш менен бирге семантикалык жактан байланышкан бир модалдык сөз айкашын түзгөн маанилик этишке да таралат. Бул бардык модалдык этиштер үчүн жалпы болгон архисемадан сырткары "каалайт" таяныч маанисине ээ модалдык функционалдык-семантикалык топ өзүнө гана таандык дифференциялоочу семага, атап айтканда, "аракеттин аткарылышынын каалангандыгы (каалайт)" семасына ээ. Ал сема аны башка функционалдык-семантикалык топтордон айырмалап турат. Англис тили өзүнүн өнүгүшүндө өз флексияларынын басымдуу көпчүлүгүн жоготуп алган, ошондуктан потенциалдуу семалар англис тилинде флексиялар менен эмес, модалдык этиштердин негиздери аркылуу туюнтулат.

21) Кыргыз тилинде болсо берилген «милдеттүү» таяныч модалдык мааниси «-ыш керек» аналитикалык этиштик конструкция жана «муктаж, мажбур, милдеттүү» толук маанидеги лексикалык бирдиктер муктаж болуу, мажбур болуу, милдеттүү болуу жардамчы этиши менен бирге колдонулуучу үч аналитикалык конструкцияда берилет. Мындай аналитикалык конструкциялар объективдүү типтеги модалдуулукту гана билдирет. Кыргыз тилинин сүйлөшүү тилиндеги, ошондой эле адабий тилдеги күнүмдүк кептик практикасы мындайча, дээрлик бардык берилген «милдеттүү» таяныч модалдык маанилүү сүйлөм-айтымдар өзүнө субъективдүүлүктү гана билдирген ар түрдүү модалдык бөлүкчөлөрдү *гана, деле, дал, өтө* ж.б., модалдык сөздөрдү *арийне, чынында, имиш, сыягы* ж.б., ошондой эле ар кандай сырдык сөздөрдү, киринди-коймо сөз айкаштарын, ал тургай жайылган синтаксистик конструкцияларды камтыйт. Жыйынтыктап айтканда, «-ыш керек; муктаж болуу, мажбур болуу, милдеттүү болуу» аналитикалык-синтаксистик бирдиктери кыргыз тилинин системасында ашыкча объективдүү-субъективдик модалдуулукту ишке ашырса, ошол эле учурда англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштери *must, ought, need, müssen жана sollen* сүйлөмүнүн түзүлүшүндө объективдүү модалдуулукту реализациялайт

ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Изилдөөдө талданган материалдар, түрдүү фактылардын салыштыруулары, булардан алынган жоболор бир нече тыянак чыгарууга негиз боло алат.

1. Англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштерди салыштырып изилдөө процессинде биз аталган тилдердеги модалдык этиштерди мындай иликтөө жалпы, салыштырма жана герман тил илимдеринде актуалдуу жана жаңы изилдөө гана болбостон, зарыл жана максаттуу изилдөө катары мүнөздөлөрүнө ынандык.

2.Англис, немис жана кыргыз тил илиминде модалдык этиштер проблемасы өзүнчө изилдөөчүлүк подходдорго ээ: мисалы, англис тил илиминде адамдын өз айтымына карата нукура эрктик мамилесине көбүрөөк көңүл бурулат, муну окумуштуу-лингвисттердин эмгектеринен ачык байкоого болот: Anderson Y, (1971), Benesova E. (1972), Boyd Y, Thorne g.p. (1969), Diver W. (1964), Ehrman M.E (1966); ал эми немис тил илиминде мындай иликтөөлөрдө модалдык этиштин мазмунунун объективдүү чындыкка карата мамилесине көбүрөөк көңүл бурулат, ошол эле учурда мында модалдык этиштер теориялык грамматикалардын морфологиялык классынын бөлүктөрүнө жайгаштырылат: Flaming W. (1971), Helbig, Buscha Y. (1974), Yung W. (1971), Moskalskaja O.I. (1971), Schendels E. (1988). Мындай эки подходду: адамдын өз айтымына карата эрктик мамилесин жана модалдык этиштин мазмунунун объективдүү чындыкка карата мамилесин бириктирүү, эч кандай шектенүүсүз, бул изилдөөнүн зарылдыгын жана максаттуулугун ачык көрсөтүп турат.

3. Ишибизде герман аналитикалык англис тилиндеги жана герман флективдүү немис тилиндеги модалдык этиштерди салыштырма планда изилдөө, ошону менен бирге бул маселени диахрониялык аспектиде (модалдык этиштер классынын өнүгүш тарыхынын маселелерин иликтөө) жана

синхрониялык аспектиде (модалдык этиштердин бул классынын учурдагы абалынын маселелерин иликтөө) жүргүзүү максаты коюлган.

4. Биз ишибиздин алдына коюлган максат аткарылды деп эсептейбиз, анткени максатка жетиш үчүн коюлган милдеттердин бардыгы толук аткарылды жана чечмеленди.

Атап айтканда, изилдөө ишибиздин биринчи бабында модалдуулук категориясынын концептуалдуу, өзөктүү маселелеринин жалпы тил илиминде, лингвистикалык түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениши иликтенип, төмөндөгүдөй бир катар конкреттүү тыянак-натыйжалар алынды:

5. Жалпы тил илими жаатында модалдуулуктун изилденишинин узак мезгилди камтыган өзүнүн тарыхы бар. Модалдуулук категориясы кайсы өңүттөн каралып жаткандыгына байланыштуу ага карата бири экинчисин танган, карама-каршы, парадоксалдуу көз караштар жаралгандыгы тил илиминин тарыхынан белгилүү. Анткени модалдуулук түшүнүгү категория катары толук калыптанып, XX кылымдын 50-жылдарынан тартып атайын изилдөөлөрдүн объектисине айлана электе эле, бир жагынан, синтаксистик, экинчи жагынан, логика-грамматикалык категория катары сүйлөмдүн теориясынын алкагында каралып келген.

6. Ш.Баллинин көз карашына таянуу менен, бир катар орус окумуштуулары өз изилдөөлөрүндө модалдык маанинин негизин түзүп турган белги катары айтымдын коммуникативдик формасын бөлүп көрсөтүшкөн. Маселен, коммуникативдик жана субъективдүү-баалоочулук (субъективно-оценочная) модалдуулук деп бөлүп караса, Э.Бенвенист модалдуулуктун формалары сүйлөөчүнүн негизги позицияларын туюндуруучу буйрук, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр аркылуу реализацияланары туурасында пикирин сунуштаган. Мындан тышкары орус тил илиминде модалдуулук категориясы жана аны туюндуруучу каражаттар А.А.Шахматов, А.М.Пешковский, В.В.Виноградов, В.З.Панфилов, Г.А.Золотова, Т.М.Ломтева, О.Л.Кочеткова өңдүү окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган. Ошондой болсо дагы модалдуулук категориясын ар тараптуу, кенен изилдөөгө алган

окумуштуулардын сап башында академик В.В.Виноградов тургандыгы белгилүү.

